478

Аң-сезим
Ал-Ваъй
الوعي
Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, зуль-каъда 1447-х. – май 2026-м.

Ал-Ваъй сөзү

# Америка жана Кытай: дүйнөлүк тартипти кайра калыптандырууга карай баратабы?



## Жетекчиликтин бузулушу: мамлекеттердин кыйроосу, цивилизациялардын чириши жана ыдырашындагы акыркы баскыч (Трамп башындагы Америка мисалында)

## Кыянаттык доору жүрөгүңдү уурдап кетишине жол бербе: алсыздыктан Халифалыкка чейинки жол

## Шариятты колдонууга чакыруу жана Халифалыкка даават кылуу фарз болуп саналат. Бул милдет муундан муунга өткөрүлсө да, үзгүлтүксүз аракетти талап кылат

## Чоң Жакынкы Чыгыш аймагындагы мусулман жерлерине сойлоп кирген жыланды - Америка аскерий базаларын жок кылгыла!

## Таң атуу түндүн эң караңгы көз ирмеминен кийин болот

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 уруксаты менен чыгарылат

www.al-waie.org Subjects@al-waie.org

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Америка жана Кытай: дүйнөлүк тартипти кайра калыптандырууга карай баратабы? .................................................. 3

– Жетекчиликтин бузулушу: мамлекеттердин кыйроосу, цивилизациялардын чириши жана ыдырашындагы акыркы баскыч (Трамп башындагы Америка мисалында)....................................... 17

– Чоң Жакынкы Чыгыш аймагындагы мусулман жерлерине сойлоп кирген жыланды – Америка аскерий базаларын жок кылгыла! ..... 30

– Таң атуу түндүн эң караңгы көз ирмеминен кийин болот.......... 43

– Кыянаттык доору жүрөгүңдү уурдап кетишине жол бербе: алсыздыктан Халифалыкка чейинки жол ....................................... 48

– Шариятты колдонууга чакыруу жана Халифалыкка даават кылуу фарз болуп саналат. Бул милдет муундан муунга өткөрүлсө да, үзгүлтүксүз аракетти талап кылат.................................................. 54

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары***..................................... 58

– ***Куръани Карим сабагында*** ...................................................... 65

– ***Бейиш бактары:*** Улуу сахаба Зул-Бижадайн ........................... 70

– Зул-Хижжа айынын алгачкы он күнү жана Акаба байъаты ....... 73

– ***Соңку сөз:*** Дүйнөнүн ачкычтарына ээ болгон үммөт… көз карандылыкты өжөрлүк менен уланткан башкаруучулар .............. 78

– (Израил)дин өзөктүк куралын ачыкка чыгаруу боюнча Американын талабы… жаңылыш баалоодон кооптонуубу? ..........79

بسم الله الرحمن الرحيم

# АМЕРИКА ЖАНА КЫТАЙ: ДҮЙНӨЛҮК ТАРТИПТИ КАЙРА КАЛЫПТАНДЫРУУГА КАРАЙ БАРАТАБЫ?

**Инженер Висам Аль-Атраш**

Өткөн кылымдын токсонунчу жылдарында Советтер Союзу кулап, бир уюлдуу доор пайда болгондон бери Америка Батыш лагерин жетектөө аркылуу Россияны алсыратууга, анын айланасын курчоого жана аны регионалдык да таасири жок мамлекетке айландырууга аракет кылды. Ошондуктан ал Россиянын өзөктүк арсенал таасирин жана континенттер аралык ракеталарынын күчүн жокко чыгарууга умтулду. Ошондой эле анын айланасында чыр-чатактарды чыгарып, акыры аны Украинага кеңири масштабдагы басып кирүүгө түрткөн жолду түздү.

Экинчи тараптан Америка Кытайды да тизелетип, аны Улуу Кытай дубалынын артына кайтарууга аракет кылды. Ал Кытайга чоң соода базары катары гана карап, андан сөзсүз пайда алуу керек деп эсептеди жана тарбияланып, көзөмөлгө алынышы керек болгон зор калкка ээ ири күч катары көрдү. Бирок ошого карабастан, Кытай өзүндөгү күч жана мүмкүнчүлүктөрдүн аркасында регионалдык улуу мамлекетке айланды. Ал БУУнун Коопсуздук Кеңешинде вето укугуна ээ болуп, улам өсүп жаткан регионалдык таасири жана амбициялары менен айырмаланды. Бүгүн болсо ал улуу мамлекет болуунун бардык шарттарына ээ болгон экономикалык күчкө айланды.

Кытай акыркы убактарда көп айтылып жаткан Америка империясынын кыйроосу фонунда дүйнөлүк тартипти жалгыз жетектөөдө Американын ордун басып, альтернатива катары көтөрүлө алабы? Же көптөгөн ойчулдар жана талдоочулар белгилегендей, биз көп уюлдуу дүйнөгө карай баратабызбы?

Советтер Союзу доорунда кеңири тараган «суук согуш» түшүнүгү Америка менен Кытайдын ортосундагы мамиленин табиятын чагылдыра алабы? Же болбосо бажы салыктары маселеси чоң талкуу жаратканына карабастан, экөө дүйнөлүк тартипти кайра калыптандыруу жолунда бара жатышабы?

Бул суроолорго жооп берүүдөн мурун, эл аралык майданда болуп жаткан өзгөрүүлөрдү XX кылымды башкарган салттуу түшүнүктөрдүн

негизинде карасак, так жыйынтыкка келе албайбыз. Ал убакта бири-бирине карама-каршы турган эки уюлдун ортосунда темирдей мабдаий дубал жана дээрлик толук экономикалык тосмо, эки уюлдуу формадагы «кансыз согуш» түшүнүгү турган. Анткени азыркы көрүнүш үстөмдүк кылган бир уюлдун кутүүсүз же катуу кулашын билдирбейт. Балким, 1991-жылдан кийин калыптанган бир уюлдуу түзүмдүн акырындык менен эскиришин жана белгилери толук калыптана элек жаңы тартипке жай өтүүнү чагылдырат. Бул тартипте күч борборлору бири-бири менен аралашып, таасир этүү каражаттары экономика, технология, аскердик күч жана кыйыр согуштар арасында бөлүштүрүлөт. Бул тууралуу төмөндө кеңири сөз болот.

Бул өзгөрүүнүн чордонунда үч чоң чөйрө турат. Алар Иранды стратегиялык тоскоолдук жаратуучу күчкө жана эл аралык айырмачылыктардын борборуна айландырган себептер менен түздөн-түз байланыштуу. Ошондой эле алар мурда кездешпеген жаңы формадагы «кансыз согуштун» пайда болушуна шарт түздү.

«Акса ташкыны» Жакынкы Чыгыш үчүн жүрүп жаткан эл аралык күрөштө тарыхый бурулуш болду. Ал яхудий түзүмүн колдогон бир уюлдуу үстөмдүктүн чыныгы жүзүн дүйнөгө көрсөттү. Ошол эле учурда удаалаш окуялар бул үстөмдүктү аймактагы көп фронттуу алсыратуу согушунун баткагына батырды.

2014-жылы «Кассам» бригадалары өз тарыхындагы эң чоң аскердик парадды өткөрүшкөн. Анда биринчи жолу учкучсуз учуучу аппараттар, деңиз атайын бөлүктөрү жана жаңы ракета менен снаряддар көрсөтүлгөн. Бирок Абу Убайданын Иранга жолдогон ыраазычылык сөзү ошол кезде айрымдар түшүнбөй калган негизги билдирүү болгон.

Биз сөз кылып жаткан үч чөйрө төмөнкүлөр: Кытай менен Ирандын ортосундагы кыйыр колдоо тармагы; Россия менен Ирандын ортосунда улам күчөп жаткан аскердик-техникалык альянс; Батыштагы стратегиялык изилдөө борборлорунун баяндамаларында чагылдырылган Америка күч-кубатынын чектери.

**Кытай жана Иран: дүйнөлүк тартиптин ичиндеги түзүмдүк кубаттуу алака**

Кытай менен Ирандын ортосундагы мамиле эл аралык өз ара аракеттенүүнүн жаңы үлгүсүнө мисалы боло алат. Бул түздөн-түз аскердик альянс эмес, тескерисинче, дүйнөлүк тартиптен сыртка чыкпастан, анын ичинде иш алып барган үнсүз кубаттуу алаканын бир формасы болуп саналат. Муну эки өлкөнүн ортосунда 2021-жылдын март айында кол коюлган Комплекстүү стратегиялык өнөктөштүк келишими бекемдейт. Бул 25 жылдык кызматташтык алкагы болуп, экономикалык жана коопсуздук тармагындагы мамилелерди күчөтүүнү

көздөйт. Анын алкагында Бээжин мунай, газ жана инфраструктура тармактарына 400 миллиард доллар көлөмүндө инвестиция салууга милдеттенет. Мунун ордуна ал Ирандан туруктуу жана арзандатылган баада мунай алып турат. Бул болсо Американын санкцияларына каршы күрөштө Иран үчүн куткаруучу булак болуп берет.

Башка тараптан алганда, Американын Энергетикалык маалымат башкармалыгынын маалыматтары Иран мунайынын Азия базарларына, өзгөчө Кытайга карай агымы ортомчулардын татаал тармактары жана санкцияларды айланып өтүү механизмдери аркылуу уланып жатканын көрсөтөт. Бул агым жөн гана соода алмашуу эмес, тескерисинче, Иранга Батыш басымдарына карабастан каржылык туруктуулуктун эң төмөнкү деңгээлин сактап калууга мүмкүндүк берген маанилүү экономикалык тең салмактуулук элементи болуп эсептелет. Муну менен катар, Американын Каржы министрлигинин баяндамаларында электрондук компоненттерди жана кош багыттуу технологияларды жеткирүү тармактарынын бар экени айтылат. Аларга микрочиптер, байланыш жабдуулары жана навигациялык системалар кирет. Бул технологиялар кайрадан салттуу эмес аскердик мүмкүнчүлүктөрдү, айрыкча учкучсуз учуучу аппараттарды өнүктүрүүдө колдонулат.

Бул жерде көңүл бура турган жагдай: процесс түздөн-түз курал жеткирүү аркылуу эмес, жарандык жана аскердик колдонуу ортосунда технологиянын өтүшүнө мыйзамды түздөн-түз бузбастан мүмкүндүк берген көмүскө жеткирүү чынжырлары аркылуу ишке ашууда.

Ошондой эле америкалык аткаминерлер The New York Times гезитине билдиргендей, кытайлык компаниялар Иранга жарандык да, аскердик да максаттарда колдонууга жарактуу кош багыттуу материалдарды жөнөтүшкөн. Алардын айтымында, Кытай Иранга байланыштуу согуш маселесинде этият саясат жүргүзүп, көп сандаган максаттары болгондуктан кескин позиция карманган эмес.

Технологиялык деңгээлде болсо, Стратегиялык жана эл аралык изилдөөлөр борборунун отчётторунда көрсөтүлгөндөй, Кытайдын «Бэйдоу» навигациялык системасынын кеңейиши дүйнөлүк күч түзүмүндөгү тереңирээк өзгөрүүнү чагылдырат. Анткени навигациялык системалар мындан ары бир гана системанын монополиясында калган жок. Тескерисинче, алар көп уюлдуу мейкиндиктин бир бөлүгүнө айланып, дүйнөлүк деңгээлде технологиялык мүмкүнчүлүктөрдү түздөн-түз тирешүүсүз кайра бөлүштүрүүгө шарт түзүүдө.

Бул алкакта, Кытай Иранга Булуң аймагындагы америкалык аскердик буталар тууралуу спутниктен тартылган сүрөттөрдү бергенин ырастаган америкалык чалгындоо баяндамалары туура болобу же туура болбойбу, баары бир Кытайдын ролун Иранга түздөн-түз аскердик

колдоо көрсөтүү катары түшүнүүгө болбойт. Тескерисинче, бул дүйнөлүк күч түзүмүн өзүнүн ичинен акырындык менен кайра калыптандыруу катары каралышы керек. Мында космостук коммерциялык технологиялардын кош багыттуу элементке айланып жатканын да белгилеп кетүү зарыл. Анткени мындай технологиялар татаал регионалдык жаңжалдар чөйрөсүнө интеграцияланышы мүмкүн. Бул болсо аймактагы чалгындоо жана операциялык аң-сезимдин табиятын кайра түзүп, аскердик операциялардын тактыгына таасир этет. Балким, дал ушул фактор Иранга согуш башталгандан бери америкалык аскердик объекттерде жайгашкан 228ден ашуун имаратка же жабдууга зыян келтирүүгө жана аларды жок кылууга жардам бергендир. Бул тууралуу The Washington Post гезитинин талдоолорунда айтылган.

Ошентип, эки өлкөнүн ортосундагы бул алака Ирандын Кытай стратегиясындагы орду менен тыгыз байланышта. Анткени Бээжин менен Тегерандын ортосундагы мамиле «Бир алкак – бир жол» демилгесинин негизги түркүктөрүнүн бири болуп саналат. Иран Борбор Азия менен Жакынкы Чыгышты байланыштырган географиялык түйүн жана энергетика менен соода үчүн өтө маанилүү өткөөл болуп эсептелет.

Бул жагдай Америка өзүнүн кеңейүүчү саясатында таянган стратегиялык муунтуучу чекиттерди көзөмөлдөө теориясы менен түздөн-түз кагылышат. Бул жерде негизги парадокс: Кытай кризиске каршы туруучу күч катары кирген жок, тескерисинче башкаруучу күч катары кирди. Ал күчтөрдүн тең салмагын аскердик жол менен өзгөртүүгө умтулган жок, тескерисинче ага ылайыкташып, аны саясий жактан пайдаланууга аракет кылды. Бул болсо дүйнөлүк тартиптин ичиндеги күч философиясынан айырмаланаарын көрсөтөт.

**Россия жана Иран: саясий жакындашуудан аскердик-өнөр жай интеграциясына чейин**

Эгер Кытай өз таасирин дүйнөлүк экономикалык жана технологиялык түзүм аркылуу жүргүзүп жатса, анда Россия күч түшүнүгүн түздөн-түз аскердик интеграция аркылуу кайра калыптандырып жаткан тараптын эң ачык мисалы болот.

Украинадагы согуш башталгандан бери Москва менен Тегерандын ортосундагы мамиле чектелүү кызматташтыктан аскердик-өнөр жай интеграциясынын өнүккөн үлгүсүнө айланды. Reuters сыяктуу маалымат агенттиктери жана башка эл аралык маалымат каражаттары, ошондой эле Institute for Science and International Security жарыялаган баяндамаларда ирандык «Шахед-136» учкучсуз учуучу аппараттарынын Россия армиясында кеңири колдонулганы айтылат. Кийинчерээк

алардын өндүрүшү Россиянын аймагында, Татарстандын өнөр жай объекттеринде «Герань-2» деген ат менен жергиликтүү деңгээлде жолго коюлган.

Бул өзгөрүү жөн гана жеткирүүдөн биргелешкен өндүрүшкө өтүүнү эмес, мамиленин өз ара пайдалуу кызматташуу деңгээлинен согуштук технологияларды бөлүшүү деңгээлине көтөрүлгөнүн көрсөтөт. Ошол эле абалда Америка Коргоо министрлигинин баяндамалары багыттоо системалары жана электрондук согуш тармагындагы кызматташтыктын бар экенине көңүл бурат. Бул эки тараптын ортосунда жөнөкөй алып-сатуу мамилеси эмес, аскердик билимдин жана тажрыйбанын чыныгы алмашуусу жүрүп жатканын көрсөтөт.

Ошентип, Россия менен Ирандын ортосундагы мамиле классикалык маанидеги мабдаий же саясий альянска караганда, дүйнөлүк тартиптин ичиндеги күч каражаттарын кайра бөлүштүрүүгө багытталган функционалдык аскердик альянс моделине көбүрөөк окшошуп калат. Бул жагдайда Россия президенти Владимир Путин 2022-жылдын 2-февралында Бээжинге жасаган тарыхый сапарды жана анын кытайлык кесиптеши Си Цзиньпин менен болгон жолугушуусун унутпашыбыз керек. Ошол жолугушууда Россия менен Кытай биргелешкен билдирүү жасап, Американын үстөмдүгүнө каршы туруууда алардын позициялары бир экенин жарыялашкан. Ошондой эле алар эл аралык көп уюлдуулукту жактап, эл аралык мамилелерде жаңы доор башталганын билдиришкен.

**Америка жана Кытай: түзүмдүк алсыроо чектеринде уланып жаткан үстөмдүк**

Көптөгөн күч борборлору акырындык менен калыптанып жаткан шартта Америка эл аралык тартиптеги эң күчтүү аскердик жана технологиялык держава катары өз ордун сактап калууга аракет кылууда. Бирок бул үстөмдүк өткөн кылымдын токсонунчу жылдарындагыдай абсолюттук бойдон калган жок. Ошондой эле Американын алсырашы эл аралык окуяларды күзөткөн адам үчүн жашыруун көрүнүш болбой калды.

2022–2024-жылдар аралыгында жүргүзүлгөн RAND Corporation изилдөөлөрүндө жогорку интенсивдүү согуш сценарийлериндеги Американын аскердик милдеттенмелеринин көлөмү менен коргонуу өнөр жайынын өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүнүн ортосундагы ажырым улам кеңейип бара жатканы белгиленген. Бул өзгөчө ок-дарылар жана алыскы аралыкка учуучу ракеталар тармагында байкалууда. Ошондой эле RAND дүйнө «persistent competition below the threshold of war» («согуш босогосунан төмөн деңгээлдеги туруктуу атаандаштык») этабына киргенин белгилейт. Бул өтө маанилүү аныктама. Анткени ал

түздөн-түз согушсуз (өзөктүк кагылышуудан качуу менен) атаандаштык уланып жатканын билдирет. Мындай шартта алсыратуу согушу бул экзистенциалдык күрөшкө катышкан күчтөрдүн акырындык менен эскиришине алып келет. Алардын башында кулап бараткан Батыш цивилизациясынын коргоо желегин көтөрүп жүргөн Америка турат.

Ошондой эле Center for Strategic and International Studies борборунун изилдөөлөрү көрсөткөндөй, учкучсуз учуучу аппараттарды жана арзан баадагы системаларды кеңири колдонууга негизделген заманбап согуштардын табияты Американын жогорку чыгымдуу салттуу аскердик үстөмдүк моделине барган сайын күчтүү басым жасоодо. Мындан тышкары, Америка технология, жеткирүү чынжырлары, космос, жасалма интеллект жана геосаясий таасир сыяктуу көптөгөн тармактарды камтыган кеңири атаандаштыкка туш болууда.

Ушул эле жагдайда Brookings Institution Америка туш болуп жаткан чакырык мындан ары жалаң аскердик мүнөздө эмес экенин белгилейт. Тескерисинче, ал бир эле учурда дүйнө жүзүндөгү кеңири милдеттенмелер тармагын башкарууга байланышкан түзүмдүк маселе болуп калды. Бул Кытай менен атаандаштыктын күчөшү жана Россиянын кайрадан таасирдүү аскердик күч катары кайтып келиши менен коштолууда. Батыштын Россияны Украинадагы сазга батырып алсыратуу аракеттеринин баары майнап берген жок. Ал эми International Institute for Strategic Studies Американын үстөмдүгү дагы эле сакталып турганын белгилейт. Бирок ал эми туруктуу үстөмдүктү кепилдей турган деңгээлде эмес. Тескерисинче, бул үстөмдүк стратегиялык чачырандылыкты дайыма башкара билүү жөндөмүнө көз каранды болгон шарттуу үстөмдүккө айланды.

Башка тараптан алганда, 2026-жылдын май айында жарыяланган The New York Times жана Foreign Policy басылмаларындагы талдоолор эл аралык күч түзүмүндө болуп жаткан өзгөрүүлөр жөн гана бир уюлдуу системанын ичиндеги акырын оңдоолорду эмес, үстөмдүк түшүнүгүнүн өзү жай кайра калыптанып жатканын көрсөткөн тереңирээк белгилерди ачып жатканын көрсөтөт.

Бир тараптан, Американын саясаты тышкы милдеттенмелердин көлөмүн аларды жетиштүү деңгээлде башкаруу мүмкүнчүлүгүнөн ашыра кеңейтип жатканын көрсөтөт. Бул үстөмдүк кылуучу күчтүн барган сайын күчөп жаткан стратегиялык чарчоосун билдирип, салттуу үстөмдүк моделинин натыйжалуулугун чектөөдө. Экинчи тараптан болсо, жумшак күчкө таянуу азайып, анын ордун мажбурлоо каражаттары менен катуу күчтүн ээлеши таасирдин “жагымдуу жана кабыл алынуучу” болуусу алсырап жатканын көрсөтөт. Бул болсо суук согуш аяктагандан бери Америка жетектеп келген либералдык

тартиптин негизги түркүктөрүнүн бирин алсыратууда. Натыйжада Американын элеси акырындык менен эскирип келди. Бул эскирүү Ормуз кысыгы кризисинен кийин эл аралык коомчулуктун көңүлүн өзүнө бурган темпте дагы да ылдамдады. Ошондуктан Германиянын канцлери: «Вашингтон ирандык сүйлөшүүчүлөргө шылдың болду», – деп билдирген.

Ушул чыңалган шартта Американын Иранга карата саясаты узак мөөнөттүү стратегиялык ооздуктоо саясатынын түздөн-түз уландысы катары көрүнөт. 2026-жылдын 2-майында Reuters агенттиги Ак үйдөгү бир аткаминерге таянып билдиргендей, Америка президенти Дональд Трамп Иранга каршы киргизилген блокаданы дагы бир нече айга узартууну сунуштаган. Мунун максаты Ирандын мунай экспортун муунтуп, Тегеранды жаңы келишимге кол коюуга мажбурлоо болгон. Бул багыт Америка тарабынан уланып жаткан басымдардын алкагында келип чыгууда. Ошол эле учурда европалык дипломатиялык баалоолор азыркы абалдын жакын арада чечилбей, узак убакытка созулушу мүмкүн экенин көрсөтүүдө. Ошентип, Трамп аскердик жана дипломатиялык басымдын бардык каражаттарын колдонуп, Иран өкүлдөрү менен акыркы жана ар тараптуу келишимге жетишүүгө үмүт артып келди. Бирок бул аракеттерден эч кандай натыйжа чыккан жок.

Блокаданын узартылышы өзүнчө бир окуя эмес. Тескерисинче, ал жаңжалды башкаруунун куралы катары санкцияларды колдонууга негизделген туруктуу стратегиялык үлгүнү чагылдырат. Бул «боз аймактын» ичинде жүргүзүлөт, башкача айтканда, түздөн-түз аскердик кагылышууга түшпөстөн, мамилелердин акыркы туруктуулукка жетишине жол бербөө саясаты болуп саналат.

Ошого карабастан, Трамп администрациясы Иранга каршы эки түз аскердик операцияга аралашууга аргасыз болду: 2025-жылдын жайындагы «Түнкү балка» операциясы жана 2026-жылдын жазындагы «Даңазалуу каар» операциясы. Бирок бул операциялар да көздөлгөн натыйжаларды бере алган жок. Алар сүйлөшүүлөр аркылуу жетишүүгө аракет кылган максаттардай эле ийгиликсиз болду. Анткени сүйлөшүүлөр көп учурда саясий алдоо жана аскердик бутага алуу процессин жаап-жашыруу үчүн жүргүзүлгөн саясий манёвр болуп калган эле.

Бул удаалаш соккулар Трампты согуштун айынан негизинен кийинкиге жылдырылган саммитке жүзү жараланган абалда Кытайга барууга мажбур кылууда. Бул жерде маалымат каражаттарынын билдирүүлөрүнө караганда, Иран жана Ормуз кысыгы маселеси сүйлөшүүлөрдүн негизги темаларынын бири болот. Башкача айтканда, бул чыңалууну азайтып, талаштарды жөнгө салууга жөндөмдүү

ортомчу катары Кытайдан жардам суроо саммити болот. Бул болсо Жакынкы Чыгыштагы кризистерди башкарууда мурда болуп көрбөгөн олуттуу алсыздыкты көрсөтөт. Ошого карабастан, Дональд Трамп Кытайга болгон сапарын «өтө маанилүү» деп мүнөздөп, «Бээжин менен иштер жакшы жүрүп жатат» деп билдирген. Же болбосо ал Ак үйдө өткөн чакан компаниялардын саммитинде ушундай түр көрсөттү.

Ак үйдүн маалыматына ылайык, сейрек кездешүүчү бетме-бет жолугушуу ушул жылдын 14–15-май күндөрүндө өтүшү пландалган. Ал эми ар түрдүү булактар билдиргендей, Бээжин бул саммитти өзүнүн эң чоң экономикалык жана аскердик атаандашы менен «узак мөөнөттүү туруктуураак мамилени» бекемдөө үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүк катары көрүүдө. Бул тууралуу CNN маалымдаган.

**Заманбап стратегиялык пикир: бир уюлдуулуктан өткөөл баскычка карай**

Бул өзгөрүүлөргө негизинен караганда, болуп жаткан окуялар жаңы «кансыз согуш» эмес экенин көрөбүз. Тескерисинче, ал көп уюлдуу, тармактык формага өтүп жаткан тарыхый өзгөрүү болуп саналат. Бул жаңы форма көбүрөөк ийкемдүү болот жана жабык системага айланып калуу ыктымалдыгы аз. Ошондой эле Чыгыш күчтөрүнүн көтөрүлүшүн жана Батыш күчтөрүнүн салыштырмалуу алсырашынын эл аралык тартип түзүмүн өзгөртүү же анын негиздерин кыйратуу катары мүнөздөөгө болбойт. Эл аралык мыйзамдуулуктун эскириши, эл аралык укукка болгон ишенимдин азайышы жана Гренландия аралы маселесинен кийин Вестфалия союзуна чейин шек келтирилиши да муну өзгөртпөйт. Анткени, капиталисттик системанын ичинде жана анын чегинде жүргөн атаандаштык системанын өзүн өзгөртпөйт жана анын адилетсиз мыйзамдарын жокко чыгарбайт. Тескерисинче, мунун баары аны капиталдын муктаждыктарын камсыз кылган жана чек аралардан ашкан кызыкчылыктарга кызмат кылган капиталисттик система бойдон сактап калат. Ошондой эле бул системанын ишмердүүлүгүнүн начарлашы анын жакын арада кыйрай турганын билдирбейт. Ал болгону анын көрсөткүчтөрү алсырап, адамдардын улам өсүп жаткан муктаждыктарын, атүгүл негизги муктаждыктарын да камсыздай албай калганын билдирет. Бул муктаждыктардын башында азык-түлүк коопсуздугу жана ички коопсуздук турат. Анткени экөө тең ар тараптуу туруктуулукту камсыз кылуунун негизги шарттары болуп саналат.

Адамзат мындай абалга адамдын көйгөйлөрүн адам катары чечкен жана ушул өлүмгө алып баруучу стратегиялык боштукту толтурган Роббаний түзүмдүн көлөкөсүндө гана жете алат.

Аллах Таала айтты:

﴿فَلْيَعْبُدُوا رَبَّ هَذَا الْبَيْتِ * الَّذِي أَطْعَمَهُمْ مِنْ جُوعٍ وَآمَنَهُمْ مِنْ خَوْفٍ﴾

***«Алар мына ушул Үйдүн** (Каабатулланын) **Раббисине ибадат кылышсын! Ал Зат аларды ачкалыктан** (куткарып) **тамактандырды жана кооп - коркунучтан тынч кылды**»*. (Курайш: 3–4).

Бул сапаттык өзгөрүү, биринчи кезекте капиталисттик системанын табиятынан, андан кийин анын ичиндеги Американын саясатынан келип чыккандыктан, эл аралык мамилелердин эң белгилүү теоретиктеринин назарынан сыртта калган жок. Чарльз Краутхаммер «бир уюлдуу учур» жөнүндө айтып, аны туруктуу тартип эмес, өзгөчө тарыхый баскыч катары мүнөздөгөн. Ал эми Фарид Закария дүйнө Америка Кошмо Штаттарынын кулашына эмес, «башкалардын көтөрүлүшүнө» күбө болуп жатканын айткан. Башкача айтканда, дүйнөлүк деңгээлде күч кайра бөлүштүрүлүп жатат деп эсептеген. Ошол эле учурда Грэм Эллисон өсүп келе жаткан күч менен үстөмдүк кылуучу күчтүн ортосундагы түзүмдүк тирешүүнү түшүндүрүү үчүн «Фукидид тузагы» түшүнүгүн сунуш кылган. Ал эми Генри Киссинжер 2023-жылдын аягында көз жумар алдында эң так сүрөттөмөнү берген. Анын пикиринде, эл аралык тартип «өткөөл баскычка» кирген. Анда эски тартип жашап кете албайт, бирок жаңы тартип да төрөлө элек. Ошондой эле Пол Кеннединин улуу державалардын көтөрүлүшү жана кулашы жөнүндөгү көз карашы негизги шилтеме бойдон калууда. Ал пикирин төмөнкүдөй билдирген: «Мамлекеттин аскердик милдеттенмелери анын экономикалык базасы көтөрө ала турган деңгээлден ашып кеткенде, стратегиялык ийгиликсиздик сөзсүз болот».

Балким, дал ушул нерсе Американы акыркы убактарда чет өлкөлөрдөгү аскердик милдеттенмелерин азайтууга түрткөн. Бул НАТОдон чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ишарат кылуу аркылуу көрүндү жана Германия, Италия, Испания сыяктуу Европа өлкөлөрүнөн өз аскерлерин чыгарып кетүүгө даярдык катары бааланууда.

Ошого карабастан, европалыктар Трамптын НАТОдон чыгуу варианты боюнча айткан сөздөрүнүн олуттуу эместигин түшүнүшөт. Анткени Германиянын канцлери Фридрих Мерц көз караштардагы айырмачылыктарга карабастан Американын Түндүк Атлантика альянсындагы негизги тирек экенин билдирип, Вашингтон Германиядагы аскерлеринин санын кыскартарын жарыялагандан кийин Трамп менен болгон чыңалуунун маанисин төмөндөттү.

Мерц Германиянын ARD телеканалына берген маегинде мындай деди:

«Мен дагы эле америкалыктар Түндүк Атлантика альянсындагы эң маанилүү өнөктөшүбүз экенине ишенем».

Капиталисттик түзүм аз сандагы капитал ээлеринин кызыкчылыгына кызмат кылуу үчүн түзүлгөн. Ошондуктан алар элдерди азапка, оор кыйынчылыктарга, согуштарга жана эпидемияларга дуушар кылышты. Элдер талыкпай эмгектенип жатышса да, алардын көргөнү көбүнчө бактысыздык жана азап болду. Бул дүйнө байлыктары тонолгон, эрки тартып алынган жана кадыр-баркы тебеленген абалда кала берет. Бул болсо бүткүл адамзатты азапка салган ушул түзүмдүн кыйроосун кабарлап турат.

Аллах Таала айтты:

﴿قَدْ مَكَرَ الَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ فَأَتَى اللَّهُ بُنْيَانَهُم مِّنَ الْقَوَاعِدِ فَخَرَّ عَلَيْهِمُ السَّقْفُ مِن فَوْقِهِمْ وَأَتَاهُمُ الْعَذَابُ مِنْ حَيْثُ لَا يَشْعُرُونَ﴾

***«Алардан мурдагы*** *(каапыр)* ***кишилер да*** *(өз пайгамбарларына мына ушуга окшош)* ***айла-амалдарды кылышкан эле. Ошондо Аллах алардын*** *(курган айлакерлик)* ***курулуштарын асты-үстү менен көчүрүп салды. Анан, алар*** *(ойлоп чыгарып алган жалган курулуш-түзүмдөрү)****нүн шыбы өздөрүнүн үстүнө кулады жана аларга өздөрү, күтпөгөн тараптан азап келди»***. (Нахл: 26)

Демек, биз азыр чоң державалар саясий жактан бири-бирине теңелип, зарылчылыктын негизинде бири-бирине жакындашып жаткан өткөөл баскычтын алдында турабыз. Бул тууралуу Аллах Таала мындай деген:

﴿بَأْسُهُم بَيْنَهُمْ شَدِيدٌ تَحْسَبُهُمْ جَمِيعاً وَقُلُوبُهُمْ شَتَّىٰ﴾

***«Алар өз араларында күчтүү-кубаттуу,*** *(тактап айтканда, согуш-уруш болбостон туруп, өз-ара күч-кубаттуу экендиктери тууралуу апырта беришет, бирок согуш убагында алар алсыз-коркоктор. Оздорундагы сөздөрүнөн)* ***аларды биримдиктүү деп эсептейсиң,*** *(бирок)* ***жүрөктөрү*** *(ички дүйнөсү)* ***ар түрдүү»***. (Хашр: 14).

Мунун баары Ислам үммөтү башынан өткөрүп жаткан оор толгоо мезгили менен катар жүрүүдө. Бул болсо эл аралык тартипти өзүнүн акыйдасына жана улуу Ислам мабдасынан келип чыккан хазарий көз карашына негиздеп өзгөртүүгө даярдык катары кабыл алуу керек. Анткени ал жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтаруучу үммөт. Ошондой эле капиталисттик мамлекеттерден демилгени тартып алып, адамзатты караңгылыктардан нурга чыгара ала турган саясий жана хазарий альтернативага ээ болгон жалгыз үммөт болуп саналат.

**Корутунду: калыптануу абалында турган, толук бүтө элек дүйнөлүк тартип**

Бул жаңы калыптануунун борборунда дүйнөлүк тартиптеги эң ири аскердик күч жана коопсуздук альянстарынын эң кеңири тармагына ээ мамлекет катары Америка Кошмо Штаттары турат. Алардын башында Түндүк Атлантика альянсы (НАТО) бар. Бирок бүгүнкү бул үстөмдүк суук согуш аяктагандан кийинки мезгилдегидей эмес. Тескерисинче, ал көптөгөн фронттордун чектеринде иш алып баруу аркылуу Американы геосаясий чарчоого жана стратегиялык алсыроого жетелөөдө.

Вашингтон эми бир эле атаандашка каршы турбастан, бир убакта бир нече чакырыктарга туш болууда:

- Согуш талаасын өз желегин көтөрбөстөн калыптандыруу жөндөмүнө ээ болгон экономикалык жана технологиялык ири күч катары Кытайдын көтөрүлүшү;
- Европадагы күчтөр тең салмагына таасир эте ала турган түздөн-түз аскердик оюнчу катары Россиянын кайра кайтып келиши;
- Салттуу мамлекет катары гана эмес, ар түрдүү майдандарга жайылган таасир тармагы катары аракеттенген Иран сыяктуу регионалдык күчтөрдүн ролунун өсүшү;
- Ошол эле учурда Атлантика аралык альянстардын алсырашы.

Бул абал Кытай дүйнөлүк экономиканын жаңы борборуна айланганын билдирет. Ал Америка Кошмо Штаттары менен түздөн-түз аскердик кагылышуу аркылуу эмес, дүйнөлүк экономиканын инфраструктурасын, жеткирүү чынжырларын, технологияларды жана каржы системаларын кайра калыптандыруу аркылуу атаандашууда. Бээжин байланыш долбоорлору, санариптик инфраструктура жана альтернативдүү навигациялык системалар сыяктуу куралдар аркылуу өзүнүн таасир аймагын азыркы тартиптин ичинде кеңейтүүгө аракет кылууда. Ал учурдагы тартиптен чыгып кетүүгө эмес, анын ичинде күчтөнүүгө умтулууда. Ошондуктан Кытайды системанын сыртындагы эмес, анын ичиндеги көтөрүлүп келе жаткан күч катары кароого болот.

Ал эми Россия экономикалык үстөмдүккө эмес, аскердик күчкө, тоскоолдук жаратуу мүмкүнчүлүгүнө жана стратегиялык аймактардагы туруксуздукту кайра өндүрүүгө таянган «тоскоолдук жаратуучу күчтүн» үлгүсүн билдирет. Бул анын Украинадагы түздөн-түз катышуусунан, Сириядагы таасири азайганына карабастан аскердик жайгашуусунан, ошондой эле Ливияда жана Африканын Сахель аймагындагы айрым мамлекеттерде кыйыр таасиринин ар түрдүү формаларынан көрүнөт. Бул таасир чектелген аскердик катышууну, расмий эмес коопсуздук тармактарын жана өзгөрмөлүү саясий таасирди айкалыштырган татаал мүнөзгө ээ.

Ал эми Иран таптакыр башка үлгүнү чагылдырат. Ал өзүндө борбордук мамлекет менен расмий эмес регионалдык тармактын

айкалышын камтыйт. Иран өз чек аралары ичинде гана аракеттенбестен, Иракта, Ливанда, Йеменде жана башка майдандарда саясий жана аскердик байланыштар аркылуу да иш алып барат. Бул аны толук мааниде аймактык оюнчуга айландырат.

Айрыкча Иран менен Булуң аймагынын мисалында Американын стратегиялык логикасы «мамлекетке ээлик кылуу» түшүнүгү менен гана чектелбейт. Тескерисинче, ал кайсы бир регионалдык күчтүн өзүнүн сезимтал географиялык абалын, айрыкча Ормуз кысыгына болгон кыйыр көзөмөлүн, дүйнөлүк энергетика жана соода агымдарына таасир эте ала турган геосаясий басым куралына айлануусуна жол бербөөгө багытталган. Аймактагы башкаруу чынжыры колонизатор күчтөрдүн колунан чыгып, кайрадан үммөттүн колуна өтүп кетиши мындан да коркунучтуу. Анткени анда үммөт иштин тизгинин өз колуна алып, кыска убакыттын ичинде абалды душмандарына каршы түп-тамырынан өзгөртүп жибериши мүмкүн.

Иран түштүк тарабынан Араб булуңуна, Оман булуңуна жана Араб деңизине чыгып, энергия, соода жана ири жаңжалдардын жолдору кесилишкен жерде жайгашкан. Ошол эле учурда анын түндүк тарабында Борбор Азия жана Кавказ менен түз байланыш бар. Бул аймак өтө чоң мааниге ээ. Стратегиялык жактан алганда, бул аймак Россиянын Азия ичкерисине жана Жакынкы Чыгышка карай созулган уландысы болуп эсептелет. Аны Россиядан бөлүп турган деңиздер, океандар сыяктуу табигый тоскоолдуктар да жок.

Ушул эле нерсе Кытайга да тиешелүү. Анткени бул аймак Кытай үчүн арткы дарбаза болуп саналат. Аймак калкынын көпчүлүгү мусулман болгондуктан, Кытай алардын Чыгыш Түркстандагы мусулмандарга таасир көрсөтүшүнөн кооптонот. Дал ушул стратегиялык маанилүүлүгүнөн улам Америка Советтер Союзу кулагандан бери бул аймакка кирүү боюнча пландарды түзгөн. Мунун максаты бир тараптан Россиянын таасирин чектөө болсо, экинчи тараптан Кытайды курчоого алып, анын коңшу аймактарга таасир этүүсүнө бөгөт коюу болгон.

Ушул тең салмактуулуктардын арасында Европа айрыкча Американын басымы жана шантажы күчөп жаткан шартта өзгөчө абалда турат. Европа ири экономикалык күч болуп саналат жана чоң каржылык, өнөр жай мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Бирок ошол эле учурда коопсуздук жагынан НАТО аркылуу Америкага олуттуу деңгээлде көз каранды. Бул жагдай Европаны стратегиялык жактан жарым-жартылай гана толук күчкө айлантат. Ал экономикалык жактан активдүү болгону менен, дүйнөлүк деңгээлде аскердик жана саясий жактан жетишерлик даражадагы күч эмес.

Франция жана Германия сыяктуу айрым мамлекеттер европалык стратегиялык көз карандысыздык түшүнүгүн курууга аракет кылып жатышса да, бул долбоор Европанын ички артыкчылыктарындагы айырмачылыктар жана америкалык коопсуздук калканына болгон түзүмдүк көз карандылык алдында чектелүү бойдон калууда. Бул көрүнүштө Европа салттуу маанидеги көз карандысыз уюл катары көрүнбөйт. Тескерисинче, ал коопсуздук системасы башкалар тарабынан башкарылган шарттагы экономикалык күч болуп саналат. Ошол эле учурда ал ири державалардын ортосундагы күрөштүн кесепеттери кесилишкен негизги майдандардын бири болуп калды. Айрыкча бул энергетика жана Европанын коопсуздугу маселелеринде ачык көрүнөт. Анткени бул эки маселе Украинадагы согуш жана Россия менен болгон мамилелердин кайра калыптанышы менен түздөн-түз байланыштуу. Мунун натыйжасында Европа өзүнүн улуттук коопсуздугуна кеңири мааниде коркунуч туулган абалда калууда.

Бул факторлордун баарын бириктирип караганда, эл аралык тартип мындан ары так эки уюлдуулукка же туруктуу көп уюлдуулукка негизделбегени айкын болот. Тескерисинче, ал өткөөл мүнөздөгү аралаш түзүмгө айланган. Бул түзүмдө: Америка Кошмо Штаттары аскердик жана альянстык борбор катары; Кытай көтөрүлүп келе жаткан экономикалык борбор катары; Россия тоскоолдук жаратуучу аскердик күч катары; Иран тармактык регионалдык оюнчу катары; Европа болсо стратегиялык көз карандысыздыгы толук калыптана элек экономикалык күч катары орун алууда.

Ошентип, биз бири-бири менен тыгыз байланышкан дүйнөлүк тартиптин ичинде күчтүн толук бүтө элек кайра бөлүштүрүү баскычында жашап жатабыз. Мындай шартта абсолюттук үстөмдүк мүмкүн болбой калды, ал эми толук көз карандысыздык дагы ишке аша элек. Тескерисинче, тең салмактуулуктар өз ара көз карандылыктын жана үзгүлтүксүз атаандаштыктын жыш тармагынын ичинде калыптанууда. Биз тарыхый «асылып турган абалга» окшош бир мезгилде жашап жаткандайбыз.

Чындыгында болсо, бул Ислам үммөтү үчүн тарыхый жана алтын мүмкүнчүлүк болуп саналат. Ал аркылуу үммөт тартып алынган бийлигин кайра кайтарып, дүйнөдөгү жетекчилик ролун калыбына келтирип, токтотулуп турган мүмкүнчүлүктөрүн ишке киргизип, адамзатты капитализмдин тозогунан куткара турган жаңы эл аралык тартипти курууга жол ачат.

Жыйынтыктап айтканда, Америка менен Кытай бардык деңгээлдерде жана бардык тармактарда кризиске баткан дүйнөдө жалган цивилизацияны сактап калуу үчүн атаандашып жатышат.

Ал эми дүйнөнүн бардык бурчтарына жакшылыкты жайылта турган рошид Халифалык, Аллахтын уруксаты менен, жакында кайтып келет. Бул саясий вакыйлык ар бир тарабынан көрсөтүп турган тарыхый жана акыйдавий мыйзамченемдүүлүк болуп саналат. Анткени адамзат капитализмдин адашуусунан, бактысыздыгынан жана азабынан куткара турган жол издеп жатат. Ошондуктан Ислам үммөтү Хизб ут-Тахрир жетекчилиги астында Аллахтын уруксаты менен ачык жеңишке жетүү убагына жакындап калды. Ал жеңиш Исра жана Мираж жери болгон жерди яхудийлердин булганычынан бошотмойунча жана Константинопол сыяктуу Римди да фатх кылмайынча толук болбойт.

﴿وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ * بِنَصْرِ اللَّهِ يَنْصُرُ مَنْ يَشَاءُ وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ﴾

***«Ошол күндө момундар Аллах жеңишке ээ кылгандыгы себептүү шаттанышат.** (Аллах) **Өзү каалаган кишисин үстөм кылат. Ал кудурет жана ырайым ээси»***. (Рум: 4–5). ❑

# ЖЕТЕКЧИЛИКТИН БУЗУЛУШУ: МАМЛЕКЕТТЕРДИН КЫЙРООСУНДАГЫ ЖАНА ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРДЫН ЧИРИШИНДЕГИ АКЫРКЫ БАСКЫЧ
## (Трамп башындагы Америка мисалында)

**Мунажи Мухаммад**

Улуу мамлекеттердин жана үстөмдүк кылган цивилизациялардын жогорулашы менен кулашын жөнгө салган мыйзам ченемдүүлүктөр бар. Бул тууралуу Батыштын светтик материалисттик талдоолору да бар. Алардын эң белгилүүлөрү – британиялык тарыхчы Арнольд Тойнбинин теориясы. Ал цивилизациялардын кулашы ички жактан башталат деп эсептейт. Бул чыгармачыл элитанын чакырыктарга жооп берүүдө ийгиликсиздиги анын зулум бийликке айланышынын натыйжасы болуп эсептелет. Натыйжада көпчүлүк эл андан баш тартып, коомдук биримдик ыдырайт жана ички бөлүнүү күчөйт. Ошондон кийин цивилизация кандай гана тышкы чакырык болбосун, анын алдында кыйрайт.

Андан соң Пол Кеннединин теориясы бар. Пол Кеннеди бул теориясын 1987-жылы жарык көргөн «Улуу державалардын жогорулашы жана кулашы» аттуу китебинде баяндаган. Бул нукура капиталисттик көз караш болуп саналат. Ал мамлекеттин күчүн курууда экономикалык кубат негизги таяныч болуп, аны аскерий жана саясий күч колдойт деп эсептейт. Ошондой эле ал улуу державанын амбициялары менен анын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн ортосундагы тең салмаксыздык, башкача айтканда, мамлекеттин ашыкча чыгымдар менен аскерий жана стратегиялык жактан кеңейиши экономиканы алсыратып, мамлекеттин күчүн кетирет деп эсептейт.

Пол Кеннединин теориясынын америкалык чечим кабыл алуучуларга карата таасири АКШнын бардык кийинки администрациялары учурунда күчөдү. Бул экономиканы кайра куруу боюнча удаалаш саясаттарда ачык көрүнүп турду (товар экономикасынан кызмат көрсөтүү экономикасына, андан соң каржы экономикасына, кийин санариптик экономикага, андан кийин технология жана жасалма интеллект экономикасына өтүү). Мунун баары экономикалык «кара тешикти» (асман чапчыган карыздар жана туруктуу бюджеттик тартыштыкты) бүтөп, төмөндөө менен кыйроонун алдын алуу аракети эле. Ошондуктан экономикалык материалдык фактор бардык Америка администрацияларынын — республикалык болобу же демократтар болобу — саясаттарын кыймылдаткан негизги күч болуп келди. Айырма болгону стратегияларда, услубдарда жана каражаттарда эле.

Бирок төмөндөө улана берди жана Американын абалы улам курчуду. Маалым болгондой, Америка Батыш дүйнөсүн каптаган кризистин эң ашкере көрүнүшү жана эң таң калтырган үлгүсү болуп саналат.

Бул төмөндөөнүн, кыйроо сызыгынын ылдамдашынын жана Батыш кирип кеткен караңгы туннелдин түшүндүрмөсү бул эки теориянын кемчилигинде жатат. Алар Батыштын чыныгы илдетин жана Батыш кризисинин негизги өзөгүн көз жаздымда калтырышкан. Ал илдет — Батыштын светтик сакофий системасы. Дал ушул система жашоо түзүмдүн, мыйзамдардын, эрежелердин жана саясаттардын булагы болуп саналат. Ошондой эле ал чечимдердин ийгиликсиз болушунун, көйгөйлөрдүн тереңдеп жана күчөшүнүн негизги себеби болуп эсептелет. Тойнби менен Кеннеди, экөө тең Батыштын светтик капиталисттик системасынын өкүлдөрү болгондуктан, анын сакофий, хазарий жана саясий жактан жарактуу экенине ишенишкен. Ошондуктан алар бул системанын ийгиликсиздигин жана банкроттукка учураганын көрмөксөн болушкан. Чынында болсо сакофий системалар цивилизациянын, мамлекеттин жана коомдун уругу жана тамыры болуп саналат. Анын кемчиликтерин көз жаздымда калтыруу кыйроого алып келет. Анткени Батыш цивилизациясынын бузулушу, саясаттардын чириши, кырсыктуу экономикалык кризистер, коомдук бузулуу жана баалуулуктардын, ахлактын жемирилиши сакофий себептерден келип чыккан. Бул жөн гана экономикалык же саясий процедуралык маселе эмес. Негизги себеп — Батыштын светтик сакофий системасынын адамзат көйгөйүн чечүүдөгү толук ийгиликсиздиги жана банкроттугу. Ал адамдын бактылуулугун камсыз кылууда толугу менен ийгиликсиз болду. Себеби анын сунуш кылган чечимдери бузгунчу жана жалган эле. Тескерисинче, ал өзүнүн түшүнүктөрүнө карама-каршы болгон, жалпы адамзаттык трагедияны пайда кылды.

Бул Батыштын светтик капиталисттик системасынын өнүгүү процесси болуп, ал шексиз өзүн-өзү жок кылышына алып барат. Анткени ал жараксыз жана начар негизге таянат, кулоого аз калган жар боюнда турат жана адашууга баткан жалган сакофий түшүнүккө курулган. Анын маңызы – адамдын акылы адамзат маселесин инсанды жараткан Аллахтан көрө жакшыраак чече алат деген түшүнүк.

Батыш системасы башында светтик фикрат катары пайда болгон. Андан кийин капитализм менен айкалышып, акырында жырткыч жана чектен чыккан өзүн-өзү кыйратуучу капитализмге айланды. Батыш системасы башында чиркөө пикирлерине, дин кызматкерлеринин үстөмдүгүнө, диний-теологиялык сакофий таасирине жана саясий бийлигине каршы чыккан нукура светтик фикрат катары жаралган. Светтик агымдын философтору жана ойчулдары жаңы жашоо

түшүнүктөрүн, коомдук түзүмдөрдү, цивилизацияны жана мамлекетти пайда кылган фикрат менен сакофаттын теоретиктери жана негиздөөчүлөрү болушкан.

Ошондуктан сакофат да, саясат да алардын өндүрүшү жана негизги ишмердүүлүгү болгон. XVI, XVII жана XVIII кылымдар алардын доору жана алардын светтик пикирлери үстөмдүк кылган мезгил болду. Натыйжада светтик агым бийликти чиркөөдөн тартып алып, XVIII кылымдын экинчи жарымында өз мамлекетин түзүүгө жетишти. Ошентип, Батыштын светтик системасынын салмак борбору жана анын бекем өзөгү философтордун, ойчулдардын, ошондой эле алардын таасири астында болгон жана философияларына берилген саясатчылар менен башчылардын колунда топтолду.

Андан соң XVIII кылымдын акырында жана XIX кылымдын башында системанын өзгөрүү этабы башталды. Светтик дүйнөнүн борбору болгон Европадагы өнөр жай төңкөрүшүнүн (буу кыймылдаткычы, токуу станогу, заводдор) натыйжасында Батыш коомунда жаңы катмар пайда болду. Ал — өнөр жай капиталисттеринин, башкача айтканда заводдордун жана өндүрүш ээлеринин катмары эле. Бул катмар фикрий жана саясий деңгээлде таасир күчүнө ээ боло баштады. Өнөр жай өнүгүүсү менен фикрий өндүрүштүн ортосунда айкалышуу жүрүп, капиталисттик пикирлер пайда болду. Адам Смит тарабынан 1776-жылы жазылган «Улуттардын байлыгы» китеби капиталисттик экономиканын негиздөөчү тексти жана капитализмдин, жеке менчик эркиндигинин, эркин рыноктун жана алардын Батыш жашоосундагы үстөмдүгүнүн негиздөөчү декларациясы болуп эсептелет. Бул капиталисттик үстөмдүк менен бирге акча, фикр, сакофат жана саясаттын ортосунда аморалдык нике пайда болуп, ал Батыштын жашоосуна жана цивилизациясына өз мөөрүн басты.

XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башында Батыштын капиталисттик системасында чоң өзгөрүү болду. Эл аралык ири банк мекемелери, финансылык холдингдер, баалуу кагаздар базарлары жана континенттер аралык биржалар (Лондон жана Нью-Йорк биржалары) пайда болуп, өнүктү. Мунун натыйжасында каржы сектору негизги орунга чыгып, каржы капитализми өсүп, анын таасири менен үстөмдүгү фикрге, сакофатка, саясатка жана жалпы жашоого жайылды. Андан кийин капиталисттик технологиялык секирик болуп, анын технологиялары менен каражаттары капиталисттик калыпка салууну жана акчанын үстөмдүгүн мурдагыдан да күчөттү. Ошентип, жаңы капиталисттик катмар үчүн технология камсыз кылган элес виртуалдык акча жана булуттагы байлык аркылуу капитализмдин чектен чыгуусу дагы да күчөлү. Фикрге, сакофатка жана саясатка толук көзөмөл

орнотулду. А түгүл сакофаттын, фикрдин жана саясаттын булактары толугу менен куурады. Батыштын жашоосунда негизги күч акча жана акчанын үстөмдүгүнөн башка эч нерсе болбой калды. Натыйжада Батыш кризиси тереңдеп, күчөп, ого бетер курчуду. Аны менен бирге кризиске баткан Батыш системасы жараткан адамзаттык трагедия да тереңдей берди.

Ошентип, светтик сакофий системанын “билим” жаатындагы кемчиликтерине жана терең философиялык кризистерине капиталисттик акчанын уулуу таасири да кошулду. Светтик система менен капитализмдин ортосундагы ошол табигый эмес айкалыш капиталисттик акчага таанып-билүү чөйрөсүн бурмалоого, көз караштты өзгөртүүгө жана фикрий-сакофий талкуунун багытын анын негизги максатынан алыстатууга мүмкүнчүлүк берди. Негизги маселе болгон адамдын бактысын издөө, ошондой эле ага жеткирген фикрий-сакофий система жана жашоо түзүмдөрү жөнүндө талкуунун ордуна, сөз байлык жана анын өсүшү тууралуу талкуу негизги орунга чыкты. Бул болсо таасирдүү капиталисттик катмардын кызыкчылыктарына жана ач көздүгүнө кызмат кылды. Натыйжада фикр, сакофат жана жалпы Батыш системасы капиталисттик катмардын кызыкчылыктарына көз каранды болуп калды. Ошону менен Батыш системасынын салмак борбору өзгөрүп, анын бекем өзөгүн ири банктардын жана континенттер аралык ири компаниялардын ээлеринен турган капиталисттик катмар ээледи.

Мындай уулуу жана табигый эмес айкалыш тараптардын бири экинчисине үстөмдүк кылбай туруп узакка созулушу мүмкүн эмес эле. Акыры үстөмдүк капиталисттик акчанын колуна өттү. Натыйжада капиталисттик катмар фикрди, сакофатты, саясатты жана жашоону толук көзөмөлдөй баштады. Ошентип акчанын үстөмдүгү сакофат менен саясаттын эсебинен орноду. Ал тургай капиталисттик акчанын өсүү шарттарынын бири сакофат менен саясаттын бардык таасирин жок кылуу болуп калды. Мунун максаты сакофат менен саясаттын чыгымдарынан жана чектөөлөрүнөн арылган накта капиталисттик кирешеге жетишүү эле. Бул максатка жетүү үчүн төлөнгөн баа болсо фикр менен сакофаттын булактарын курутуу жана саясатты өлтүрүү болду.

Бүгүн Батыш системасы фикрий кыйроону, сакофий банкроттукту жана саясий чирүүнү башынан өткөрүүдө. Ошол эле учурда капиталисттик катмардын чектен чыккан жана болуп көрбөгөндөй үстөмдүгү күчөп жатат. Батыш системасы акыры толугу менен жырткыч жана чектен чыккан капитализмге айланды. Ага каршы тура турган фикр да, сакофат да, саясат да калган жок. Ал бардык баалуулуктардан жана ахлактан куру жалак калды.

Бул система жасалма ойчулдарды, жалган сакофат өкүлдөрүн, башчылардын көлөкөлөрүн жана арзан жалданма саясатчыларды өндүрүп чыгарат. Алардын баары ири банктардын жана континенттер аралык капиталисттик компаниялардын ээлери болгон капиталисттик күчтөрдүн колундагы куурчактар гана. Мындай бузгунчу жана уулуу капиталисттик абал капитализмге көз каранды мамлекеттерди, капиталисттердин кызматын аткарган жалданма башчыларды жана капиталисттик үстөмдүктүн үгүтчүсү болгон жасалма интеллигенцияны гана пайда кылат. Алар бул уулуу жана кыйратуучу үгүттү фикр жана сакофат катары жайылтып, жарнамалап турушат.

Бүгүнкү чектен чыккан капитализм сакофат менен саясатка толук көзөмөл жана абсолюттук үстөмдүк орнотууда. Бул болсо капиталисттик үстөмдүккө толук баш ийген, анын айтканынан чыкпаган төмөн деңгээлдеги саясатчылардын жана сакофат өкүлдөрүнүн пайда болушун билдирет. Демек, Батыштын маселеси жана анын тагдырий кризиси саясат же экономика маселеси эмес. Булар Батыш кризисинин белгилери гана. Ал эми бүткүл адамзат анын азабын тарткан Батыш кризисинин өзөгү жана негизги себеби Батыштын сакофий системасы, башкача айтканда светтик-капиталисттик фикрат болуп саналат. Бул фикрат толук банкроттукка жана толук ийгиликсиздикке учурады. Анын натыйжалары болсо кыйратуучу болду. Системанын фикрий жана сакофий төмөндөшүнүн алгачкы белгилеринин бири анын улам-улам кайталанган кризистери. Алар күчөп, биринин артынан бири келип, топтолуп отуруп, системанын толук банкрот болгонун көрсөттү. Ошону менен Батыш цивилизациясынын жарака кетүү жана кыйроо белгилери цивилизация, мамлекет жана коом деңгээлинде ачык байкала баштады. Бул Батыштагы улуттук мамлекет кризисинде, саясаттын коомдук маселелерди чечүүдөгү алсыздыгында, башкаруунун бузулушунда, жашоо түзүмдөрүнүн чиришинде, жетекчиликтин бузулушунда жана жетекчилердин жараксыздыгында көрүндү.

Эми ал коомдун сакофий бөлүнүшүндө, цивилизациялык бурмаланышында, социалдык жактан ыдырашында, анын бөлүктөрүнүн бири-биринен алысташында жана өз ара жарандык кагылыштарга даяр турган тирешкен топторго бөлүнүп кетишинде көрүндү.

Бүгүн капиталисттик система өнүккөн чирүү баскычына жетти. Анын бузулушунун сасык жыты калкып чыгып, бүтүндөй системаны каптады. Батыштын өлүмү жана жок болууга карай белгилери Батыш чөйрөлөрүнө түйшүк алып келген эң оор көйгөйгө айланды. Анын бардык белгилери дээрлик көрүнүп калды. Фикрий жактан система эскирип бүттү. Бүгүн ал мээнин шал оорусуна окшош абалды башынан

өткөрүүдө. Анткени жаңы фикрий өндүрүш дээрлик мурун айтылгандардын кайталанышына айланды.

АКШнын мурунку мамлекеттик катчысы Генри Киссинжер: «Дүйнө башаламандыктын абалында турат жана Америка Кошмо Штаттары дүйнөлүк тартипти кантип түзүү маселесине туш болуп жатат» деп айткан.

Капиталисттик түзүлүштүн негизги пайдубалы болгон экономика да эскирип, начарлады. Батыш жана анын башкы мамлекети болгон Америка Кошмо Штаттары карыздардын сазына, уулуу акча басып чыгарууга жана жасалма виртуалдык акча көбүгүнө батып калды. 2008-жылдагы каржы кризиси буга эң чоң белги болду. Ал капиталисттик түзүлүштүн эң жогорку баскычы болгон ири банктарды соккуга алды. Анткени алар капиталисттик экономиканын кыймылдаткычы жана анын жүрөгү болуп саналат.

Аскерий күч да алсырады. Аскерий деңгээлде Афганистанда болгон окуя Америка үчүн гана эмес, анын Түндүк Атлантикалык Келишим Уюму альянсы үчүн да чоң шерменделик болду.

Андан мурун Бейкер–Хэмилтон комиссиясы америкалык аскерий түзүмдөгү кемчиликтердин көлөмүн көргөндөн кийин, Ирак менен Афганистандагы иштер чет жактагы экинчи даражадагы мамлекеттерге өткөрүлүп берилген.

Эми болсо Америка Иранга каршы согушунун натыйжасында кырсыктуу стратегиялык аскерий кризиске кептелди. Бүгүн ал өзүнүн муунткан жана караңгы стратегиялык туңгуюгуна улам тереңкирип бара жатат.

Андан соң дагы бир кооптуу тайгалануу бар. Ал — капиталисттик системанын ичинен жемирип жаткан бөлүнүү. Бул капиталисттик катмарлардын кызыкчылыктарынын карама-каршылыгынан келип чыгып, коом жана мамлекет деңгээлине да таасир этти. Бул капиталисттик бөлүнүү кризистин канчалык курч экенин көрсөткөн эң ачык белгилердин бири болду. Ошондой эле ал кризиске баткан капиталисттик системаны бузуунун жана кыйратуунун эң коркунучтуу факторлорунун бири болуп калды.

Мындан тышкары цивилизациялык баалуулуктардын банкроттугу да бар. Батыш жыныстык бузукулук жана гендердик түшүнүктөр аркылуу цивилизациялык кыйроого жетти. Ошондой эле адамзат коомунун түзүмү жана мыйзамдары боюнча да өзгөчө бузгунчу абалга келип калды. Ага бузуку никелерди мыйзамдаштыруу, жынысын өзгөртүү, уруктук сатуучу банктар, суррогат энелер рыногу, бузуку жуптардын бала асырап алуусун мыйзамдаштыруу жана акырында Эпштейн аралынын чыры сыяктуу көрүнүштөр кирет.

Бул коомдук төмөндөөдө, артка кетүүдө жана цивилизациялык бузулууда болуп көрбөгөндөй төмөндүк болуп саналат. Натыйжада коомдун бузулушу, ыдырашы жана бөлүнүшү дагы да күчөдү. Бүгүн капиталисттик система чирүүнүн жана бузулуунун акыркы баскычына кирди. Чирүү жетекчиликке жана жетекчи катмарга чейин жетти. Бул цивилизациянын өлүмүнүн жана мамлекеттин кулашынын акыркы өнүккөн этабы болуп эсептелет. Анткени тар кызыкчылыктарын көздөгөн күчтүү топтор саясий жашоонун жана саясий чечим кабыл алуунун негизги түйүндөрүн көзөмөлгө алышты. Натыйжада саясий система жана мамлекет алардын кызыкчылыктарынын туткунуна айланып, мамлекет менен коомду каптап жаткан чоң чакырыктарга каршы турууда толук шал абалга жана алсыздыкка кептелди. Мындай күчтүү жана тар жеке кызыкчылыктарды көздөгөн топтор менен бирге коррупция мыйзамдаштырылган коррупцияга жана саясаттын куралына айланды. Бул системадагы боштуктарды пайдалануу, мыйзамдык жаракаларды тереңдетүү жана «экономикалык эркиндик», «менчиктештирүү» жана «инвестицияларды колдоо» деген ураандар астында көзөмөлдөөчү механизмдер менен чектөөлөрдү жок кылуу аркылуу ишке ашырылды.

2024 жана 2025-жылдардагы эң соңку батыштык фикрий баяндамаларга ылайык, Америка жетекчилигинде жана башкаруучу элита деңгээлинде болуп көрбөгөндөй коррупцияны баштан кечирүүдө. Бул терең коррупция «мыйзамдаштырылган түзүмдүк коррупция» деп аталып калды.

Брукингс институту жана Чатем Хаус маалымдагандай, бүгүнкү күндө коррупция жөн гана «бир кызматкерге пара берүү» эмес. Тескерисинче, ал Чатем Хаустун өкүлү Энн Эпплбаум сүрөттөгөндөй, акча жана көмүскө каржылоо аркылуу «мамлекетти басып алууга» айланган. Саясий жашоону, саясий элиталарды жана жетекчи катмарды бузган бул көмүскө акча саясий таасирге ээ болуу үчүн шайлоо агитацияларында колдонулат. Мунун максаты – бузгунчу капиталисттик катмардын тар жеке кызыкчылыктарын жана пайдасын камсыз кылуу.

Мамлекетти өзүнө баш ийдирип, капиталисттик катмардын кызыкчылыгына кызмат кылган куралга айландырган бул коррупция мамлекеттин милдетин да өзгөрттү. Мамлекет эми таасирдүү капиталисттердин жана байлык менен бийлик ээлеринин жеке пайдасын камсыздаган механизмге айланды. Мындай коррупциянын натыйжасында бузгунчу саясий элита, бузгунчу жетекчилик жана бузгунчу саясий жашоо пайда болду. Ошону менен бирге бузгунчу вакыйлык бурмаланып көрсөтүлүп, уулуу жана курч поляризация

жаралып, саясий туңгуюк пайда болду. Мунун баары бийликтин бардык тизгиндерин кармап турган бир ууч акча магнаттарынын кызыкчылыгы үчүн учурдагы бузгунчу абалды сактап калууга кызмат кылууда. Ошондой эле саясий элитанын жана жетекчиликтин бузулушу көзөмөл жана сот системаларынын начарлашына алып келди. Бул көзөмөлдөөчү органдарда, сот тармагында жана мамлекеттик башкарууда дайындоолор менен кызматтык көтөрүлүүлөрдүн саясатташтырылышы аркылуу ишке ашты. Натыйжада коррупция курту мамлекеттин түзүмдөрүн, мекемелерин, башкаруу аппараттарын жана коомдук жашоону ичинен кемире баштады.

Жетекчиликтин бузулушу мурун болуп көрбөгөндөй капиталисттик үстөмдүктү пайда кылды. Натыйжада байлык жана бийлик ээлери капиталисттик олигархияга айланып, мамлекеттин бардык түзүмдөрүн, мекемелерин жана институттарын темир муштум менен көзөмөлдөп калды. Бул катмар саясатты, экономиканы, коопсуздукту, аскер тармагын, билим берүүнү, маалымат каражаттарын, сот системасын жана мамлекеттик башкарууну толук көзөмөлдөй баштады. Ошентип мыйзамдар менен саясаттар алардын кызыкчылыктарына кызмат кылган техникалык куралдарга гана айланды. Анын натыйжасында мыйзамдын үстөмдүгү жана мамлекеттин бийлиги начарлады. Уулуу акча өзү мыйзамга жана бийликке айланды. Ал эми саясий процесс чоң каржы базарына айланып кетти.

Вашингтондогу «Пью» изилдөө борборунун маалыматына ылайык, 2024-жылдагы АКШнын федералдык шайлоолоруна кеткен жалпы чыгым 15,9 миллиард долларга жеткен. Бул көрсөткүч 1990-жылга салыштырмалуу беш эсеге көбөйгөн. Ал кезде чыгым болжол менен 3 миллиард долларды түзгөн. Ошентип саясий ишмердүүлүк саясий жөндөмгө жана фикрий мүмкүнчүлүктөргө эмес, капиталга көз каранды болуп калды. Ошондой эле саясий таасир технологиялык компаниялардын, мунай компанияларынын, курал өндүрүүчүлөрдүн, дары-дармек корпорацияларынын, ири банктардын жана Уолл-Стрит базарларынын көмүскө акчасынын көлөмүнө жараша аныктала турган абалга жетти.

Андан соң бул капиталисттик олигархия мамлекетти өзүнө баш ийдиргенден кийин, менчиктештирүү деген ат менен аны өзүнүн жеке менчигине айландырды. Ал мамлекеттин милдеттери менен функцияларын жеке секторго өткөрүп берди. Натыйжада капиталисттик олигархия мамлекеттин милдеттерин жана кызматтарын өз компаниялары аркылуу соода кылган кызматтарга айландырды. Ошентип мамлекет капиталисттик компаниялардын кардарына айланып, алар мамлекеттен пайда таба башташты.

Мамлекетти менчиктештирүүнүн пайдубалын өткөн кылымдын сексенинчи жылдарында Американын президенти болуп дайындалган жаңы либерализмдин өкүлү Рональд Рейган түптөгөн. Ал мамлекеттин жана жеке сектордун функцияларынын ортосундагы чектерди жоюу жана чектөөлөрдү алып салуу милдети жүктөлгөн президенттик комиссия түзгөн. Бул менчиктештирүү капиталисттик катмардын мамлекетти басып алуу жараянынын башталышы болгон. Анын жолун кийин Жорж Буш, Билл Клинтон жана алардан кийинкилер улантышты. Токсонунчу жылдардын акырында жүргүзүлгөн изилдөө мамлекеттик кызматтардын жеке секторго өткөрүлүп берилиши бир нече эсеге көбөйгөнүн көрсөткөн. Ошондой эле жеке сектордо иштеп туруп федералдык мамлекеттик милдеттерди аткарган адамдардын саны болжол менен 8,5 миллион адамга жеткени белгиленген.

Бул мамлекетти менчиктештирүү кокустук көрүнүш эмес эле. Тескерисинче, ал мамлекетти басып алуу үчүн алдын ала пландалган саясат болгон. Ошондой эле ал өткөн кылымдын сексенинчи жылдарында «жаңы либерализм» деп аталып калган капиталисттик үстөмдүктүн бир көрүнүшү болгон. Бул саясатты ишке ашырууда капиталисттердин өкүлдөрү катары Американын президенти Рональд Рейган жана Британиянын премьер-министри Маргарет Тэтчер кызмат кылышкан. Ошентип мамлекеттин бардык кызматтары акы төлөнүүчү кызматтарга айланып, капиталисттик олигархия алар аркылуу пайда таба баштады. Мамлекеттик жана өкмөттүк функциялар капиталисттик компаниялардын кеңешчилерине жана алардын кеңселерине өткөрүлдү.

Бул процесс мамлекеттин эң кооптуу тармактары болгон коопсуздук структурасына жана армияга чейин жетти. Натыйжада армия жалданма күчтөргө айланып, аларды капиталисттик олигархияга таандык компаниялар көзөмөлдөй баштады. Мунун мисалдары катары Ирак басып алынган мезгилде иш алып барган «Blackwater» жана «DynCorp» компанияларын айтууга болот.

Ички коопсуздук тармагында болсо жалданма күзөтчүлөрдүн саны полиция кызматкерлеринин санынан эки эсе көп болуп калды. А түгүл америкалык чалгын кызматтарына тиешелүү эң сезимтал коопсуздук иштеринин өзү — котормо иштеринен тартып электрондук көзөмөл, иликтөөлөр, талдоолор, баяндамалар жана кыскача маалыматтарды даярдоо — киреше тапкан тармакка айланып, капиталисттик олигархияга таандык жеке компанияларга өткөрүлүп берилди.

Бул менчиктештирүү мамлекеттин денесин ичинен кемирип, бардык мекемелерди жана тармактарды камтыды. Бул тууралуу «Биз Римбизби? Империянын кулашы жана Американын тагдыры жөнүндө баян» аттуу китептин автору да эскерет.

Мамлекеттик башкаруу органдары, чек аралар, коомдук объекттер, порттор, аэропорттор, автомагистралдар, мамлекеттик ооруканалар, мектептер, мамлекеттик университеттер, суу менен камсыздоо жана канализация системаларынын баары менчиктештирилди. Алардын баары сатылуучу товарга айланды. Америка бардык мүлкүн ачык аукционго коюп саткан өлкөгө окшоп калды. Жада калса өзүн-өзү сатып жаткан өлкөдөй көрүнүш жаралды.

Капитализм элитанын жана жетекчиликтин бузулушунда чирүүнүн эң жогорку баскычына жетти. Анын сасык жыты жетекчиликке жана президенттик бийликке чейин чыкты. Натыйжада анын президенти болуп Трамп келди.

Трамп — жетекчиликтин бузулушунун логикалык натыйжасы. Ал жетекчи элитанын чирүүсүнүн акыркы баскычы болуп саналат. Ошондой эле ал мамлекеттин кулоосу жана цивилизациянын жок болуу оорусунун өнүккөн формасы болуп эсептелет. Анткени капитализмдин биринчи этабында философ менен ойчул жок кылынды. Андан кийин экинчи этапта саясат жана саясатчы өлтүрүлдү. Эми болсо өзүн-өзү кыйратуу жана жок болуу алдындагы акыркы этап келди. Бул этаптын негизги белгиси жетекчилердин бузулушу, жетекчиликтин чириши жана капиталисттик олигархиянын мамлекетти басып алып, коомду кыйратуусу болуп саналат.

Батыш капитализминин мындай өнүккөн чирүү абалы жана анын башкы үлгүсү болгон Америка менен анын президенти Трамп коммунисттик системанын кулоо жана Совет мамлекетинин кыйроо алдындагы советтик жетекчиликтин чирүү абалын эске салат.

Бул чындыкты Владимир Медведев өзүнүн “Человек за спиной” аттуу китебинде ачык көрсөтөт. Ал жерде Леонид Брежнев карыганда кабылган ахлакый төмөндөө жана Михаил Горбачёвдун мүнөзүнүн алсыздыгы системанын кыйрашы менен кулашынын чечүүчү факторлору болгонун баяндайт. Ошондой эле ал Брежневдин доорунда коррупция биринчи жолу советтик коопсуздук органдарына, анын ичинде башкы чалгын кызматы болгон КГБга чейин сиңип киргенин эскерет. Ошол мезгилде элитанын жана башчылардын балдарынын артыкчылыктары пайда болгон. Бул көрүнүш Москвадагы жана башка советтик республикалардагы Коммунисттик партиянын Саясий бюросунун жана Борбордук комитет мүчөлөрүнүн балдарынын жашоосунда ачык байкалган.

Брежневдин балдары Юрий менен Галина жетекчиликтин бузулушунун эң уяттуу мисалдарынын бири болгон. Алар өлкөнүн байлыктарына өздөрүнүн жеке менчигиндей мамиле кылышкан. Айрыкча Галина Брежнева дүйнөдөгү эң кымбат алмаздар жана асыл

таштар боюнча эң бай аял катары белгилүү болгон. Ошондой эле ал Орусиядагы дүйнөгө белгилүү алмаз өндүрүүчү аймак болгон Якутиядагы алмаз кендеринин жана зергерчилик ишканаларынын жетекчилерине күчтүү таасир тийгизип турган.

Бүгүн болсо Трамп башындагы Америкада жетекчиликтин чиришинин бардык белгилери көрүнүп турат. Анткени Трамп үчүн бийлик анын байлыгын көбөйтүүнүн жана үй-бүлөсүн байытуунун каражатына айланган. Президенттик кызматка келгенден кийин ал өзүнүн кызматын, ыйгарым укуктарын жана жөнгө салган чечимдерди пайдаланып, «Трамп доллар» деп аталган санариптик валютасын чыгарган. Анын кызмат орду ага бир нече күндүн ичинде рыноктук баасы 10 миллиард доллардан ашкан зор киреше табууга мүмкүнчүлүк берген. Муну менен эле токтоп калбастан, анын жубайы да өзүнүн мем-валютасын чыгарган жана анын рыноктук баасы эки күндүн ичинде болжол менен бир миллиард долларга жеткен. Мындан тышкары Саудияда жана Бириккен Араб Эмираттарында анын кыймылсыз мүлк долбоорлору менен инвестицияларына байланыштуу келишимдер жана лицензиялар боюнча артыкчылыктар берилген. Бул иштердин ишке ашуусунда анын президенттик кызматы чечүүчү роль ойногон. Ошондой эле анын балдары жана жакын туугандары да анын президенттик кызматынан пайда көрүшкөн.

Америка Трамп менен бирге жетекчиликтин чиришинин жана жетекчинин бузулушунун эң жогорку деңгээлин башынан өткөрдү. Анын экинчи администрациясынын алгачкы айлары жана ошол мезгилдеги стратегиялык башаламандыгы Америка мамлекетин өлүмгө алып барган стратегиялык туңгуюкту жаратууга жетиштүү болду.

Американын экономикалык жана дипломатиялык таасири кескин алсыраган шартта Трамп Америкада калган жалгыз күчкө — анын аскерий кубатына таянууга шашылды. Натыйжада ал мамлекетти жана анын аскерий күчтөрүн Иранга каршы согушка аралаштырды. Бул орто деңгээлдеги аймактык күчкө каршы жүргүзүлгөн, кесепеттери эсептелбеген кооптуу тобокелчилик катары сүрөттөлөт. Мындай кадам Американын үстөмдүгүн сактап калуу үчүн колдонуп жаткан акыркы көзүр картанын алсыздыгын ачык көрсөттү. Ошондой эле анын аскерий күчүндөгү кемчиликтерди ачып берип, Америка жетекчилигинин стратегиялык сокурлугун ашкереледи. Трамп толук стратегиялык башаламандык жана туура эмес эсептөөлөр менен Иранга каршы Американын аскерий күчүн колдонууга өттү. Натыйжада ал өзүнө муунткан туңгуюк түзүп, Американы кыйратуучу стратегиялык кризиске кептеди. Ошентип ал жетекчиликтин жана жетекчинин

бузулушу кандай оор кесепеттерге алып келерин эң толук түрдө көрсөтүп берди.

Батыш маселеси Американын жетекчилиги астында жеткен бул каргашалуу жана трагедиялуу абал жан тамырларынын үзүлүшүнө барабар. Трамптын жетекчилигиндеги бул чириген жетекчилик өзүнүн жеке кыйроосун жалпы кыйроого, өзүнүн жеке трагедиясын жалпы адамзаттык трагедияга айландырууга бел байлаган. Трамптын Иранга каршы согушу тарыхый бурулуш учур болду. Ал жетекчиликти ичинен жемирип жаткан бузулуу менен чирүүнүн канчалык каргашалуу деңгээлге жеткенин көрсөттү.

Экинчи мөөнөтүнүн биринчи жылында эле ал Америка үчүн тарыхый стратегиялык туңгуюкту жаратып, анын үстөмдүгүнө жана дүйнөлүк тартибине өлүм алып келүүчү сокку урду. Эпштейн аралынын катышуучусу болгон Трамп, ага берилген бузгунчу жана ийгиликсиз адамдар менен курчалган абалда жана кризиске баткан администрациянын коштоосунда жетекчилик кризисинин жана жетекчинин бузулушунун ашкере көрүнүшү болуп калды. Ал стратегиялык жактан эч нерсе курбайт жана жаңы нерсенин пайдубалын түптөбөйт. «Фокс Ньюс»тун маскарапозу, жылаңач бий клубдарына мас болуп алып барууну жакшы көргөн, Трамп тарабынан согуш министри болуп дайындалган адамдын аскердик натыйжаларын жана элитанын канчалык деңгээлде чирип кеткенин өзүңөр сынап көрсөңөр болот. Трамп — бул элитанын бузулушун чагылдырган акыркы стадия жана Американын өз көрүн казып жаткан күрөгү болуп калды. Бирок, күчөп жана кырсыктуу болуп бара жаткан бул трагедиядан куткаруунун жана кутулуунун жолуна ким ээлик кылат?

Чечим Американын чирүүсүндө жана мүрзөсүндө эмес. Тескерисинче, ал дүйнөнү Европа менен Америка Батышы адамзатка алып келген бул сокур жахилияттын караңгылыгынан, бактысыздыгынан жана өзүн-өзү кыйратуусунан куткара турган цивилизациялык жана саясий альтернативада.

Албетте, бул Кытай эмес. Анткени ал – Батыш жахилиятынын кытайлык версиядагы уландысы. Жада калса, ант болсун, ал андан да коркунучтуу жана андан да ачуу.

Кутулуу — бардык макулуктарды жараткан Роббинин Исламы менен, Исламдын өзгөчө хазарий долбоору жана өзгөчөлөнгөн рошид Халифалыгы менен болот. Эми Исламдын уулдары бардык түрү жана түсү менен болгон куфрду кулатуу үчүн аракеттерин күчөтүп, Исламдын улуу имаратын жана пайдубалын т.а. адилеттүүлүгү менен ырайымын жалпы адамзатка жайылтуучу, аны адамдардын эң жакшысы

жетектеген Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалыкты тикелесин!

الر ۚ كِتَابٌ أَنزَلْنَاهُ إِلَيْكَ لِتُخْرِجَ النَّاسَ مِنَ الظُّلُمَاتِ إِلَى النُّورِ بِإِذْنِ رَبِّهِمْ إِلَىٰ صِرَاطِ الْعَزِيزِ الْحَمِيدِ

***«Алиф, Лам. Ра.*** *(Бул Куран)* ***Биз сага адамдарды Жаратkандын ызны-ыктыяры менен караңгылыктардан нурга — кудурет жана алкоо, мактоо ээси болгон Заттын жолуна алып чыгышың үчүн түшүргөн Китеп»***. (Ибрахим: 1).❑

## ЧОҢ ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШ АЙМАГЫНДАГЫ МУСУЛМАН ЖЕРЛЕРИНЕ СОЙЛОП КИРГЕН ЖЫЛАНДЫ – АМЕРИКА АСКЕРИЙ БАЗАЛАРЫН ЖОК КЫЛГЫЛА!

**Устаз Мусаб Умайр – Пакистан**

Америка Кошмо Штаттарынын 2001-жылы Ооганстанга каршы баштаган согушунан тартып 2026-жылы Иранга каршы согушуна чейинки Ислам дүйнөсүнө каршы алып барган акыркы согуштарын карап чыксак, АКШ армиясы Чоң Жакынкы Чыгыш аймагында ири аскерий базаларсыз мусулмандарга каршы согуш жүргүзө албашы айкын көрүнөт. Америкалык стратегдер жана саясатчылар Жакынкы Чыгыштагы араб аймагы тууралуу Иранды, Пакистанды жана Ооганстанды кошуп “Чоң Жакынкы Чыгыш” деген жаңы термин ойлоп табышкан.

Чоң Жакынкы Чыгыш аймагындагы базаларды жана портторду сактап калуу АКШ үчүн эң жогорку артыкчылыктардын бири болуп саналат. Себеби Американын чыгыш жээги менен Суэц каналынын, ошондой эле батыш жээги менен Ормуз кысыгынын ортосундагы деңиз жолдору узун жана ачык.

Ислам Үммөтү үчүн Американын аскерий базалары анын тереңине тамыр жайган жыланга окшойт. Аны түп-тамыры менен жулуп таштоо керек. Анткени Трамп Америка кызыкчылыктарына ылайык Ислам дүйнөсүн күч аркылуу кайра калыптандырууга жан үрөп аракет кылып жаткан шартта, ар бир мусулман өлкөсү өз-өзүнчө анын чабуулуна кабылууда.

**Американын Чоң Жакынкы Чыгыш аймагындагы аскерий базаларга муктаждыгы**

Американын чыгыш жээгине келсек, Вирджиния штатында жайгашкан Норфолк деңиз базасы дүйнөдөгү эң чоң деңиз базалардын бири болуп саналат жана АКШнын Атлантика флотунун негизги командачылык борбору болуп эсептелет. «Форд» классындагы авианосец эң жогорку ылдамдык катары болжол менен 30 түйүнгө, башкача айтканда саатына болжол менен 35 миль ылдамдыкка чейин жете алат. Виржиниядагы Норфолк деңиз базасынан чыккан кемелер Суэц каналына жетүү үчүн 5000–5500 деңиз мили аралыкты басып өтүшү керек. Андан соң алар Жакынкы Чыгыштагы америкалык күчтөр жайгашкан Араб деңизине жетүү үчүн тар болгон Суэц каналынан, Кызыл деңизден жана Баб ал-Мандеб кысыгынан өтүшү зарыл. Демек, АКШнын деңиз күчтөрүнө таандык ири авианосец саатына 35 миль ылдамдык менен жүрсө, салттуу же асимметриялык деңиз күчтөрү тарабынан тоскоолдук болбогон шартта, Америкадан Жакынкы Чыгышка 10 күндөн аз убакытта жете алат.

Ал эми Американын батыш жээгине келсек, АКШнын Тынч океан флотунун негизги порту жана дүйнөдөгү жер үстүндөгү кемелер үчүн экинчи эӊ чоӊ деӊиз базасы болгон Сан-Диего деӊиз базасы Ормуз кысыгынан 8000–8500 деӊиз мил аралыкта жайгашкан.

Белгилей кетүүчү нерсе, бардык деӊиз жолдору Тынч жана Инд океандары аркылуу өтөт. Бул жолду АКШнын деӊиз күчтөрүнүн кемелери адатта 10–14 күндө сүзүп өтүшөт. Бул болсо алардын жүрүшүнүн кайсы гана баскычында болбосун салттуу же асимметриялык деӊиз күчтөрү тарабынан эч кандай тоскоолдук болбойт деген божомолго негизделген. Демек, АКШнын негизги аймагынан Ислам дүйнөсүнүн жүрөгүнө чейин созулган деӊиз байланыш жолдору узун жана эӊ негизгиси өтө ачык болуп саналат. Анткени алар көптөгөн Ислам өлкөлөрүнө жакын жерлерден өтөт. Алардын ичинде Египеттин, Пакистандын жана Индонезиянын армиялары сыяктуу ири армияларга ээ болгон мамлекеттер да, ошондой эле Йемен менен Сомалинин күчтөрү сыяктуу ири күч-кубатка ээ асимметриялык күчтөр да бар. Бул болсо Ислам Үммөтүнүн бүткүл аймагын бойлой деӊиз күчтөрүн жайгаштыруу америкалык аскерий күчтөрдү мусулман жерлеринен алыс кармап, аларды иш жүзүндө өз аймагын жана ага жакын чөйрөсүн гана коргоо менен чектей аларын билдирет. О.э. бул Трамптын Монро доктринасына киргизген кошумчасына ылайык келет. Мындай жайгашуунун максаты Американын деӊиздик даярдыктары күчөгөн учурда ар кандай чабуулду сокку урула электен кыйла мурун токтотуу же анын көлөмүн чектөө үчүн альтернативдүү пландарды да өз ичине алуу болуп саналат.

**Жакынкы Чыгыштагы Америка инфраструктурасынын негизги объектилери**

АКШ Чоӊ Жакынкы Чыгыш аймагындагы үстөмдүгүн сактап калуу жана аны өз кызыкчылыктарына ылайык кайра калыптандыруу үчүн аймактын ичинде чоӊ аскерий базаларга таянат. Бул кандайдыр бир Ислам өлкөсү менен активдүү согуш жүрүп жаткан учурда байланыш жолдорунун узундугун жана алардын ачыктыгын азайтуу максатын көздөйт.

Жакынкы Чыгыштагы Американын негизги базалары жана объектилери:

- Бахрейндеги АКШ деӊиз флотуна караштуу Бешинчи флоттун штаб-квартирасы.
- Катар борбору Доханын сыртындагы чөлдө жайгашкан, аянты 24 гектар болгон Аль-Удейд аба базасы. Ал АКШнын Борбордук командачылыгынын алдыӊкы штабы болуп эсептелет жана анда болжол менен 10 миӊ аскер жайгашкан.

- Кувейттеги Аривжан лагери — АКШнын Борбордук армиясынын алдыңкы штабы.
- Кувейттеги Али ас-Салим аба базасы.
- Кувейттеги Бюринг лагери жана Бириккен Араб Эмираттарынын борбору Абу-Дабинин түштүк тарабында жайгашкан Аз-Зафра аба базасы. Бул база АКШнын аба күчтөрү үчүн өтө маанилүү база болуп саналат.
- Ирактын Анбар провинциясынын батышындагы Айн аль-Асад аба базасы жана Түндүк Ирактагы Эрбил аба базасы. Бул базалар америкалык күчтөрдүн борборлорунун бири болуп эсептелет.
- Сауд Арабиясында Эр-Рияддан болжол менен 60 чакырым түштүктө жайгашкан Амир Султан аба базасы. Анда америкалык аскерлер жайгаштырылган.
- Аммандын түндүк-чыгышынан 100 чакырым алыстыкта жайгашкан Азрак шаарындагы Муваффак ас-Салти аба базасы. Бул жерде Иордания мамлекети АКШнын Борбордук аба күчтөрүнө караштуу 332-экспедициялык авиациялык канатты кабыл алып келет.
- АКШ үчүн өзгөчө маанилүү алдыңкы база бар, ал — яхудий түзүмү. Ал Ислам өлкөлөрүнүн биринин артынан бирине сокку урууга көмөктөшүү аркылуу АКШнын Чоң Жакынкы Чыгышты кайра калыптандыруу аракеттерине активдүү катышууда. Ал батыштагы Трамптын союздашы болуп саналат жана чыгышта анын союздашы болгон индус мамлекети толуктайт.

Белгилей кетчү нерсе, АКШ, яхудий түзүмү жана индус мамлекети ортосунда күчтүү координация бар. Алардын бардыгы Ислам өлкөлөрүнүн алсырашынан түздөн-түз пайда көрүшөт.

- Ошондой эле өзгөчө кырдаалда кеңейүү үчүн резервдик план катары АКШга баш ийген жана анын агенттери башкарган күчтүү Ислам өлкөлөрүнүн ичинде аскерий базалар бар. АКШ аларды өз согуштарында колдонуп келген. Мисалы, ал 2001-жылы Ооганстанга каршы чабуулда Түркия менен Пакистандагы базаларды пайдаланган. Мусулмандарга каршы кандай гана согуш болбосун — мейли Ооганстан сыяктуу чакан мамлекетке каршы болсун же Иран сыяктуу чоң мамлекетке каршы болсун — АКШ армиясы Ислам дүйнөсүндөгү өз агенттери жана тарапташтары камсыз кылган камсыздоо жолдорунан баш тарта албайт.
- Өзүнүн аскерий түзүмүнүн маанилүү жана туруктуу уландысы катары АКШ армиясы Чоң Жакынкы Чыгыш аймагындагы ири элчиликтеринин ичиндеги байкоо жана байланыш борборлоруна да таянат. Алардын катарына Багдаддагы жана Исламабаддагы элчиликтери да кирет. Ошондуктан АКШнын сокку урууга жана ага

жооп кайтарууга болгон мүмкүнчүлүктөрүн жок кылууга багытталган ар кандай план анын дипломатиялык миссиялар кейпине жашырылган тыңчылык борборлорун нейтралдаштырууну да камтууга тийиш. Мунун максаты АКШ армиясынын мүмкүнчүлүктөрүн алсыратуу.

- Акырында, Американын кеңейүү пландары бар экенин белгилей кетүү маанилүү. Мисалы, Америка Ооганстандагы Баграм аба базасын кайра өз көзөмөлүнө кайтарууну пландап жатат. 2025-жылдын 18-сентябрында Трамп мындай деген: «Биз Баграм базасын — чоң аба базасын, эң ири аба базаларынын бирин — сактап калмакпыз... Биз аны кайтарып алууга аракет кылып жатабыз, анткени алар бизге муктаж. Биз ал базаны кайра алгыбыз келет».

Трамп чыгыштагы союздашы болгон индус мамлекетин ооган мужахиддери менен Пакистан армиясынын ортосунда фитна чыгарууга мобилизациялаганы таң калычтуу эмес. Максат — аларды Баграм аба базасынан баш тартууга мажбурлоо.

Белгилей кетүүчү нерсе, эгер Баграм аба базасы АКШ армиясынын колуна өтүп калса, ал базаны өзөктүк куралы бар Кытайга гана эмес, өзөктүк куралга ээ Пакистанга каршы сокку урууда да колдонууга болот.

Демек, Үммөт Америка жыланы болгон - аскерий түзүмүн түп-тамыры менен жок кылуу үчүн анын бүтүндөй базаларын, ошондой эле анын кеңейүүлөрүн жана келечекте пландалган жайылууларын да эске алууга тийиш.

**Ислам жерлериндеги Американын аскерий базаларын жок кылуу — Үммөттүн мойнундагы милдет**

Ислам жерлеринде Американын аскерий базаларынын болушу жат көрүнүш. Мисалы, Кытай же Россия сыяктуу Исламга ишенбеген мамлекеттер кандай гана себеп болбосун өз аймагында мындай көлөмдөгү америкалык аскерий базалардын жайгашуусуна жол бербейт. Андай болсо, Мухаммаддын ﷺ Үммөтү болгон ыймандуу Үммөт жөнүндө эмне деп айтабыз?!

Америка армиясынын мусулман жерлеринде болушу улам-улам чагып турган жыланга окшойт. Бирок, ошого карабастан анын уу тиштерин жулуп, аны жок кылуу үчүн эч кандай аракеттер көрүлбөй келет. Бул олуттуу кайдыгерлик мусулман башчылары карманабыз деп айтып жүргөн «улуттук кызыкчылык» түшүнүгүнө да туура келбейт. Американын аскерий базалары Трамптын Жакынкы Чыгышты кайра калыптандыруу долбоору үчүн зарыл жана чечүүчү мааниге ээ экени айкын. Бул долбоор Ислам өлкөлөрүн биринин артынан бирин бутага алып, аларды алсыратуу аркылуу ишке ашырылууда. Трамптын союздашы болгон Нетаньяху шиит огун алсыраткандан кийин сунний

огун да талкалоо зарылдыгы тууралуу айткан. 2026-жылдын 22-февралында ал мындай деген: «Бул жердеги максат — вакыйлыкка, чакырыктарга жана максаттарга карата бирдей көз караштагы мамлекеттердин огун (альянсын) түзүү. Бул экстремизмге каршы турган ок болушу керек. Алардын катарына биз катуу сокку урган экстремисттик шииттик ок жана жаңыдан пайда болуп жаткан экстремисттик сунний ок кирет». Бул билдирүү Түркия, Египет жана өзөктүк куралга ээ Пакистан сыяктуу күчтүү сүнний мамлекеттердин армияларындагы бардык ыкластуу адамдарды тынчсыздандырууга тийиш.

Өзөктүк куралга ээ Пакистан маселесине келсек, өсүп жаткан тынчсызданууга негиз бар. 2026-жылдын 18-мартында АКШнын Улуттук чалгындоо директорунун кеңсеси «Американын чалгындоо коомчулугу үчүн 2026-жылдагы коркунучтарды баалоо» аттуу жылдык отчетун жарыялаган. Отчеттун 25-бетинде мындай деп айтылган: «Пакистан барган сайын өнүккөн ракета технологияларын өнүктүрүүнү улантууда. Бул анын армиясына Түштүк Азиянын чегинен тышкаркы буталарга сокку ура ала турган ракета системаларын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Эгер бул багыттагы өнүгүү улана берсе, ал АКШга коркунуч туудура турган континенттер аралык баллистикалык ракеталарга ээ болот».

Бул билдирүү Трамптын 2025-жылдын 31-октябрында айткан сөздөрүнөн кийин чыккан. Ал учурда Трамп: «Пакистан сыноолорду жүргүзүүдө», - деген.

Алып баруучу анын сөзүнө каршы чыгып:

— Менин түшүнүгүм боюнча, бул өзөктүк курал эмес, - деген.

Ошондо Трамп:

— Албетте, аларда бар, - деп ырастаган.

Бул ошондой эле АКШнын коргоо министринин 2026-жылдын 2-мартындагы билдирүүсүнөн кийин да болгон. Ал мындай деген: «Иран сыяктуу пайгамбарлыкка байланыштуу исламий кыялдарга жабышкан экстремисттик режимдердин өзөктүк куралга ээ болушуна жол берилбейт».

Трамптын Чоң Жакынкы Чыгыш аймагын кайра калыптандыруу долбоорунун алкагында Пакистанга багытталган Американын көңүл буруусу өзгөчө мааниге ээ деп эсептелет. Пакистандын күчтүү өзөктүк куралга ээ болушу Булуң өлкөлөрүнүн, Ирандын жана Египеттин армиялары үчүн алдын алуучу тоскоолдук калканын камсыздай алат. Бул болсо Ислам Үммөтүнүн күчтөрүнө Жакынкы Чыгыштагы Америка коопсуздук түзүмүн бузууга мүмкүнчүлүк берет. Жада калса «улуттук кызыкчылык» менен гана чектелген тар көз караштан алганда да,

Американын аскерий базаларын жоюу коопсуздук жаатындагы артыкчылыктуу маселе болуп саналат жана ал дээрлик мамлекеттин бар болушуна коркунуч туудурган деңгээлге жетет. Мындан тышкары, Ислам жерлеринде Американын аскерий базаларынын болушу Аллах Тааланын шариятында эч кандай шаръий негизге таянбайт. Ислам Үммөтүнө башка мамлекеттер менен аскерий союздарды түзүүгө, мисалы, биргелешкен коргонуу келишимдерин, биргелешкен коопсуздук келишимдерин жана ушул сыяктуу аскерий багынууларды (аскерий базаларды, аэропортторду же портторду ижарага берүүнү) кылууга уруксат берилбейт. Ошондой эле кафир мамлекеттерден жана алардын армияларынан жардам суроого да уруксат жок. Анткени мындай келишимдер Исламда харам болуп саналат. Себеби мусулмандын кафирликтин туусу алдында согушуусуна, кафирлик үчүн согушуусуна, кафир мамлекеттин атынан согушуусуна же кафирге мусулмандардын үстүнөн же Ислам жерлеринин үстүнөн бийлик берүүсүнө тыюу салынган. Расулуллах ﷺ мусулмандарды кафир мамлекеттерден жардам суроодон кайтарган. Ал мушриктердин отунан пайдаланууга тыюу салып мындай деген:

«لاَ تَسْتَضِيئُوا بِنَارِ الْمُشْرِكِينَ»

**«Мушриктердин отунан пайдаланбагыла».** (Ахмад риваяты).

Бул жердеги «от» согуш маанисинде колдонулган.

Ошондой эле Расулуллах ﷺ мындай деген:

«فَإِنَّا لَا نَسْتَعِينُ بِمُشْرِكٍ»

**«Биз мушриктен жардам сурабайбыз».** (Сахих Ибн Хиббан).

Аллах Таала айтат:

﴿يَاأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَتَّخِذُواْ ٱلْكَٰفِرِينَ أَوْلِيَآءَ مِن دُونِ ٱلْمُؤْمِنِينَۚ أَتُرِيدُونَ أَن تَجْعَلُواْ لِلَّهِ عَلَيْكُمْ سُلْطَٰنًا مُّبِينًا﴾

***«Эй момундар, момундарды коюп, кафирлерди дос тутпагыла! Аллах үчүн өзүңөргө каршы ачык далил берүүнү каалайсыңарбы?»***. (Ниса: 144).

Аллах ﷻнын хикматынан өткөн хикмат жок.

Демек, Ислам шариятында Америка аскерий базаларын кабыл алууга, Америка армиясына исламий базаларды пайдалануу укугун берүүгө, андан да калса Американын кызыкчылыктарына ылайык Чоң Жакынкы Чыгышты кайра калыптандыруу үчүн анын жанында туруп согушууга уруксат берген эч кандай негиз жок.

**Американын аскерий базаларын жок кылууну мүмкүн кылган материалдык факторлор**

Аллах Таала азыркы мусулмандардын муунуна ондогон жылдарга созулган азап-тозоктон кийин Американын аскерий таасиринен азат болуу үчүн алтын мүмкүнчүлүк берди.

- Иранга каршы чабуулдун алгачкы апталарында Европадагы АКШнын салттуу союздаштары андан жүз буруп, согушка кошулуу чакырыктарын четке кагышты. Бул нерсе Америка Европага дүйнөлүк иштерге таасир кылуу мүмкүнчүлүгүн берип келген 66 эл аралык мекемеден чыгып кеткенден кийин болду.
- Кытай менен Россияга келсек, алар АКШнын сазга батып калганына кубанышты. Анткени Америка Россияны Украинадагы сазга батырып, Кытайды курчоого алган жана анын мунайга жана сейрек кездешүүчү элементтерге жетүүсүн чектеген болчу.
- Булуң өлкөлөрүндөгү мусулмандар болсо Американын коопсуздук кепилдиктеринин чыныгы жүзүн өз көздөрү менен көрүштү. Алар мусулман башчылары Американын аскерий базаларынын коргоочулары экенин жана Америка базалары Америка жана яхудий армияларын гана коргоо үчүн кызмат кыларын көрүштү. Мунун баары Ирандын алгачкы күчтүү соккулары алдында бул базалардын чоң ийгиликсиздикке учурашына карабастан болду.
- Ал эми АКШны жеңүү мүмкүн эмес деген мифтерге келсек, аны Ирандын аскерлери талкалады. Бул болсо Ислам Үммөтүнө жана Американын башка атаандаштарына кубаныч алып келди.

Ал эми Американын өзүндөгү терең мамлекетке келсек, анын ичиндеги таасирдүү бир топ бул согушту аягы көрүнбөгөн, чарчатуучу согуш катары баалап, ал АКШнын кыйрашына алып келиши мүмкүн экенин айтып, ага каршы чыкты.

Трамптын администрациясы болсо мөөнөттөрдү кайра карап чыгууга, кошумча күчтөрдү топтоого жана башка чараларды көрүүгө аргасыз болду. Ошондуктан Трамп жакындап келе жаткан жеңилүүдөн качуу үчүн көп колдонгон сүйлөшүүлөр услубуна кайрылды. Максат — аскерлерди топтоого убакыт утуу жана анын армиясы согуш талаасында жетише албаган артыкчылыктарга сүйлөшүү үстөлүндө жетишүү эле. Ошондой эле Трамп Ислам дүйнөсүндөгү өз агенттерине анын тарабында согушка кошулууга даярданууну буйруду. Бул үчүн ар түрдүү билдирүүлөрдү колдонду, алардын айрымдары сыртынан Исламды колдогондой көрүнөт.

Ал эми жалпы Ислам Үммөтүнө келсек, анын куралдуу күчтөрү өз жерлериндеги бардык Американын аскерий базаларына, алардын кошумча объектилерине жана кеңейүүлөрүнө чыккан кыска жана коопсуз байланыш жолдоруна ээ. Базаларга каршы кеңири масштабдагы кургактык чабуулун коргоочу тоскоолдук менен камсыз кылуу үчүн

Ислам Үммөтү өзөктүк куралдарга, континенттер аралык баллистикалык ракеталарга жана гиперүндүү ракеталарга ээ. Ошондой эле Үммөттүн армияларындагы аскерлердин саны миллиондорго жетет, ал эми Ислам жана мусулмандар үчүн согушууга жөндөмдүү эркектердин саны жүз миллиондордон ашат. Демек, материалдык жактан караганда, Аллах Таала Ислам Үммөтүнө берген бардык материалдык факторлор анын пайдасына кызмат кылат. Бул болсо мусулмандардын азыркы башчылары т.а. Американын аскерий базалары жана аны колдогондордун биринчи коргонуу сызыгы болуп эсептелген жетекчилер четтетилгенден кийин ишке ашат.

**Эӊ маанилүү фактор — согуштук акыйда**

Американын аскерий базаларынын чыныгы абалын жана Аллах Таала Ислам Үммөтүнө аны жок кылууга жардам берүү үчүн даярдап койгон материалдык факторлорду карап чыккандан кийин, күрөштүн жыйынтыгын аныктаган эӊ маанилүү факторду талкуулоого убакыт келди. Ал – жоокерлердин ыйманы. Дал ушул ыйман аскерий түзүлүштүн өзөгүн түзүп, аны бекемдейт, анын ыдырап жеӊилип калуусунан сактайт жана жеӊишке карай жылышы үчүн анын биримдигин коргойт. Исламий саясий долбоор тууралуу ар кандай талкуу аны Ислам акыйдасы менен байланыштырмайынча толук болбойт. Ар кандай кеӊири масштабдагы саясий долбоор чындыктар изилденгенден кийин да, шарияттагы артыкчылыктар аныкталгандан кийин да, даярдык жана мүмкүнчүлүктөр баалангандан кийин да, ал тургай өзгөчө кырдаалдар үчүн пландар түзүлгөндөн кийин да толук болбой калат. Эгер аны ишке ашыруу үчүн өз убактысын, ден соолугун, мал-мүлкүн жана жанын курмандыкка чалууга даяр адамдар болбосо, саясий долбоор жансыз бойдон кала берет.

Мындан тышкары, Үммөт Газа, Ливан, Сирия, Йемен, Катар жана Иран маселелеринде мобилизация жүрүп жаткан учурда Америка базаларына сокку урууда ийгиликке жетпегенден кийин, кандай гана пландоо болбосун Ислам акыйдасы тууралуу сөз кылбай коё албайт. Ошол эле учурда Ислам Үммөтү ыймансыз америкалыктарга, яхудий түзүмүнө жана индус мамлекетине салыштырмалуу ачык артыкчылыктарга ээ.

**Душмандын алсыз жана туруксуз акыйдасы**

Душман Америкага келсек, америкалык аскер жетекчилери 2026-жылдын 28-февралында башталган Иранга каршы чабуулду өз жоокерлери арасындагы коркууну көзөмөлдөө аракети катары диний согуш түрүндө көрсөтүшкөн. 2026-жылдын 3-мартында америкалык аскерлердин ичинде динди мамлекеттен бөлүүнү жактаган жана ушул максатты расмий түрдө көздөгөн Аскердик диний эркиндик фонду

(MRFF) ушул аталыштагы макаланы жарыялаган: «Аскердик диний эркиндик фонду командирлерге арызданган көптөгөн даттанууларды алды. Алар жоокерлерге Иранга каршы согуш Иса Машаяктын кайтып келишине жол даярдоо үчүн “Кудайдын илахий планынын бир бөлүгү” экенин айтып жатышат».

Макалада бир аскердик бөлүктүн атынан кайрылган жана өзүнүн бөлүгүндөгү 15 адамдын атынан жазган сержанттын сөзү келтирилген. Ал мындай деген: «Бүгүн эртең менен биздин командир согуштук даярдык боюнча жыйын өткөрүп, азыр Ирандагы согуштук операцияларыбызда болуп жаткан окуялардан коркпоого чакырды. Ал мунун баары илахий пландын бир бөлүгү экенин жоокерлерге жеткирүүнү талап кылды. Ошондой эле Армагеддон согушу жана Иса Машаяктын жакында кайтып келиши тууралуу сөз кылган “Аян” (сафар руъйа) китебиндеги бир нече тексттерди атайын белгиледи. Ал: “Президент Трамп Иса тарабынан масх кылынган. Ал Иранда Армагеддон согушун баштай турган учкунду тутандырып, анын жерге кайтып келишин жарыялоо үчүн тандалган”, - деди».

2026-жылдын 25-мартында согуш министри Пит Хегсет Иран менен согуш башталгандан тартып Пентагондогу биринчи айлык христиандык диний жыйынды жетектеген. Ал жерде ал «ырайымга татыксыз болгондорго каршы басымдуу жана күчтүү зомбулук аракеттерин жүргүзүүгө» чакырган.

Чындыгында, америкалык жоокерлер согуш талаасында күчтүү жана жакшы даярдалган Иран армиясына каршы турганда коркуу сезимин башынан өткөрүшкөн. Алар Ооганстандагы курал-жарагы начар чакан мужахид топторуна каршы турган учурда да коркушкан. Бул коркунуч ушунчалык күчтүү болгондуктан, айрым учурларда жоокерлер душман менен салгылашкандан көрө өз жанын кыюуну артык көрүшкөн.

2013-жылдын январында «Journal of Health Economics» журналында жарыяланган «Согуштун психологиялык чыгымдары: аскердик салгылашуу жана психикалык ден соолук» аттуу изилдөөдө мындай деп айтылган: «2012-жылдын июль айында 38 жоокер өз жанын кыйган. Бул рекорддук көрсөткүч болгон. (АКШнын Коргоо министрлиги, 2012-ж.). Ал эми 2012-жылдын июнь айына чейин Ооганстандагы согуш башталгандан бери өз жанын кыйып каза болгон америкалык аскер кызматкерлеринин саны (2676) ошол жерде согуштук аракеттерде каза болгондордун санынан (1950) ашып кеткен». Ошондуктан АКШ армиясы 2021-жылдын 30-августунда Ооганстандан толук чыгып кетүүгө аргасыз болгону таң калычтуу эмес. Америкалык аскер жетекчилеринин өз күчтөрүн христиан дини аркылуу шыктандыруу аракеттери Ооганстандын мусулмандарына каршы күрөштө ийгиликке

жеткен эмес жана америкалык аскердик түзүлүш өзүнүн ишенимдеринен улам шал болуп калган. Азыркы христиан дини АКШ армиясын анын жетекчилери мусулмандарга каршы күрөшүү үчүн каалаган деңгээлде бекемдей албайт. Ошондой эле христиан дини азыркы түрүндө Иса пайгамбарга (алайхис салам) түшүрүлгөн дин эмес, анткени дин кызматкерлери вахийди бурмалап жиберишкен. Ошондуктан ал алсыз болуп, аскерий акыйданын негизи болууга жараксыз. Христиан дини ушунчалык өзгөртүлүп бурмалангандыктан, анын жолдоочуларынын арасында курмандыкка даярдык, каршылык көрсөтүү жана туруктуулук руху начарлап кеткен.

Бул жерде ак расанын артыкчылыгын жактаган фашист Трамп Гитлердин сөздөрү тууралуу ой жүгүртүшү керек. «Үчүнчү рейхтин ичинде» аттуу китепте Гитлердин архитектору жана куралдануу министри Альберт Шпеер Гитлердин мындай деген сөзүн келтирет: «Көрүп турганыңардай, биздин бактысыздыгыбыз туура эмес динди кабыл алганыбызда болду. Эмне үчүн биз мекен үчүн курмандыкты эң улуу максат деп эсептеген жапондордун динин кабыл алган жокпуз? Ислам да биз үчүн христианчылыктан алда канча ылайыктуу болмок. Эмне үчүн алсыз жана жумшак христианчылыкты кабыл алышыбыз керек эле?».

Мындан тышкары, Американын терең мамлекети жана азыркы америкалыктар жеңишке эмес, капитализмге ишенишет. Американын терең мамлекети Американын капиталисттик элитасынын, армиясынын, мунай, минералдык ресурстар жана технологиялык компанияларынын материалдык пайдасын көздөйт. Ошол эле учурда өз аскерлерин шыктандыруу үчүн христианчылыкты пайдаланат. Терең мамлекет өз кызыкчылыктарын көздөгөн бул аракетин «улуттук кызыкчылык» деген аталыш менен кайра аныктап, армиясын ошол үчүн курмандыкка барууга үндөйт. Бирок бул эки жүздүүлүк эми жашыруун эмес. Ал ашкереленди жана жалпы Америка коомунда, өзгөчө армиянын ичинде көңүл чөгүүнүн булагына айланды. Эми азыркы Америка мууну, анын ичинде аскерлери өз динин сактоо үчүн Европадан чыгып, деңиздерди кечип өтүп, жаңы жерлерде мекен курган динчил ата-бабаларына окшобойт. Жок, азыркы офицерлер мууну капитализмдин, материализмдин, керектөөчүлүк сакофатынын, индивидуализмдин, ыңгайлуулуктун жана өз кызыкчылыгын биринчи орунга коюунун жемиши болуп саналат. Мындай офицерлер корпусу мусулмандар менен боло турган узак жана оор согушта аскерий тартипти жана түзүлүштү кантип сактап кала алат? Күчтүү түрткүгө ээ болгон бир күч алардын түзүлүшүн бузуп салышы убакыт маселеси гана.

**Исламий аскерий түзүлүштүн солкулдабаган бекем ыйманы**

Ислам Үммөтү өз армияларын исламий акыйда негизинде мобилизациялап, аларды мусулман башчыларынын адашуусунан алыстатуусу керек. Исламдагы аскерий түзүлүштүн акыйдасы «улуттук кызыкчылык» эмес, деги эле улутчулдук Исламда жок. Ислам Үммөтүнүн иштери Индонезиядан Мароккого чейинки ар бир мусулмандын иши болуп саналат. Ошондуктан Ирандагы, Палестинадагы, Кашмирдеги, Ливандагы, Сириядагы жана Йемендеги мусулмандардын кыргыны алардын да иши болуп эсептелет. Алардын армиялары болсо буларды коргоо маселесинде Аллах Тааланын алдында жоопкер.

Ал эми «кызыкчылыкка» келсек, мусулмандардын Исламдан тышкары же Аллах Тааланын шариятына каршы келген эч кандай кызыкчылыгы жок. Ислам армияларга мусулмандарды дин негизинде колдоону буюрат. Ошондой эле мусулмандардын басып алынган жерлерин бошотууну буйруйт. Мусулман жерлерин басып алган Ислам душмандары менен аскерий союз түзүүгө же башкаларга баскынчылыкта жардам берүүгө тыюу салат. Ислам кафирлердин аскерий баскынчылыгын токтотууну буюрат. Ал америкалык база болобу же Американын эң чоң базасы болгон яхудий түзүмү болобу, айырмасы жок.

Ыйман жагынан алып караганда, Америка күчтөрү Аллах жолунда согушкан мусулмандардын үмүт кылган нерсесин үмүт кылышпайт. Аллах Таала айтат:

﴿وَلَا تَهِنُوا فِي ابْتِغَاءِ الْقَوْمِ ۖ إِن تَكُونُوا تَأْلَمُونَ فَإِنَّهُمْ يَأْلَمُونَ كَمَا تَأْلَمُونَ ۖ وَتَرْجُونَ مِنَ اللَّهِ مَا لَا يَرْجُونَ ۗ وَكَانَ اللَّهُ عَلِيمًا حَكِيمًا﴾

***«Бул кафир жамаатты кубалоодо суздук кылбагыла. Эгер кыйналып жаткан болсоңор, алар да силер кыйналганыңардай кыйналышууда.*** *(Ошону менен бирге)* ***силер Аллах тарабынан алар үмүт кылбаган нерсени*** *(тагыраак айтканда, соопту, шахид болуу бактысына жетүүнү, кала берсе жеңишке ээ болууну)* ***үмүт кылуудасыңар го?! Аллах билим жана даанышмандык ээси болгон Зат»***. (Ниса: 104).

Ибн Касир тафсиринде мындай дейт: «Силер алардын колунан тийген зыян үчүн Аллахтын силерге бере турган сообуна ишенгендиктен, аларга каршы согушууда жана алар менен салгылашууда сабыр кылууга алардан да көбүрөөк акылуусуңар жана ылайыктуусуңар. Ошондой эле аларды издеп табууга жана алардын артынан түшүүгө дагы көбүрөөк аракет кылышыңар керек. Анткени алар өздөрү алсырап, татыктуу болбогон нерсе үчүн согушушат жана олуттуу аракет кылышпайт».

Ислам акыйдасы мусулмандардын курмандыкка баруусуна гана дем бербестен, Аллах Субханаху ва Таала жеңиш жибергенге чейин туруктуу турушуна да дем берет. Аллах Таала айтат:

﴿فَلَا تَهِنُوا وَتَدْعُوا إِلَى السَّلْمِ وَأَنتُمُ الْأَعْلَوْنَ وَاللَّهُ مَعَكُمْ وَلَن يَتِرَكُمْ أَعْمَالَكُمْ﴾

***«Ошондуктан, силер*** *(кафирлерге каршы согуш кылып жатканыңарда эч качан)* ***суздук кылбагыла жана өзүңөр үстөм-жеңүүчү болгон абалыңарда*** *(аларды)* ***жарашууга да чакырбагыла! Аллах силер менен бирге жана Ал эч качан кылган ишиңерди*** *(соопсыйлыгын)* ***кемитпейт»***. (Мухаммад: 35).

Имам Табари бул аяттын тафсиринде мындай дейт: «Аларга каршы согушууда алсырабагыла жана силер аларды жеңип жаткан абалда аларды элдешүүгө жана тынчтыкка чакырбагыла. “Аллах силер менен бирге” дегени — Аллах аларга каршы силерге жеңиш берүү менен силер менен бирге».

Тескерисинче, Америка алсырап, аны оор жеңилүүгө учуратууга мүмкүн болгон учурда тынчтыкка жана сүйлөшүүгө чакыруу динге ачык каршы чыгуу болуп саналат.

Жер жүзүндө исламий армия ээ болгон нерсеге ээ бир да армия жок. Ислам акыйдасы аклий жана шаръий далилдер менен бекемделген бекем акыйда болуп саналат. Ал шек кабыл албаган анык акыйда. Бул мусулман армияларынын аскерий акыйдасынын бекем негизи болуп эсептелет.

Исламий акыйда исламий аскерий сакофаттын негизи жана исламий армияны куруунун негизги түркүгү болуп саналат. Ал Исламдын сакофий жана фикрий чөйрөсүнүн пайдубалы, ошондой эле аскерий жетекчилердин буйруктарындагы көрүнүктүү өзгөчөлүк болуп эсептелет. Дал ушул акыйда мусулмандарга душмандары көбүрөөк куралга жана күчтүүрөөк таяныч пункттарына ээ болсо да, аларды жеңүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Жыйынтык: Американын аскерий колонизаторлугунан кутулууга карай биринчи кадам**

Оо, Ислам Үммөтү жана анын армиялары!

Келгиле, Чоң Жакынкы Чыгыш аймагындагы Американын аскерий базаларын талкалайлы! Ал мусулман жерлеринде аңдып жаткан жылан сыяктуу. Бул жылан мусулман өлкөлөрүн кайра-кайра чагып келди жана анын уу тиштери жулунуп, ал шал болуп, түп-тамыры менен жок кылынмайынча чагууну уланта берет.

Эл аралык кырдаал, аймактагы абал жана мусулмандардын материалдык мүмкүнчүлүктөрү толугу менен Ислам Үммөтүнүн пайдасына кызмат кылууда. Мындан тышкары, Ислам Үммөтү жана

анын армиялары Аллах Таалага ыйман келтиришкен. Кылымдар бою мусулман армиялары өздөрүнөн да күчтүү душмандарды, анын ичинде кресттүүлөрдү жана моңголдорду жеңип келишкен. Ал тургай жакынкы тарыхта да Ооганстан, Ирак, Сомали, Кашмир, Йемен, Палестина жана Ирандагы согуш талаалары Аллах жолунда согушкан мусулмандардын күчүнө күбө болду. Ошондуктан мусулман армиялары Американын аскерий жайгашуусуна бардык күчү менен каршы күрөшүп, эки жакшылыктын бирин — жеңиш же шахид болууну — көздөшү керек.

Мусулман армиялары үчүн биринчи кадам — Ислам акыйдасына каршы келген жана душманга бардык жагынан жеңилдик түзүп берип жаткан азыркы башчыларды четтетүү. Андан соң мусулман армиялары Ислам акыйдасына негизделген мамлекетти башкарган жетекчиликти бийликке алып келиши керек.

Ооба, Американын аскерий базаларын жок кылуунун биринчи кадамы — мусулман офицерлери тарабынан Хизб ут-Тахриргe нусрат берүү аркылуу пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалыкты тикелөө.

Ошондо рошид халифа армияларды чечүүчү салгылашка баштап чыгып, Ислам дүйнөсүн Американын бузгунчу аскерий базаларынан тазалайт. Натыйжада кафирлер кор болуп, Ислам дини азиз болот. ❑

# ТАҢ АТУУ ТҮНДҮН ЭҢ КАРАҢГЫ КӨЗ ИРМЕМИНЕН КИЙИН БОЛОТ

**Умм Билал – Палестина**

Адамдарды Исламга даават кылып, алар менен тыгыз аралашып жүргөн киши Үммөттүн айрым катмарларында пайда болгон кайдыгерликти байкоосу үчүн көп күч жумшоонун кажети жок. Бул кайдыгерлик сөздөрдө гана эмес, режимдер өз калкына каршы жасап жаткан ачык-айкын зулумдуктарга карата реакциялардын жок болуп кетишинде да көрүнөт. Элди жакырланткан, ырыскысын тарыткан, укуктарын басмырлаган, кадыр-баркын тебелеген режимдер бул ыплас иштерин эч нерсе болбогондой улантып жатышат. Ошол эле учурда бул зулумдун көлөмүнө тете болгон реакцияга туш болушкан жок.

Бул абал табышмак да эмес, Үммөттөрдүн жолундагы өзгөчө көрүнүш да эмес. Тескерисинче, бул чоң жеңилүүлөрдөн кийин элдерге табигый түрдө келүүчү абал. “Араб жазынын” ийгиликсиз аякташы менен Үммөт терең жеңилүүнү сезди. Анткени үмүттөр эл аралык саясаттын “ашканаларында” даярдалган саясий вакыйлык аскасына урунуп, талкаланды. Андан кийин Газа элин оор абалда жалгыз калтыруу болду. Ал жерде жалпы алсыздык ачык-айкын көрүнүп калды. Бул болсо, айрыкча окуялардын алдыңкы сабында тургандардын арасында негизги суроону кайрадан көтөрдү. Алар: «Биз эмне кылышыбыз керек?» - деп сурашты. Бирок аларга берилген жооптордун көбү канааттандырарлык болбоду. Алар негизинен жеке аракеттердин айланасында болуп, же дүйнөдөн обочолонуп ибадат жана дуба менен алектенүү, же майда-чүйдө маселелерге киришип кетүүгө айланды. Негизги көйгөйдү дарылаган жана өзгөрүү үчүн так жолду көрсөткөн олуттуу чечимдер сунушталган жок. Натыйжада аларда мурункудан да көбүрөөк суроолор пайда болду!

Албетте, акыркы мезгилде калктардын абалы туруктуу болбогонун көрүп жатабыз. Алар толкундануу, шыктануу, жеңилүү, көңүл чөгүү жана ар бир чоң окуядан же саясий аракеттен кийин пайда болуучу башка психологиялык абалдардын арасында улам өзгөрүп турду. Мындай өзгөрүүлөр карапайым элдин жүрүм-турумунда түшүнүктүү көрүнүш. Анткени алар табиятынан үстөмдүк кылган саясий абалдын көтөрүлүшү же төмөндөшүнөн таасирленишет. Бирок ушул ар түрдүү абалдар ойгонуу үчүн аракет кылып жаткандарды өз иштеринен алаксытып, чалгытып коюшу – көңүл бурулушу керек болгон, ал тургай сак болуу зарыл болгон нерселерден. Анткени Үммөттүн өзгөрүп туруучу абалынын ойгонуунун жүзөгө ашышына негизинен эч кандай байланышы жок. Ойгонуу жалпы маанайдын үстүнө курулбайт жана элдин шыктануусун же кайдыгерлигин күтпөйт. Тескерисинче, ал

Үммөттүн ичиндеги Аллахтын нусратына татыктуу болгон ихластуу бир катмардын аң-сезимдүү жана шаръий жактан жетиштүү болгон туура амалынын негизинде ишке ашат.

Ал эми карапайым эл болсо, көбүнчө таразалар өзгөрүп, саясий вакыйлык алмашкан кезде бул аракетке кошулат. Имам «Жихадга жана ийгиликке шашкыла!» деп чакырган учурда, алар топ-тобу менен катарга кошулушат. Анткени Үммөт ичинде акыйкаттын үстөм болушун эңсеген адамдардын туйгулары өтө күчтүү жана чечүүчү бурулуш учуру келгенде залимдер ага таң калышат. Ошондуктан Ислам үчүн иш алып барып жаткан адамдар Үммөттүн абалынан терс таасирленбеши керек. Ошондой эле алар кармаган жолдорунун тууралыгын адамдардын учурдагы реакциялары менен өлчөбөшү керек. Тескерисинче, алар жүрүштү улантып, жолдо бекем турушу жана артка чегинбөөсү зарыл. Анткени артка чегинген адам максатына жетпейт. Жол узун жана тоскоолдуктарга толо, бирок өзгөрүүнүн тарыйкаты эч кимге өзгөчө мамиле кылбайт. Ким аларды карманып, бекем жолун улантса, натыйжасына кеч болсо да жетет.

Бүгүн Үммөттүн айрым катмарларында жайылган кайдыгерлик жолдун соңуна жеткенди билдирбейт. Балким, бул анын бир баскычы гана болушу мүмкүн. Андан кийинкиси күтүп отуруу же наразы болуу менен эмес, толкундардын өзгөрүшү менен өзгөрбөгөн жана жагдайлардын алмашуусу менен алсырабаган, туруктуу, ачык-айкын жана жан аябас аракет менен ишке ашат. Ошондуктан биз Ислам Үммөтүнө ар дайым эскертип келебиз: Халифалык — бул Расулуллах ﷺ көрсөтүп берген саясий түзүм. Ал сахабалар (разияллаху анхум) колдонгон саясий түзүм. Ошондой эле ал Ислам Үммөтүнө тарых бою иззат тартуулаган түзүм болуп, Үммөт анын көлөкөсүндө гана улуулукка жеткен. Ошондуктан Үммөт азыр аны кайра тикелөө үчүн ишке аралашып, аны өзүнүн тагдырий маселесине айлантуусу зарыл.

Халифалык долбоору шаръий өкүм жана исламий жашоону кайра баштоонун амалий тарикаты катары сунушталган учурда, режимдер аны дароо жамандап, коркунучтуу нерсе катары көрсөтүүгө шашылышат. Анткени ал ошол агент режимдер курулган негизге сокку урууда. Халифалык — суверенитетти адам чыгарган конституцияга эмес, шариятка берген долбоор. Ал жалпы мүлктөрдү Үммөттүн умумий мүлкү деп эсептеп, аларды шарият өкүмдөрүнө ылайык башкарууну көздөйт. Ошондой эле ал эл аралык мамилелерди көз карандылык жана баш ийүү негизинде эмес, Исламды дүйнөгө даават жана жихад аркылуу жеткирүү негизинде жүргүзөт.

Режимдер корккон аң-сезим – күнүмдүк кризистерди түпкү системасы менен байланыштыра алган аң-сезим. Экономикалык кризис

жөн гана башкаруудагы кемчилик эмес, тескерисинче капиталисттик түзүмдү кабыл алуунун натыйжасы болуп эсептелет. Саясий көз карандылык тактикалык ката эмес, эл аралык түзүмгө структуралык түрдө байланып калуунун акыбети. Ал эми мусулман жерлеринин бөлүнүп-жарылышы географиялык кокустук эмес, тескерисинче бириктирүүчү мамлекеттин кулатылып, анын ордуна улуттук мамлекеттердин орнотулушунун түздөн-түз натыйжасы. Эгер Үммөт Ислам негизиндеги саясий аң-сезимин кайра калыбына келтирсе, анда ал убактылуу пайдаларды издебейт. Тескерисинче, саясий түзүлүштү акыйда негизинде кайра курган түп-тамырынан өзгөрүүнү көздөйт. Бул өзгөрүү сезимдерге жетеленүү менен эмес, мабдаий жана уюшкан саясий иш аркылуу, сырттан кирген жалган түшүнүктөрдүн жүзүн ачып берген фикрий күрөш аркылуу жана режимдердин чет элдик долбоорлор менен байланышын ашкерелеген саясий күрөш аркылуу ишке ашат. Ошондуктан режимдер Халифалык идеясынан коркушат. Анткени алар Үммөт бир гана имамдын болушу жана ал Ислам өкүмдөрүн колдонушу фарз экенин, ошондой эле Ислам менен өкүм жүргүзбөгөн режимдердин астында бөлүнүп-жарылган абалда калуусу жалпы күнөө экенин түшүнүп калса, анда мабдаий альтернатива үчүн иштөөгө багыт аларын билишет. Ошондо идея күчкө, ишеним коомдук пикирге, ал эми коомдук пикир эркке жана өзгөрүүгө айланат.

Үммөттүн бүгүнкү күрөшү курал күрөшүнөн мурда фикрий жана аң-сезим күрөшү болуп саналат. Эгер фикр жана аң-сезим жеңишке жетсе, жалган легитимдүүлүктөр кулап, Ислам акыйдасынан келип чыккан чыныгы легитимдүүлүк көрүнөт. Эгер Үммөт өзүнүн мабдаий саясий долбооруна кайтып келсе, анда ал исламий жашоону кайра баштоонун жолуна биринчи кадамын койгон болот. Бул жөн гана туйгуга таянган ураан эмес, бул Үммөттүн биримдигин, кадыр-баркын жана жетекчилигин кайра кайтарып бере турган жалпы саясий вакыйлык болуп саналат. Ошондуктан дааватты көтөрүп чыккандар Ислам дүйнөсүндөгү окуялардын жүрүшүнө токтолуп, Үммөттү эки нерсеге көңүл бурдуруусу зарыл:

Биринчиси: агенттер тарабынан колонизатор кафир Батыштын зыянынан сактануу же ыраазычылыгына жетүү үчүн айтылып жаткан бардык баш ийүү чакырыктары саясий жактан өзүн-өзү өлтүрүү болуп саналат. Мындай жолдун аягы аны кармангандар үчүн кыйроо жана жоготуу менен гана бүтөт. Мындан тышкары, бул харам иш. Анткени ал Расулуллахтын ﷺ манхажына жана рошид халифалары карманган жолго каршы келет. Ошондой эле бул дүйнөдө жана акыретте Аллах Субханаху ва Тааланын каарына дуушар кылат.

Аллах Таала айтат:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تَتَّخِذُوا عَدُوِّي وَعَدُوَّكُمْ أَوْلِيَاءَ تُلْقُونَ إِلَيْهِم بِالْمَوَدَّةِ وَقَدْ كَفَرُوا بِمَا جَاءَكُم مِّنَ الْحَقِّ﴾

***«Эй момундар, Менин да душманым жана силердин да душманыңарды дос тутпагыла! Силер аларга достук*** *(тууралу кат-кабар)* ***жибересиңер, акыйкатта болсо алар силерге келген Акыйкатка кафир болушкан!*** *»*. (Мумтахана: 1).

Экинчиси: Үммөт колонизатор кафир Батыштын жана анын агенттеринин «Үммөт өз бийлигин кайра кайтарып алууга кудуреттүү эмес» деген чакырыктарына алданып калбашы керек. Батыштагы мүмкүнчүлүктөр көзгө көрүнгөн нерседен ары өтпөйт. Мына, армиясы дүйнөдөгү эң күчтүү аскерий күч катары таанылган Америка өзү дүйнөгө таңуулаган нерселерин ишке ашыра албай калды. Ал Иран менен болгон согуш Венесуэлада кылгандай жеңил жүрүш болот деп ойлогон эле. Бирок согуш созулуп, татаалдашып кетти. Трамп жана анын тарапташтары кыйын абалга кептелип, Ирандын аскерий мүмкүнчүлүктөрүн жок кылуудагы ийгиликтери тууралуу улам бир калпты айтууга өтүштү. Ошол эле учурда алар өздөрү тунгуюктан чыгуу жолун издеп жатышат.

Ушунун негизинде алдыдагы этап ар түрдүү ыктымалдуулуктарга ачык бойдон калууда. Алардын арасында АКШ учурдагы тең салмактуулукту бузууга аракет кылып, кеңири масштабдагы кескин кадамга барышы мүмкүн. Же болбосо ар бир тараптын формалдуу кызыкчылыктары сакталган саясий келишимге багыт алышы мүмкүн. Же дагы аймактагы күчтөрдүн тең салмактуулугун тереңирээк өзгөртө турган узак мөөнөттүү чарчатуу согушуна сүрүлүп кириши мүмкүн.

Бул сценарийлердин кайсынысы болбосун, бир чындык өзгөрүүсүз бойдон калат – чоң өзгөрүүлөр белек катары берилбейт, алар аракет менен гана алынат. Тарыхый чечүүчү учурлар олку-солку болгондорду күтүп турбайт. Тескерисинче, аларды вакыйлыкты туура баамдай алган жана мүмкүнчүлүктөрдү пайдалана билген аң-сезимдүү, эрктүү азаматтар жаратат.

Бул өзгөрүүлөрдүн чордонунда турган Ислам Үммөтү — өзүн көз карандылык жана алсыздык абалынан чыгара турган, түп-тамырынан өзгөрүүнү эңсеп жаткан Үммөт катары — бүгүн бул окуяларды аң-сезимдүү түрдө баамдоого милдеттүү. Аларды эл аралык күчтөрдүн ортосундагы убактылуу кагылышуу катары эмес, багытты өзүнүн хазарий долбооруна кайра буруу үчүн тарыхый мүмкүнчүлүк катары карашы керек.

Күчтөрдүн тең салмактуулугунун бузулушу жана абсолюттук үстөмдүктү таңуулоо мүмкүнчүлүгүнүн төмөндөшү тарыхта көп кайталана бербеген бир терезени ачууда. Бул терезе аркылуу Ислам

негизиндеги долбоорду алдыга чыгаруу мүмкүн. Ал адамзатты чарчаткан жана дүйнөнү улам-улам ар кандай кризистерге тарткан ач көз түзүмдөргө альтернатива сунуштай турган долбоор болуп саналат. Бул болсо жөн гана дубаларга байланып калган иш эмес, бул терең саясий аң-сезимди, бекем эркти жана уюшкан аракетти талап кылат. Мындай аракет учурдагы мүмкүнчүлүктү туура пайдаланып, аны текке кетирбеши керек. Ошондо Үммөт алдыдагы этаптын жыйынтыктарын гана кабыл алган тарап болбостон, өзгөчөлүктөрүн аныктаган таасирдүү тарапка айланат.

Аллах улуу күн үчүн тоскоолдуктарды жеңилдетип жатканына толук ишенебиз. Үммөттүн ихластуу уул-кыздары «Лаа илааха иллаллах, Мухаммад Расулуллах» роясы астында күчтөрүн бириктириши менен, Персиянын жана Румдун падышалары Аллахтын урматтуу Пайгамбары ﷺ жана анын сахабалары алдында аз жылдардын ичинде жеңилген болсо, бул роянын алдында да куфрдун жамааттары жеңилет. Биз акыйкаттын ээлери экенибизге бекем ишенебиз жана акыйкат Аллахтын уруксаты менен сөзсүз жеңет.

Чындыгында, Хизб ут-Тахрир бул улуу фарзды кайра тургузуу үчүн исламий сакофатты жана саясий аң-сезимди даярдап койгон. Ошондуктан Аллахтын нусратына сүйүнгүлө жана өзүңөрдү ошол улуу күнгө даярдагыла. Анткени батыл жука кабык сыяктуу, ал жакында талкаланып, акыйкат өз нуру менен жаркырайт. Ошол учурда жүрөктөр да, көздөр да толкуп жаш төгөт. Акыйкатка каршы турган батылды кулатуунун куралы болгон жана акыйкаттын имаратындагы бир кыш болгон адамдарга сүйүнчү болсун.

Акыркы дубабыз – бүткүл ааламдардын Раббиси болгон Аллахка мактоолор болсун. ❑

## КЫЯНАТТЫК ДООРУ ЖҮРӨГҮҢДҮ УУРДАП КЕТИШИНЕ ЖОЛ БЕРБЕ: АЛСЫЗДЫКТАН ХАЛИФАЛЫККА ЧЕЙИНКИ ЖОЛ

**Мухаммад Абдуллах – Кашмир**

Бүгүнкү дүйнөнүн саясий вакыйлыгы – бул Үммөткө каршы жүргүзүлүп жаткан согуштун вакыйлыгы. Газа болсо системалуу кыргын жана массалык геноциддин үчүнчү жылында дагы эле каны төгүлүп жатат. Вашингтон тарабынан куралдандырылган, каржыланган жана дипломатиялык жактан корголгон, ошондой эле мусулман өлкөлөрүндөгү малай башчылардын унчукпай туруп колдоосу менен яхудий түзүмү бүтүндөй бир элди урандыга, ачарчылыкка жана массалык көрүстөндөргө айландырууну улантууда. Дүйнөдөгү эң өнүккөн аскерий машина так багытталган ок-дарыларды ооруканаларга, балдарга жана бүтүндөй үй-бүлөлөргө жаадырып, аларды бир эле сокку менен жок кылууда. Ал эми эл аралык капиталисттик түзүмдүн жообу болсо курулай чечимдердин жана болбогур айыптоолордун сахнасы болуп калды. Ошол эле учурда бул кыргынды каржылоо токтогон жок.

Мусулман башчыларынын жардамсыз таштап коюусу жана унчукпай турушу андан да кайгылуу. Алар бул кыргынга каршы макулдашууга жана бир пикирге келгендей көрүнүшөт. Бул жөн гана согуш эмес, бул Аллах Субханаху ва Таала сүрөттөгөн колонизатордук душмандыктын ачык көрүнүшү:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تَتَّخِذُوا بِطَانَةً مِنْ دُونِكُمْ لَا يَأْلُونَكُمْ خَبَالًا وَدُّوا مَا عَنِتُّمْ قَدْ بَدَتِ الْبَغْضَاءُ مِنْ أَفْوَاهِهِمْ وَمَا تُخْفِي صُدُورُهُمْ أَكْبَرُ قَدْ بَيَّنَّا لَكُمُ الْآيَاتِ إِنْ كُنْتُمْ تَعْقِلُونَ﴾

***«Эй, момундар, өзүңөрдү коюп,*** *(ал мунафыктарды)* ***сырдаш, дос тутпагыла! Алар силерге зыян жеткирүүдө күчтөрүн аяшпайт жана жаман абалга түшүшүңөрдү арзуу кылышат. Алардын силерди жаман көрүүлөрү ооздорунан ашкере болду. Дилдериндеги душмандыктары болсо андан да чоңураак. Эгер акыл жүргүзүп көрсөңөр, силерге белгилерди ачык-айкын кылып бердик»***. (Али Имран: 118).

Газадан Кашмирге чейин бүгүн Үммөт өз-өзүнчө кризистерге туш болуп жаткан жок. Тескерисинче, ал алсыратууга багытталган дүйнөлүк координацияланган өнөктөштүккө каршы туруп жатат. Палестина демографиялык жактан жок кылынганга чейин бомбаланып жатса, Кашмир индус улутчул баскынчылыгынын алдында жок кылынууда. Ал эми Иордан дарыясынан Кашмир өрөөнүнө чейин басып алынган жерлер өзгөргүс вакыйлык катары кабыл алынып, башкарылып жана Үммөттүн аң-сезимине чечилиши өтө татаал маселелер катары таңууланууда.

Бул өз-өзүнчө трагедиялар эмес. Бул ар башка туулардын алдында жүргүзүлүп жаткан, бирок аларды бир максат бириктирген жалгыз колонизатордук долбоор. Ал максат мусулмандарды баш ийдирүү жана Исламдын бул жерлерди мурункудай түзүм катары башкаруусуна эч качан жол бербөө. Бул тууралуу Аллах Субханаху ва Таала мындай деген:

﴿وَلَا يَزَالُونَ يُقَاتِلُونَكُمْ حَتَّىٰ يَرُدُّوكُمْ عَن دِينِكُمْ إِنِ اسْتَطَاعُوا﴾

***«Алар колунан келсе силерди тээ диниңерден кайтарганга чейин силер менен согуша беришет»***. (Бакара: 217).

Эгер душмандын кылычы оор жараласа, чыккынчынын канжары андан да терең жаралайт. Бул сүрөттөө өздөрүн коргоочу катары көрсөтүп, бирок кафирлер менен кызматташкан малай башчыларга туура келет.

Американын азыркы Иранга каршы согушу кафирлер кээ бир исламий өлкөлөрдүн маал-маалы менен аткарып берген ролдоруна эч качан канааттанбай турганын дагы бир жолу көрсөттү. Узак жылдар бою Иран атайылап болсун же кызыкчылыктардын кесилишүүсү аркылуу болсун, Американын аймактагы функционалдык түзүлүшү болуп келди. Иран Афганистанды басып алууда туруктуу басым өткөргөн жөнгө салгыч кызматты өтөдү, Иракта көзөмөлдөнгөн тең салмактоочу күч болду, ошондой эле Сирияны жана анын кылмышкер башчысы Башарга каршы көтөрүлүштү талкалоодогу шахмат таштарынын бири катары колдонулду. Эми болсо Америка, Иран мусулмандарга каршы жардам бергенден кийин, анын өзүнө каршы бурулду. Бул колонизатор күч менен болгон эч бир соодалашуу коопсуздукту камсыздап бере албастыгын ачыктаган сабак болду. Империяга кызмат кылган адамдын пайдасы бүткөндө, ал четке ыргытылат.

Мусулман өлкөлөрүндөгү режимдер колонизаторлук кызыкчылыктарга кызмат кылып, Үммөттүн байлыгын мусулмандардын жерлерин басып алган колонизаторлорду каржылоого жумшоодо. Алардын (яхудийлер менен) мамилелерди нормалдаштыруусу жана Газадагы кыргынга унчукпай турушу мусулмандардын канына караганда өз бийлигин сактап калууну жогору коёрун далилдейт. Алар яхудий вужудунан коркконго карганда мусулмандардан жана Исламдан алда канча көбүрөөк коркушат. Анткени яхудий түзүмү мусулман жерлеринин бир бөлүгүн гана тартып алышы мүмкүн, ал эми Ислам болсо алардын баарынын тактыларын тартып алат.

Аллах Субханаху ва Таала мындай деген:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تَتَّخِذُوا عَدُوِّي وَعَدُوَّكُمْ أَوْلِيَاءَ تُلْقُونَ إِلَيْهِم بِالْمَوَدَّةِ وَقَدْ كَفَرُوا بِمَا جَاءَكُم مِّنَ الْحَقِّ﴾

***«Эй момундар, Менин да душманымды жана силердин да душманыңарды дос тутпагыла! Силер аларга достук*** *(тууралуу кат-кабар)* ***жибересиңер, акыйкатта алар силерге келген Акыйкатка кафир болушкан!».*** (Мумтахана: 1).

Ошол эле учурда Кашмир индус улутчул баскынчылыгынын алдында талкаланып бара жатат. Ал билдирүүлөрдө унутулуп, күн тартибинен өчүрүлүүдө. Ал эми Палестина болсо колонизаторлук кылмыш катары эмес, жөн гана «кризис» катары башкарылууда.

Ушул үмүтсүздүк жана кыянатчылдык өкүм сүргөн шартта Үммөткө ар-намыс менен жеңиштин жалган сүрөтү сунушталууда: Исламабаддагы Пакистандын генералдары жана алардын саясий кожоюндары америкалык өкүлдөр үчүн кызыл килем төшөп, кубанып, сүрөткө түшүп, сыймыктанып турушат. Бул малай башчылар мусулмандардын денелерин Кабулдан Фаллужага чейин талкалаган күчтөрдүн пайдасына ортомчулук кылууну «мамлекетти башкаруу өнөрү», «дүйнөлүк дипломатия» жана «аброй» деп аташат. Алар «Лаа илааха иллаллах» акыйдасын күчтүүлөр менен бир сүрөткө түшүүгө алмаштырып жатышат. Кызматташууну эрдик катары, алсыздыкты болсо өнүгүү катары көрсөтүшүүдө.

Аллах Субханаху ва Таала айтат:

﴿الَّذِينَ يَتَّخِذُونَ الْكَافِرِينَ أَوْلِيَاءَ مِن دُونِ الْمُؤْمِنِينَ ۚ أَيَبْتَغُونَ عِندَهُمُ الْعِزَّةَ فَإِنَّ الْعِزَّةَ لِلَّهِ جَمِيعًا﴾

***«Алар момундарды коюп, кафирлерди дос тутушат, эмне, алар ошол кафирлердин жанынан күч-кубат издешеби?!*** *(Убара болушат!).* ***Анткени бардык күч-кубат Аллахка таандык».*** (Ниса: 139).

Чыныгы жеңилүү согуш талаасында болбойт. Ал акылда башталат, анткени ички кыйроо туруктуу алсыздыктын негизги пайдубалы болуп саналат.

Эң оор жеңилүүлөр картадагы аймакта жаралбайт. Алар бул кыянатчылдыктарды көрүп туруп, акырындык менен үмүтсүздүктүн таасиринен шал болуп калган жүрөктөрдө жана акылдарда пайда болот. Газаны ойлоп ыйлаган жүрөк – тирүү жүрөк. Мусулман жерлеринин кордолуп жатканын көрүп көкүрөгү кысылган адамдын көкүрөгү өз милдетин туура аткарып жатат. Аллах ооруну сезүүнү айыптабайт, бирок адам ага толук тартылып кетип, үмүтсүздүктүн айынан шал абалга түшүп калуусунан эскертет. Аллах Субханаху ва Таала мындай деген:

﴿فَلَا تَأْسَ عَلَى الْقَوْمِ الْفَاسِقِينَ﴾

***«Сен бул фасык коомдун кылмышынан капа болбогун».*** (Маида: 26).

Бул жердеги тыюу кайгырууга эмес, ага чөгүп кетүүгө байланыштуу. Ошондой эле, башыңдан өткөн же көргөн нерселер сени аракет кылуудан, ой жүгүртүүдөн жана акыйкат жөнүндөгү түшүнүгүңдө бекем туруудан тосуп койчу оор жүккө айланып кетишине жол бербөөгө байланыштуу.

Бул окуялардын акыйкатын жеңилген адамдын үмүтсүздүгү аркылуу эмес, Аллахтын сүннөттөрү аркылуу көрүү керек. Жүздөрдөгү жасалма пардалардын түшүшү, режимдердин чыныгы жүзүнүн ачылышы жана генералдардын Батыштын камералары алдында жылмайып турушу – алардын маскара болушу.

Аллах Субханаху ва Таала мындай деген:

﴿مَا كَانَ اللَّهُ لِيَذَرَ الْمُؤْمِنِينَ عَلَىٰ مَا أَنتُمْ عَلَيْهِ حَتَّىٰ يَمِيزَ الْخَبِيثَ مِنَ الطَّيِّبِ﴾

***«Аллах момундарды силер болгон мына ушул абалда таштап коюучу эмес. Ары Ал жаманды жакшыдан ажыратат»***. (Али Имран: 179).

Бул айырмалоо жыргалчылык мезгилинде болбойт. Анткени кыянатчы өзүн кысым астында ашкерелейт. Бул аларга күч-кубат берилип жатканын билдирбейт, тескерисинче, алардын жүзү ачылып жатканын билдирет.

Алга карай жол аларды ээрчип, таянуу менен болбойт. Эгер кыянатчыл режимдер яхудий вужуду менен мамилелерди нормалдаштырса, анда нормалдаштыруу акыйкат болуп калбайт. Эгер аалымдар унчукпай калса, анда унчукпоо Исламдын позициясы болуп калбайт.

Аллах Субханаху ва Таала айтат:

﴿وَإِن تَتَوَلَّوْا يَسْتَبْدِلْ قَوْمًا غَيْرَكُمْ ثُمَّ لَا يَكُونُوا أَمْثَالَكُمْ﴾

***«Эгер силер*** *(Аллахка моюн сунуудан)* ***жүз буруп кетсеңер, Ал*** *(ордуңарга)* ***силерден башка бир коомду алмаштырып койот. Андан кийин алар силерге окшобойт*** *(тескерисинче Аллахка моюн сунуп сыйынышат)****!»***. (Мухаммад: 38).

Исламды мекемелер көтөрбөйт. Аны бекем кармангандар көтөрөт. Алардын чыккынчылыгы акыйкатты көмбөйт, тескерисинче өздөрүн гана көмөт.

Түшүнүгүңдө бекем турушу үчүн элдин көтөрүлүшүн күтпө. Өз позицияңды аныктоо үчүн аалымдардын сүйлөшүн күтпө. Эл кыймылдаганы үчүн эмес, өзүң билгениң үчүн тур. Эгер алар унчукпай

калышса, сен андай кылба. Эгер алар багынып беришсе, сен багынба. Эгер алар кыйрашса, сен кыйрабагын.

Адам өзүнө «Үммөт менин өмүрүмдө ойгоно алабы?» деген суроо эмес, тескерисинче «Мен Аллахка кандай абалда жолугам?» деген маанилүү суроо бериши керек.

Сен Аллахка жер жүзүндө эмне ишке ашканы менен эмес, өзүң эмне кылганың менен жолугасың. Эгер генералдар Вашингтондун камералары алдында жылмайып турушса, сен аны чыныгы аты менен атадыңбы? Эгер режимдер баскынчылыкты каржыласа, сен алардын жүзүн ачтыңбы? Эгер басып алынган жерлер дипломатиялык сүйлөшүүлөрдө унутулса, сен аларды эске салдыңбы?

Кыянаттык доор сенден согушта гана жеңилүүнү каалабайт. Ал андан да кымбат нерсени каалайт: жүрөгүңдү, ишениминди, чечкиндүүлүгүңдү жана сынбоого болгон каршылыгыңды тартып алууну каалайт. Ошондуктан ага буларды бербе.

Кайгыр, бирок кайгынын сени кыйратып салышына жол бербе. Көр, бирок көргөн нерселериңе багынып бербе. Бул доордун оор жүгүн көтөр, бирок ал сени көмүп салышына жол бербе.

Жол узун. Ал эми келечектеги ролуң бүгүн бекем туруп беришиңе толугу менен байланыштуу. Аллах Субханаху ва Тааланын убадасы башчылардын кыянаттыгы менен бүтүп калбайт. Ал Газанын урандылары астында көмүлүп калбайт. Исламабаддагы салтанат залдарындагы кол чабуулар менен да басылып калбайт. Жеңишти берүүчү – Аллах. Сенин милдетиң болсо аракет кылуу, бүгүн бекем туруу жана Аллах адамдын колу ача албаган эшиктерди ачарына ишенүү. Юсуф алейхиссаламдын алдында бардык эшиктер жабылганда, эшиктер бекем кулпуланганда жана батыл ар тараптан кысым көрсөткөндө эмне калды эле? Алдыга карай толук тобокелчилик менен жасала турган бир кадам гана калды. Аллах Субханаху ва Таала айтат:

﴿وَاسْتَبَقَا الْبَابَ وَقَدَّتْ قَمِيصَهُ مِن دُبُرٍ﴾

*«(Экөө тең)* ***эшик тарапка жүгүрүштү жана*** *(Зулайка Юсуфка жетип барып)* ***анын көйнөгүн аркасынан жыртып жиберди****»*. (Юсуф: 25).

Сыртынан караганда тунгуюк болуп көрүнгөн учурдун өзү эле Аллахтын кийлигишүү учуруна айланды. Бул Аллахтын пенделерине карата сүннөтү. Шарттардын эң катуу кысымы жардамсыз таштап коюунун белгиси эмес, тескерисинче, ал жеңилдиктин босогосу болуп саналат.

Халифалыкты кайра тикелөө болсо – аткарылчу убада. Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ نُبُوَّةٍ»

**«Андан кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот».** ❑

# ШАРИЯТТЫ КОЛДОНУУГА ЧАКЫРУУ ЖАНА ХАЛИФАЛЫККА ДААВАТ КЫЛУУ ФАРЗ БОЛУП САНАЛАТ. БУЛ МИЛДЕТ МУУНДАН МУУНГА ӨТКӨРҮЛСӨ ДА, ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ АРАКЕТТИ ТАЛАП КЫЛАТ

**Абдуллах бин Асиф – Индия**

Исламий жашоону кайра баштоо үчүн болгон исламий ойгонуу амалы бир эле адамдын амалы эмес. Балким, ал бир эле муундун милдети болбошу да мүмкүн. Ал – бир муундун колуна тапшырылган аманат. Акыры Аллах Субханаху ва Тааланын нусрат, күч-кубат жана мураскор кылуу жөнүндөгү убадасы ишке ашканга чейин, ал муун бул милдетти аманат катары кийинки муунга өткөрүп келе берет.

Биз даъват көтөрүүчүлөр катары ар бир күнүбүздү ушул улуу жана ардактуу милдеттеги ролубузду аткаруу аркылуу Раббибиздин ыраазылыгын издеп башташыбыз керек. Анткени Аллах Субханаху ва Таала мындай деди:

﴿وَالَّذِينَ جَاهَدُوا فِينَا لَنَهْدِيَنَّهُمْ سُبُلَنَا وَإِنَّ اللَّهَ لَمَعَ الْمُحْسِنِينَ﴾

***«Биздин** (жолубуз) **да жихад кылган - күрөшкөн заттарды албетте Өз жолдорубузга баштайбыз. Ырасында, Алла көркөм иштер кылуучу заттар менен бирге»*.** (Анкабут: 69).

Бул аят бир аз аракет кылып коюп, андан кийин артка кайткан адамдарга эмес, тескерисинче, убакыт канчалык узарбасын жана канчалык оорчулуктар болбосун, Аллах жолунда жихадды жана туруктуулукту уланткандарга багытталган. Анткени илахий хидаят жөнүндөгү убада аракетти жөн гана баштоого эмес, аны үзгүлтүксүз улантууга байланыштуу.

Бул чындык ушул рисалаттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана ал даъват көтөрүүчү башынан эле түшүнүшү керек болгон Аллахтын сүннөттөрүнөн. Даъват көтөрүүчү бул амалга өз өмүрүндө анын жыйынтыгын сөзсүз көрөбүз деген ишеним менен кирбегенибизди түшүнүшү керек. Тескерисинче, биз бул амалга биздин доордун важиб амалы болгондугу үчүн, үммөт ага муктаж болгондугу үчүн жана Аллах Субханаху ва Таала аз сандагы адамдарды бул аманатты көтөрүү үчүн көз караштын тунуктугу жана ниеттин ихластуулугу менен сыйлагандыгы үчүн кирдик. Ал эми нусрат, күч-кубат жана мураскор кылуу иши Аллахтын Өз колунда.

Дүйнө жашоосу – жихад майданы, ал эми өлүмдөн кийинкиси – жамандыктан эс алуу. Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген:

« اللَّهُمَّ أَصْلِحْ لِي دِينِي الَّذِي هُوَ عِصْمَةُ أَمْرِي، وَأَصْلِحْ لِي دُنْيَايَ الَّتِي فِيهَا مَعَاشِي، وَأَصْلِحْ لِي آخِرَتِي الَّتِي فِيهَا مَعَادِي، وَاجْعَلِ الْحَيَاةَ زِيَادَةً لِي فِي كُلِّ خَيْرٍ، وَاجْعَلِ الْمَوْتَ رَاحَةً لِي مِنْ كُلِّ شَرٍّ»

***«Оо Аллах! Менин динимди оңдо, ал менин иштеримдин коргоочусу. Дүйнөмдү оңдо, анда менин тиричилигим бар.***

***Акыретимди оңдо, ага кайтып барам. Өмүрдү мен үчүн ар бир жакшылыкта зияда кыл. Өлүмдү болсо мен үчүн ар бир жамандыктан эс алуу кыл».*** (Муслим риваят кылган).

Пайгамбар Мухаммад ﷺ жана анын сахабалары (разияллаху анхум) жыйырма жылдан ашык убакыт талыкпай аракет кылышкан. Алар Маккада он үч жыл азаптарга сабыр кылышты, андан соң Мадинага хижрат кылып, Ислам мамлекетин тикелешти. Бадрда, Ухудда жана Ахзабда Курайшка каршы согушушту. Акыры Аллах аларга хижраттын сегизинчи жылынын Рамазан айында Макканын фатх болуусун насип кылды. Ошондой эле улуу сахабалардын уулдары жана Пайгамбарыбыздын ﷺ неберелери да залымдарга каршы турушкан. Бул жолду баскандардын айрымдары, Аммардын ата-энеси Ясир менен Сумайя сыяктуу, нусрат келгенден көп жылдар мурда шахид болушкан жана өмүрлөрүн арнаган жемишти көрүшкөн эмес. Ошентсе да Аммар (разияллаху анху) карыган курагына чейин зулумга каршы бекем бойдон турган. Алардын өлгөнгө чейин туруктуу болушу жеңилүү эмес эле, тескерисинче, алар үчүн түбөлүк сыймык болгон. Кийинки муундар да ушул жолду улантышты.

Тарыхтагы окуялар да бул көрүнүштү эч бир өзгөчөлүксүз тастыктайт. Маселен, Салахуддин Айюбий (рахимахуллах) Шам жана Мисирдеги бөлүнүп кеткен башкаруучуларды бириктирүүгө жыйырма жылдан ашык убакыт сарптаган. Натыйжада мужахиддер Куддусту кресттүүлөр басып алгандан сексен сегиз жыл өткөндөн кийин, 583-хижрий жылы азат кылууга жетишишти.

Улуу сахаба Абу Айюб Ансарий (разияллаху анху) болсо 49-хижрий жылы Константинополдун дубалдары жанында шахид болгон. Анын кабыры бүгүнкү күнгө чейин ошол жерде турат. Ал эми Пайгамбарыбыз ﷺ сүйүнчүлөгөн кабарды ишке ашырып, шаарды Ислам үчүн фатх кылуу султан Мухаммад Фатихке 1453-жылы насип болгон.

Ошол узак даярдык жылдарында жашап өтүп кеткен адамдар ийгиликсиз болушкан эмес. Тескерисинче, алар азаттык анын үстүнө курулган пайдубал болушкан. Бул мисалдардын ар бири бир эле маанини билдирет: сыртынан караганда токтоп тургандай көрүнгөн жылдар текке кеткен эмес. Тескерисинче, алар амалдын өзөгүн түзгөн пайдубал болуп саналат. Нусрат болсо жолдун маңызы эмес, анын жыйынтыгы. Даъват көтөрүүчү дайыма нусрат жалгыз Аллахтан экенин эстеп жүрүшү керек.

Хизб ут-Тахрирдин өзү да ушул чындыктын жандуу көрүнүшү болуп саналат. Шейх Такиюддин Набханий (рахимахуллах) партияны 1953-жылы негиздеген жана түрмөлөргө камалууга, сүргүнгө айдалышына

карабастан, 1977-жылы Аллах Тааланын рахматына кеткенге чейин тынымсыз иш алып барган.

Андан кийин рояны шейх Абдулкадим Заллум (рахимахуллах) көтөрүп, 2003-жылга чейин алып жүрдү. Бүгүн болсо жетекчиликти шейх Ато бин Халил Абу Рашта (хафизахуллах) улантууда. Ал өзү үч жетекчилик баскычына жана сабырдуу даъваттын ондогон жылдарына күбө болгон.

Жетимиш жыл бою бул амал Борбордук Азияга, Араб жарым аралына, Индия субконтинентине, Африкага, Европага жана Америкага чейин жайылып, туруктуу жана үзгүлтүксүз кеңейип келүүдө. Бул амал башынан эле алсыз болгон мусулман башкаруучуларынын тактарын титиретип, жаңы дүйнөлүк капиталисттик түзүмгө бекем жана альтернативдүүү долбоор менен каршы турууда.

Муну дагы тастыктаган нерсе – Вашингтондогу Жакынкы Чыгыш изилдөөлөр борборунун 2025-жылдын сентябрында чыгарган чейректик баяндамасынын аталышы: «Хизб ут-Тахрир: саясий акыйда, глобалдык жайылуу жана эл аралык түзүмгө чакырык». Бул жана башка көптөгөн изилдөөлөр менен басылмалар Батыш даъваттын жана анын көтөрүүчүлөрүнүн күчүнөн коркуп жатканын көрсөтөт.

Эгерде коммунизм жана хиндутва кыймылдары сыяктуу батыл күчтөр бийликтин өзөгүнө жетүү үчүн бир кылым бою иш алып барышкан болсо, анда ааламдардын Раббисинен келген эң туура түзүмдү көтөрүп жүргөн биз кандайча бул ардактуу милдеттен артка чегинүүгө өзүбүзгө уруксат бере алабыз?! Бул амалдын ондогон жылдарынын ичинде даъват көтөрүүчүлөрдүн айрымдарына жол оор сезилиши табигый нерсе. Коркуу, чарчоо, үй-бүлөлүк басымдар, экономикалык кыйынчылыктар жана узакка созулган күрөштө көзгө көрүнгөн жеңилдиктин жоктугунан улам пайда болгон күмөндөр ар бир муундагы ихластуу адамдардын туруктуулугун сынап келген. Бул жаңы нерсе эмес. Курандын өзү да айрым сахабалар башынан өткөргөн олку-солку учурларды баяндайт. Андан кийин Аллах Субханаху ва Таала аларга жемелөө менен эмес, эскертүү, бекемдөө жана кайрадан чакыруу менен кайрылган.

Аллах Субханаху ва Таала мындай деди:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اصْبِرُوا وَصَابِرُوا وَرَابِطُوا وَاتَّقُوا اللَّهَ لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ﴾

***«Эй момундар, сабыр кылгыла жана сабыр-такаат кылууда*** *(каапырлардан)* ***өйдө болгула, ошондой эле дайыма*** *(күрөш-жихад үчүн белиңер байлануу абалда)* ***даяр болуп тургула! Алладан корккула,*** *(ошондо)* ***мүмкүн нажат табасыңар*** *(дүйнө жана Акыретте максатка жетишээрсиңер)!»* (Али Имран: 200).

Бул аятта талап даражасы боюнча жогорулап барган үч буйрук бар:

«اصبروا» – өз жүктөрүңөрдү сабыр менен көтөргүлө.

«وصابروا» – сабыр кылууда душманыңардан үстөм болгула.

«ورابطوا» – өзүңөргө тапшырылган орунда бекем туруп, экиленбегиле.

Булар бири-биринен бөлүнгөн үч амал эмес. Тескерисинче, алар Аллах Субханаху ва Таала оор учурларда Өз даъватын көтөргөндөрдөн талап кылган бир гана амалдын – туруктуулуктун үч өлчөмү болуп саналат.

Күн артынан күн, жыл артынан жыл жана он жылдык артынан он жылдык бою туруктуу болгон адамдарга айта турган сөз: билип койгула, эң улуу сооп Раббисине жолукканга чейин туруктуу болгондор үчүн берилет. Жаннат аны жөн гана эңсегендер үчүн эмес, ага ихлас жана туруктуулук менен акыркы демине чейин амал кылгандар үчүн насип болот. Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалык алыс кыял эмес, ал Пайгамбарыбыздын ﷺ сүйүнчүлөгөн кабары. Ал эми күч-кубат жана мураскор кылуу болсо Аллах Субханаху ва Тааланын убадасы.

Ар бир илим халкасы, ар бир жүрүш жана жер жүзүнүн кайсы бурчунда болбосун ушул даъватты көтөргөндөрдүн ар бир сабырдуу кадамы – Аллах толуктап бүтө турган курулуштагы бир кыш болуп саналат.

Биз жолубузду улантуудабыз. Аяттар ачык. Убада акыйкат. Ал эми жеңиш болсо, Аллах Субханаху ва Тааланын уруксаты менен, убакыт маселеси гана. ❑

# Өзбекстан мыйзам долбоорунда кылмыш жоопкерчилигине тартуу жана камакка алуу үчүн бутага алынгандардын чөйрөсүн кеңейтүү максатында «саясий экстремизм» терминин кошууда

Өзбекстандагы Хизб ут-Тахрирдин маалымат бөлүмү хижрий 1447-жылдын 30-шаввалында, миладий 2026-жылдын 17-апрелинде «Өзбек режими “экстремизм” деген беткаптын артында Исламга жана мусулмандарга каршы согуштун жаңы баскычын баштоодо» деген аталыштагы басма сөз баянатын жарыялады.

Билдирүүдө мындай деп айтылат:

«Өзбекстандагы мыйзам чыгаруу органы – Мыйзам чыгаруу палатасы – өлкөнүн мусулман элине жана анын исламий баалуулуктарына каршы багытталган дагы бир зулумга кадам жасады. 7-апрелде депутаттар биринчи окууда “экстремизмге каршы күрөшүү” деген шылтоо менен жаза чараларынын чөйрөсүн кеңейтүүнү караган мыйзам долбоорун жактырышты. Бул өзгөртүүлөр жеке адамдарды гана эмес, мамлекеттин көзөмөлүнөн тышкаркы расмий эмес уюмдарды жана режимге жакпаган пикирлерди кабыл алган ар кандай топторду да бутага алууда.

“Экстремизм” – колонизаторлордун универсалдуу куралы. Башкы прокурордун орун басары Б. Валиев өз баяндамасында: “Экстремизм түшүнүгү Бириккен Улуттар Уюмунун жана Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун сунуштарынын негизинде кайра каралып жатат”, - деп баса белгиледи. Бул болсо өзбек режими дагы эле өз элин Батыштын кафир колонизаторлору койгон эрежелер боюнча ооздуктап жатканын билдирет. “Экстремизм” термини болсо исламий саясий идеяга тоскоолдук коюу жана Үммөттүн ойгонушун кечеңдетүү үчүн эбактан бери колдонулуп келе жаткан коркутуу куралы».

Жаңы мыйзамда расмий эмес уюмдардын бутага алынышы Исламды мечиттен тышкары жерде үйрөнүүгө аракет кылган же коомдун көйгөйлөрүн талкуулаган ар кандай ыктыярдуу топтун «экстремисттик» топ катары классификацияланышын билдирет. Бул аркылуу режим коомдун бардык тармактарын коркууну жана толук көзөмөл алдында кармоону көздөөдө.

Режим «кылмыш жоопкерчилигин жарым-жартылай алып салуу» жөнүндө айтып, биринчи жолу жаңылыштык кетиргендерге жеңилдиктер берилерин убада кылууда. Бирок бул арканды бошотуп, кайра тартуу оюнунан башка нерсе эмес! «Коомдук реабилитация» жана «радикалдуу пикирлерди ондоо» сыяктуу терминдердин артында

мусулмандардын акыйдасын бузуу жана аларды режимге берилген куурчактарга айландыруу максаты жатат.

Диний экстремизмден саясий экстремизмге өтүү. Валиевдин айтымында, эми жаза диний экстремизм үчүн гана эмес, «саясий экстремизм» деп аталган нерсе үчүн да сөзсүз колдонулат. Бул режимдин саясий атаандаштарына жана анын начар башкаруусун сындагандарга каршы ачылган жаңы фронт болуп саналат. Натыйжада, ар кандай саясий талап же оңдоону каалоо конституциялык түзүлүшкө каршы аракет катары бааланышы мүмкүн.

Өзбек режими өзүнүн тактысын сактап калуу үчүн мыйзамдарды катаалдатууда. Ал бул иште Батыш мамлекеттеринин (Америка) жана Чыгыштагы колонизаторлордун (Кытай жана Орусия) тажрыйбаларына таянууда. Бул мыйзамдар Исламдын чыныгы маңызын түшүнүп, аны жашоо вакыйлыгына кайра алып келүүгө аракет кылган мусулмандарга каршы багытталган. Бирок тарых көрсөткөндөй, кысым көрсөтүү жана «экстремизм» деген эн тамганы тагуу акыйкатты жок кыла албайт. Мусулмандардын өз дини жана милдеттери тууралуу аң-сезими жогорулаган сайын, бул репрессиялык мыйзамдар өз күчүн жоготот.

## Йылдырым Хан: Түркия алгачкы континенттер аралык гиперүндүү ракетасын тааныштырды

Түркия Стамбул шаарында өтүп жаткан «SAHA 2026» эл аралык коргонуу өнөр жайы авиация жана космос көргөзмөсүндө «Йылдырым Хан» деп аталган алгачкы жергиликтүү өндүрүштөгү континенттер аралык баллистикалык ракетасынын бет ачарын өткөрдү. Анын учуу аралыгы болжол менен 6 миң чакырымга жетет.

Жаңы ракета «гиперүндүү» куралдардын катарына кирет. Анын ылдамдыгы 9–25 Мах (үн ылдамдыгы) аралыгында болуп, бул ага абадан жана ракетадан коргонуу боюнча өнүккөн системаларды айланып өтүү жана алардан качып маневр жасоо мүмкүнчүлүгүн берет.

«Йылдырым Хан» ракетасы «азот тетраоксиди» түрүндөгү суюк отун менен иштейт жана төрт ракета кыймылдаткычы аркылуу кыймылга келет. Ал 3 миң килограммга чейин жарылуучу жүк ташый алат.

Ракетанын бет ачар аземине Түркиянын коргоо министри Яшар Гүлер катышты. Ал ракета министрликке караштуу Изилдөө жана өнүктүрүү борбору тарабынан иштелип чыкканын айтып, түрк коргонуу өнөр жайы өнүккөн технологияларды иштеп чыккан интеграцияланган системага айланганын баса белгиледи. Ошондой эле бул жетишкендик узак мөөнөттүү пландоонун жана бекем саясий эрктин натыйжасы экенин белгиледи.

Өз кезегинде Түркия президентине караштуу Коргонуу өнөр жайы башкармалыгынын төрагасы Халук Гөргүн өлкө дүйнөдөгү коргонуу өнөр жайы продукцияларын экспорттоочу эң ири он мамлекеттин катарына кирүүнү максат кылып жатканын билдирди.

Ал эми «SAHA Istanbul» компаниялар бирикмесинин башкармалыгынын төрагасы Халук Байрактар 2026-жылга карата коргонуу өнөр жайынын экспорт көлөмүн 13 миллиард долларга жеткирүү максаты коюлганын айтты. Салыштыруу үчүн, бул көрсөткүч 2024-жылы 7,1 миллиард долларды түзгөн.

«SAHA 2026» көргөзмөсү ушул жылдын 9-майына чейин уланат. Ага 120дан ашуун мамлекет жана 1700 компания катышууда. Көргөзмөнүн учурдагы чыгарылышында жалпы баасы 8 миллиард доллардан ашкан экспорттук келишимдерге кол коюу максат кылынууда.

Акыркы он жыл ичинде Түркия коргонуу өнөр жайы тармагында түп-тамырынан бери өзгөрүүгө жетишип, кургактыкта, деңизде жана абада кеңири аскерий көз карандысыздыкка ээ болду. НАТОдогу экинчи эң чоң армиянын ээси катары Анкара дүйнөлүк курал-жарак рыногундагы негизги экспорттоочулардын бирине айланды. Анын коргонуу тармагындагы экспорту он жыл мурунку 1,9 миллиард доллардан 2024-жылы 7,1 миллиард долларга чейин өстү.

Бул өзгөрүү өткөн кылымдын сексенинчи жылдарында башталган улуттук стратегиянын натыйжасы болуп саналат. Ошондой эле ар түрдүү мезгилдерде Батыш тарабынан киргизилген чектөөлөр жана санкциялар бул процессти тездеткен.

Бүгүнкү күндө «Байрактар ТБ2» сыяктуу учкучсуз учактар бул жетишкендиктин символуна айланды. Мындан тышкары, бешинчи муундагы «Каан» истребители, «TCG Anadolu» десанттык чабуул кемеси жана жасалма интеллект менен колдоого алынган «Катуу күмбөз» системасы сыяктуу стратегиялык долбоорлор да көзгө урунат.

**Ал-Ваъй:** бул мисал Ислам Үммөтүнүн өз мүмкүнчүлүктөрү менен эң кубаттуу куралдарды өндүрүүгө жана эң күчтүү армияларды даярдоого жөндөмдүү экенин ачык көрсөтөт. Бирок кылымдар бою Ислам Халифалыгынын борборун өз курамына камтып турган Түркиядагы режим тууралуу суроо дагы эле ачык калууда: ал Үммөттүн маселелерин таштап коюусун токтотобу? Жана бул мүмкүнчүлүктөрдү Ислам үммөтүнүн кызыкчылыктары үчүн пайдаланабы?

## Хамидти Судандагы согушту 2040-жылга чейин улантууга даяр экенин билдирди

Судандагы Ыкчам колдоо күчтөрүнүн командачысы Мухаммад Хамдан Дагало (Хамидти) кечээ, шаршемби күнү, анын күчтөрү «эгер жагдай талап кылса, 2040-жылга чейин согушту улантууга даяр» экенин билдирди. Ошондой эле ал армиянын баалоолору боюнча согуш 2033-жылга чейин созулушу мүмкүн экенин айтты.

Хамидти Судандын маалымат каражаттары ачыктаган Ыкчам колдоо күчтөрүнүн офицерлеринин жыйынында сүйлөп жатып, Судан армиясына каршы аскерий операцияларды улантууга бекем экенин дагы бир жолу баса белгиледи. Ал куралдуу күчтөрдүн жетекчилигин жаңжалдын уланышы жана тынчтык аракеттерине кошулуудан баш тартуусу үчүн жооптуу деп айыптады.

Өткөн жылдын 29-апрелинде Судандын Өткөөл мезгилдеги Эгемендүүлүк кеңешинин төрагасы Абдулфаттах аль-Бурхан Судан куралдуу күчтөрү Ыкчам колдоо күчтөрүн жана бардык козголоңчуларды өлкөдөн «тазалоого» чейин аскерий жолун уланта берерин билдирген. Ал ошондой эле аскерий операциялар ар түрдүү фронттордо уланып жатканын баса белгилеген.

Аль-Бурхандын бул билдирүүлөрү мурунку Башкы штаб башчысын жана штаб мүчөлөрүн сыйлоо аземинде сүйлөгөн сөзүндө айтылды. Ал «Суданды жакын арада Ыкчам колдоо күчтөрүнүн кошуундарынын жана бардык козголоңчулардын коркунучунан куткарууга» убада берди.

2023-жылдын апрель айынын ортосунан бери Абдулфаттах аль-Бурхан жетектеген Судан армиясы менен Хамидти жетектеген Ыкчам колдоо күчтөрү ортосунда согуш жүрүп жатат. Бириккен Улуттар Уюмунун жана жергиликтүү бийликтин баалоолору боюнча бул согуш он миңдеген адамдардын өмүрүн алып, 14 миллиондон ашуун адамды жер котортуп жана качкын абалына салган. Ал эми америкалык университеттердин изилдөөсүндө түздөн-түз жана кыйыр түрдө каза болгондордун жалпы саны болжол менен 130 миң адамга жеткени айтылган.

Ыкчам колдоо күчтөрүнүн командачысы анын күчтөрү жаңжалды токтотууга ар дайым кызыкдар болуп келгенин белгилеп: «Биз Ыкчам колдоо күчтөрү катары согушту бүгүн токтотууну, эртеңкиге калтыргыбыз келбейт. Бирок согуш бир тараптын эле чечими менен токтойбу?», - деди.

Хамидти анын күчтөрү согуштун уланышына кызыкдар эмес экенин айтып, аны «мүмкүн болушунча тезирээк» токтотууну каалаарын билдирди. Бирок ал жаңжалды токтотуу бардык тараптардын

милдеттенмесин талап кыларын баса белгилеп, армия жетекчилиги «Ыкчам колдоо күчтөрүнүн сүйлөшүүгө макул болушун алсыздыктын белгиси катары көрүп жатат» деп айтты.

**Ал-Ваъй:** Аль-Бурхан менен Хамидти бул согуш кимдин кызыкчылыгы үчүн жүрүп жатканын ойлонуп көрүштүбү? Алар төккөн кандар жана кыйылган өмүрлөр кимдин мойнунда болот?

## Дамаскта баскетбол залынын ачылышында адеп-ахлакка туура келбеген сөздөр коштолгон музыка жаңырып, Америка менен өнөктөштүктү сындаган адам камакка алынды!

Сириянын президенти Ахмад аш-Шара ушул жуманын башында Дамасктагы «Аль-Файха» баскетбол залынын ачылыш ырасымында орун алган айрым ашыкча көрүнүштөр тууралуу айтып, алардын кайталанбашы үчүн көрсөтмө бергенин билдирди. Ошондой эле ал муну элдин арасына, оюн аянтчасына түшүп баруу менен компенсациялоого аракет кылганын айтты.

Дамасктагы «Аль-Файха» залы капиталдык оңдоодон өткөрүлүп, ири мелдештерди өткөрүүгө ылайыкташтырылгандан кийин, Ахмад аш-Шаранын катышуусунда ачылган.

Ошол эле учурда сириялык булактар өткөөл мезгилдеги Сирия өкмөтүнө караштуу коопсуздук күчтөрү америкалык журналист Билал Абдулкаримди Халабдын түндүк-чыгышындагы Аль-Баб шаарында камакка алганын билдиришти. Бул окуя 2025-жылдын 22-декабрында, дүйшөмбү күнү түшкү намаз маалында Аль-Баб шаарындагы «Аль-Фатх» мечитинин жанында болгон.

Бул камакка алуу америкалык журналисттин өткөөл өкмөттүн акыркы тышкы саясатына байланыштуу «X» платформасында жарыялаган катуу сындарынан кийин болгон.

Маалыматтарга караганда, камакка алуунун түздөн-түз себеби Абдулкарим жакында жарыялаган видео болгон. Анда ал Сирия өткөөл өкмөтүнүн Америка Кошмо Штаттары жетектеген эл аралык коалицияга кошулуп, ДАИШ (ИГИЛ) уюмуна каршы күрөшүү чечимин катуу сынга алган.

Абдулкарим акыркы маектеринин биринде мындай деген: «Американыктардын бул жерде калуусуна мыйзамдуу негиз жок. Биз душмандын болушун мыйзамдаштыра албайбыз. Америка — Сирия элинин душманы».

Абдулкарим Ахмад аш-Шараны эл аралык деңгээлде таанылуу жана Батыш менен коопсуздук жаатындагы өнөктөштүккө жетишүү үчүн «революциянын баалуулуктарынан баш тартууда» деп айыптаган.

**Ал-Ваъй:** тилекке каршы, ал бүгүнкү күнгө чейин камакта калууда. Билал Абдулкарим Америка жарандыгын алып жүргөнүнө карабастан, ал калыс жана агент эмес.

## Ливандагы Жогорку Исламий Шаръий Кеңеш Батыштын жана яхудий түзүмүнүн долбоорлорун өткөрүүгө салым кошууда!

Ливандагы Хизб ут-Тахрир партиясы хижрий 1447-жылдын 8-зул-каъдасында, милaдий 2026-жылдын 25-апрелинде: «﴿سَتُكۡتَبُ شَهَٰدَتُهُمۡ وَيُسۡأَلُونَ﴾ *“Алардын бул «күбөлүктөрү» шексиз жазылат жана алар (Кыямат Күнүндө) суракка кабылышат!”: Жогорку Исламий Шаръий Кеңеш: яхудий түзүмү менен согушту токтотуу үчүн дипломатиялык сүйлөшүүлөр жолун тандоону урматтоо!»* деген аталыштагы билдирүү жарыялады.

Анда мындай деп айтылган:

«Өтө кооптуу прецедент катары жана Аллах Азза ва Жалла да, Анын Элчиси ﷺ да ыраазы болбой турган, мусулмандардын да ыраазы болушу жаиз болбогон позицияда, айрыкча өздөрүн “мусулмандардын диний иштерин жөнгө салуу үчүн зарыл болгон мыйзамдарды, чечимдерди жана көрсөтмөлөрдү чыгарууга ыйгарым укуктуу орган” деп тааныштырган кеңештин аалымдары, шейхтери жана мүчөлөрү тарабынан бүгүн, 2026-жылдын 25-апрелинде, яхудий түзүмү менен согушту токтотуу үчүн дипломатиялык сүйлөшүүлөр жолун колдогон билдирүү жарыяланды!

Билдирүүдө бул тандоо төмөнкүдөй негизделген: “Ливандыктардын эрки менен кабыл алынган, өлкөнүн конституциясы жана улуттук таянычы болуп эсептелген Таиф келишимин бекем кармануу зарыл. Ага кол тийгизүүгө болбойт... Ал улуттук чоң маселелерди чечүүдө кайрылуучу жана өкүм чыгаруучу жалгыз негиз болуп саналат...”.

Ошондой эле билдирүүдө мындай деп айтылган: “Ливан Республикасынын президентинин конституциялык укугун урматтоо керек. Ал өкмөт башчысы менен макулдашуу аркылуу эл аралык келишимдерди жана макулдашууларды түзүү боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө укуктуу. Бул Ливан конституциясынын 52-беренесине негизделет. Ошондой эле анын жана мамлекет жетекчилеринин яхудий түзүмү менен согушту токтотуу үчүн дипломатиялык сүйлөшүүлөр жолун тандашын урматтоо керек... Өзгөчө бул согуштун тозогунан чыгуу үчүн бардык жолдор жабылып калган учурда...».

Мусулмандардын Ливандагы эң улуу иштеринин бири ушундай башкарылат беле?! Динден зарыл түрдө белгилүү болгон өкүм боюнча арам саналган маселеде б.а. Америка тарабынан колдоого алынган,

Ливанга жана башка өлкөлөргө күнү-түнү кол салып жаткан баскынчы, оккупациячы, кылмышкер яхудий түзүмү менен сүйлөшүү жүргүзүү ушундай болобу?!

Силер Китептен, Сүннөттөн же экөөнө таянган кайсы далилге таяндыңар?! Аллахтын Элчиси ﷺ, анын сахабалары (разияллаху анхум) жана алардан кийинки мусулмандар мусулмандардын басып алынган жерлери боюнча сүйлөшүү жүргүзүп, ал жерлерди басып алган күчтөрдүн ошол жерде калышын моюнга алып, алар менен жарашкан беле?! Аллахтын Элчиси ﷺ менен анын сахабалары мындай иштерден аруу болгон.

Же болбосо, нерселерди өз атынан башкача атап коюу, мисалы «дипломатиялык сүйлөшүүлөр жолун тандоо» деген сөздөрдү колдонуу аны адал жана кабыл алынуучу кылып коёбу?! Силер жакшы билесиңер, бул шек-күмөнсүз яхудий түзүмү менен тынчтыкка жана нормалдашууга алып баруучу эшик болуп саналат.

Андан соң, Жогорку Исламий Шаръий Кеңештин Таиф келишими жөнүндө: «Ага кайрылуу жана өкүм чыгарууда ага гана таянуу зарыл, тагдырий маселелерде андан башка эч нерсе жок» деп айтуусу ылайыктуубу?!

Анда силер Аллах Азза ва Жалланын Шарияты үчүн кандай орун калтырдыңар?! Силерге эмне болду, кандай өкүм чыгарып жатасыңар?! ❑

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

## КИТЕП, ТАРАЗА ЖАНА КЫЯМАТ

**Халифа Мухаммад – Иордания**

Аллах Таала айтты:

﴿اللَّهُ الَّذِي أَنزَلَ الْكِتَابَ بِالْحَقِّ وَالْمِيزَانَ وَمَا يُدْرِيكَ لَعَلَّ السَّاعَةَ قَرِيبٌ﴾

***«Аллах Туура - акыйкат Китепти жана тараза адилеттүүлүктү түшүргөн Зат. Каяктан билесиң, балким*** *(Кыямат)* ***сааты жакындыр»***. (Шура: 17).

Бул улуу аят эки сүйлөмдөн турат. Алардын биринчисинде Аллах Субханаху ва Тааланын акыйкат Китепти жана таразаны түшүргөнү жөнүндө кабар берилген. Экинчи сүйлөм болсо Кыяматтын, башкача айтканда акырет күнүнүн жакындап калганын билдирет.

Бул жердеги Китептен максат – Ыйык Куран. Ошол эле учурда асмандан түшүрүлгөн бардык китептер да көздөлгөн болушу мүмкүн. Андай учурда «китеп» сөзү жалпы түрдү билдирген аталыш болуп калат.

Аллах Субханаху ва Тааланын Өзүнүн Расулуна ﷺ Китепти түшүрүшү хак (акыйкат) (حق) менен болгон. Тил жагынан алганда «акыйкат» тууралыкты, туруктуулукту жана чынчылдыкты билдирет. Ал эми терминдик мааниде ал шайкештик жана дал келүү дегенди билдирет, башкача айтканда бир нерсе тууралуу ишенимдин анын чыныгы абалына туура келиши. Демек, Курандын Аллах тарабынан түшүрүлгөнү акыйкат жана чындык. Аллах Таала айтат:

﴿لَّـكِنِ اللّهُ يَشْهَدُ بِمَا أَنزَلَ إِلَيْكَ أَنزَلَهُ بِعِلْمِهِ وَالْمَلآئِكَةُ يَشْهَدُونَ وَكَفَى بِاللّهِ شَهِيدًا﴾

***«Бирок, Аллах сага Өз билими менен түшүрүлгөн нерсеге күбөлүк берет. Периштелер дагы күбөлүк беришет. Аллахтын Өзү жетээрлик күбө»***. (Ниса: 166).

Курандагы бардык нерсе Аллах Тааланын иродасына ылайык келет жана адамдын бул дүйнөдө да, акыретте да абалы оңолушу үчүн эмне пайдалуу болсо, ошого толук дал келет.

Аятта тараза Китепке атф кылынды (байланды). Башкача айтканда, Китепти акыйкат менен түшүргөн Зат – Аллах жана таразаны да түшүргөн Зат – Аллах. Демек, түшүрүүдө Китеп менен анын өзүнө камтылган тараза бирге айтылган. Экөө бир нерсе болуп саналат –

Китеп таразаны өз ичине камтыйт. Тараза анын маанилүүлүгүнө байланыштуу өзүнчө айтылган. Анткени адамдардын бул дүйнөдөгү жашоосунун жана акыреттеги абалынын тартипке салынышы таразага байланыштуу. Балким, Китептин түшүрүлүшүндөгү эң маанилүү максаттардын бири да ушул болсо керек. Ошондуктан бул жерде «ва» байламтасы колдонулуп, бөлүк бүтүнгө атф кылынган.

Таразанын мааниси – адилеттүүлүк. Муну Ибн Аббас жана көпчүлүк муфассирлер айткан. Бул тууралуу Куртубий да риваят кылган. Ал эми Ибн Ашур «ат-Тахрир ва ат-Танвир» тафсиринде мындай дейт: «Бул жердеги таразадан максат – адилеттүүлүк. Ал Аллах Тааланын ушул сөзүндөгү тараза сыяктуу:

﴿وَأَنزَلْنَا مَعَهُمُ الْكِتَابَ وَالْمِيزَانَ﴾

***«...жана алар менен бирге Китеп, ошондой эле тараза түшүрдүк».*** (Хадид: 25).

Анткени ал Аллах койгон, башкача айтканда, макулуктардын тартибин орнотуу үчүн белгилеген нерсе...».

Демек, Аллах Субханаху ва Таала акыйкат менен түшүргөн Китеби өз ичинде таразаны камтыйт жана Аллах адамдардын ага ылайык жүрүүнү каалайт. Бул пикирлер менен түшүнүктөрдүн таразасын, нафсинин жана майилдердин таразасын, ошондой эле амалдар менен жүрүм-турумдардын таразасын өз ичине алат. Алардын баары адилеттүүлүк жана туура жол негизинде сыратул-мустакым үстүндө түзөлүп, тартипке салынышы зарыл.

Адамдар соода-сатыктагы мамилелеринде таразасыз жашай алышпайт. Алар салмакты өлчөө үчүн таразаны, көлөм өлчөө үчүн кубду, саналуучу нерселер үчүн санды колдонушат. Ошондой эле температуранын, нымдуулуктун жана басымдын даражасын так өлчөөгө муктаж болушат. Өлчөнүүчү нерселерде метрди колдонушат. Мындан тышкары, физика, химия, медицина жана математика сыяктуу ар түрдүү илимдерде да тараза зарыл.

Эгер материалдык жана сезим аркылуу кабыл алынуучу нерселерде абал ушундай болсо, анда пикирлерди, түшүнүктөрдү, майилдерди жана жүрүм-турумдарды баалоо үчүн таразага болгон муктаждык андан да чоң. Бирок адамдар алар үчүн тараза коюуга кудуретсиз. Ошондуктан Аллах Таала алардын өлчөмдөрүн Өз Китебинде түшүргөн жана аларды Өзүнүн Расулу ﷺ аркылуу баян кылган. Бул мааниге Аллах Тааланын төмөнкү сөзү да далалат кылат:

﴿لَقَدْ أَرْسَلْنَا رُسُلَنَا بِالْبَيِّنَاتِ وَأَنزَلْنَا مَعَهُمُ الْكِتَابَ وَالْمِيزَانَ لِيَقُومَ النَّاسُ بِالْقِسْطِ﴾

***«Ант болсун, Биз Өз пайгамбарларыбызды анык далил-кереметтер менен жибердик жана алар менен бирге Китеп, ошондой эле адамдар адилеттүүлүктү тургузуулары үчүн тараза түшүрдүк»***. (Хадид: 25).

Бул жерде себепти билдирген «лам» келген, башкача айтканда адамдар адилеттүүлүктү орнотушу үчүн. Адамдар болсо пикирлери, түшүнүктөрү, майилдери жана жүрүм-турумдары түзөлмөйүнчө адилеттүүлүктү орното алышпайт. Мунун баарынын баяны Аллах Субханаху ва Таала Өзүнүн пайгамбарларына түшүргөн китептерде келген. Ушул эле мааниде тараза сөзү Аллах Тааланын ушул аятында да келген:

﴿وَالسَّمَاء رَفَعَهَا وَوَضَعَ الْمِيزَانَ﴾

***«Ал Зат асманды бийик кылып койду жана таразаны орнотту»***. (Рахман: 7).

Ал эми бүгүн сөз кылып жаткан улуу аяттын экинчи сүйлөмү Кыяматтын жакындап калганын билдирет. Аллах Субханаху ва Таала Өзүнүн урматтуу Расулуна ﷺ суроо түрүндө кайрылып, ал Кыяматтын качан боло турган убактысын билбестигин тастыктады. Аллах Тааланын Расулуна ﷺ болгон кайрылуусу, эгер аны өзүнө гана хос кылган далил келбесе, анын Үммөтүнө да кайрылуу болуп эсептелет. Бул жерде андай далил жок. Демек, эгер Расул ﷺ Кыяматтын убактысын билбесе, анда калган адамдардын аны билбеши андан да анығыраак.

«Лаалла» сөзү тилде өзүнөн кийинки нерсенин болушун үмүт кылууну билдирет. Бирок Аллах Таалага карата колдонулганда ал аныктыкты жана сөзсүз болууну билдирет. Муну аз-Зажжаж «Мааний аль-Куран ва Иърабух» (2/367) китебинде жана Ибн Фарис «Муъжам Макайис аль-Луга» (4/317) эмгегинде айткан. Тилчилер менен муфассирлердин сөзү да ушуга негизделет. Башкача айтканда, Кыяматтын убактысы жакын экендигинде эч кандай шек жок. Бул гайыпты да, көрүнгөндү да Билүүчү Аллах Субханаху ва Тааланын Кыяматтын жакын экендиги тууралуу анык жана сөзсүз түрдө боло турган кабары.

Аятта Кыямат тууралуу кабар берүүдө «قريب» (жакын) деген сөз колдонулуп, «قريبة» деп айтылган эмес. Мунун эки себеби бар.

Биринчиси: «саат» (الساعة) сөзүнүн аял жынысында келиши хакыкый эмес, өтмө (мажазий) түрдөгү аял жынысы болуп эсептелет.

Экинчиси: кабар Кыяматтын өзү жөнүндө эмес, анын убактысы же мөөнөтү жөнүндө келген. Башкача айтканда, бул жерде түшүрүлүп калган сөз бар болуп, анын такдири «балким Кыяматтын убактысы

жакын» же «балким Кыяматтын мөөнөтү жакын» деген маанини билдирет.

Кабар Кыяматтын өзүнүн маңызы жөнүндө эмес, анын мөөнөтү жөнүндө экенин дароо кийинки аят да бекемдейт:

﴿يَسْتَعْجِلُ بِهَا الَّذِينَ لَا يُؤْمِنُونَ بِهَا وَالَّذِينَ آمَنُوا مُشْفِقُونَ مِنْهَا وَيَعْلَمُونَ أَنَّهَا الْحَقُّ أَلَا إِنَّ الَّذِينَ يُمَارُونَ فِي السَّاعَةِ لَفِي ضَلَالٍ بَعِيدٍ﴾

*«(Кыяматка)* ***ыйман келтирбеген кишилер аны шаштырышат. Ыйман келтирип ишенгендер болсо андан коркушат. Алар*** *(Кыяматтын)* ***акыйкат экендигин билишет. Байкагылачы,*** *(Кыямат)* ***сааты туурасында талашып-тартышып жаткан кишилер*** *(Туура Жолдон)* ***ыраактап адашууда»***. (Шура: 18).

Кыяматка ишенбегендер анын болушун, убактысын жана мөөнөтүн шаштырышат. Ал эми ыйман келтиргендер анын сөзсүз болоруна ишенишет жана андан коркушат. Кыяматтын болушу жөнүндө талашкандар болсо катуу адашууда. Демек, Кыямат сөзсүз болот, сөзсүз келет жана жакын. Анткени макалда айтылгандай: «Ар бир келе турган нерсе жакын».

Жогоруда айтылгандарды жалпылап айтсак, улуу аят Аллах деген ысым менен башталган. Аллах – бар болушу зарыл болгон Зат жана Ал дүйнө жашоосунан мурун болгон. Андан соң аятта Аллахтын Китепти акыйкат менен түшүргөнү жана таразаны түшүргөнү жөнүндө кабар берилген. Китеп менен таразанын экөөсү тең буйруктар жана тыюулар аркылуу Аллах Таалага болгон байланышты өз ичине камтыйт. Бул болсо дүйнө жашоосунун өзүнөн мурунку нерсе менен болгон байланышы.

Андан кийин аят Кыяматтын жакындап калганын билдирүү менен уланган. Ошентип, буйруктар жана тыюулардын дүйнө жашоосунан кийинки нерсе менен болгон байланышы да толукталган. Ал болсо акырет күнү. Ошондо кайра тирилүү кийин адамдардын ошол буйруктар менен тыюуларга канчалык амал кылгандыгына жараша сооп жана жаза байланышы пайда болот.

Ушундайча бул кыска аят адамдагы чоң түйүндүн чечимин өзүндө камтып турат. Ал түйүн төмөнкү үч суроо: «Кайдан келдим?», «Эмне үчүн келдим?» жана «Кайда барам?».

Бул аят инсанга адам, аалам жана тирүүлүк жөнүндөгү, ошондой эле алардан мурунку нерсе менен болгон байланышы жана андан кийинки нерсе менен болгон байланышы тууралуу жалпы пикирди берет. Бул пикир адамдын фитратына ылайык келет жана акылын канааттандырат. Дүйнө жашоосунан мурун болгон нерсе – Аллах Таала. Ал эми андан кийинкиси – акырет күнү. Дүйнө жашоосунан мурунку нерсе менен эки

байланыш болот: жоктон бар кылуу жана жаратуу, ошондой эле буйруктар менен тыюулардын байланышы. Ал эми дүйнө жашоосунан кийинки нерсе менен байланыш – Аллах Субханаху ва Тааланын адамдарды буйруктарга жана тыюуларга канчалык баш ийгендиги боюнча эсеп-кысапка тартышына байланыштуу.

Мына ушул чоң түйүндү чечкен жалпы пикир адамдын ойгонуусуна негиз болот. Ал андан низом келип чыккан аклий акыйдага, башкача айтканда мабдага айланат. Ошондой эле ал адамдын жашоодогу аракетин аныктаган фикрий жетекчилик болуп калат. Ал адамдын көз карашын, жогорку баалуулуктарын, дүйнө жашоосу жөнүндөгү түшүнүктөрүн, бакыт тууралуу көз карашын жана өзгөчө жашоо таризи болгон хазаратын аныктайт.

Бул пикир адамдын майилдерин туура түшүнүктөр менен айкалыштырып, анын нафсиясын аклияты кандай калыптанса ошондой калыптандырат. Натыйжада Аллах Тааланын ыраазылыгын өзүнүн максатына айланткан өзгөчө (мутамайиз) исламий шахсия калыптанат.

Ошондой эле коом исламий пикирлер, исламий туйгулар жана Исламдын түзүмдөрү аркылуу калыптанат. Ошондо коом мабда негизинде Исламды толук түрдө колдонгон жана анын рисалатын бардык адамдарга алып чыккан коомго айланат.

Аллах Субханаху ва Тааладан бизди эң туура ишке баштоосун, Өзүнүн Китебин жана таразасын турмушта колдонуу аркылуу өзүбүздүн да, адамдардын да адилеттүүлүктү орнотуусуна мүмкүнчүлүк беришин сурайбыз. Ошондой эле бул рисаланы бардык адамдарга жеткирүүгө, аларды бактылуу кылууга, караңгылыктан нурга жана пенделерге кулчулук кылуудан ааламдардын Роббисине кулчулук кылуу үчүн чыгарууга бизге мүмкүнчүлүк беришин тилейбиз. ❑

# УЛУУ САХАБА ЗУЛ-БИЖАДАЙН (РАЗИЯЛЛАХУ АНХУ)

**Райян Иса – Ирак**

Аллахтын Элчиси ﷺ ал кабырга коюлгандан кийин мындай деп дуба кылган:

«اللهم إني أصبحت راضياً عنه فارضَ عنه»

**«Оо, Аллах! Мен андан ыраазы болуп таң аттырдым, Сен да андан ыраазы бол».**

Зул-Бижадайн – улуу сахаба Абдуллах ибн Абд Нахм ибн Афиф ибн Сухайм ибн Адий ибн Саалаба ибн Саад ибн Адий ибн Усман ибн Амр ал-Музаний (разияллаху анху). Ал Пайгамбарыбыз ﷺ менен бирге болуп, Суффа ээлеринен эле (мухажирлердин кедейлери болчу).

Ал Куранды көп тилават кылчу жана мечитте үнүн чыгарып окучу. Пайгамбарыбыз ﷺ ал жөнүндө:

«إنه أوَّاه»

**«Ал өтө жалбаруучу адам»**, – деген.

Ал (разияллаху анху) Пайгамбарыбыз ﷺ менен бирге Табук согушуна чыккан. Аллахтан шахиддик сурап жүрүп, ошол согушта дүйнөдөн өткөн.

Анын Исламды кабыл алуудагы таасирдүү окуясы, Аллах жолунда дүйнөдөн толук баш тартуусу жана Пайгамбарыбыз ﷺ анын жаназасында көрсөткөн улуу мамилеси болгон. Анын аты Абдул-Узза эле. Аллахтын Элчиси ﷺ аны «Абдуллах» деп өзгөрткөн.

Абдуллах «Зул-Бижадайн» Музайна уруусунан болгон. Ал жетим болуп, агасынын колунда чоңойгон. Агасы ага мал-мүлк берип, жакшылык кылып жүргөн. Кийин агасына анын Мухаммаддын ﷺ динин кабыл алганы тууралуу кабар жетет. Ошондо агасы:

— Эгер ушундай кылып, Мухаммаддын ﷺ динин ээрчисең, мен сага берген нерселердин баарын тартып аламын, - дейт.

Ал болсо:

— Мен мусулманмын, - деп жооп берет.

Ошондо агасы ага берген нерселеринин баарын тартып алып, үстүндөгү кийимине чейин чечип алат. Ал энесине келет. Энеси өзүндөгү бир жоон бижадды (кездемени) экиге бөлүп, анын жарымын белин оронууга, жарымын үстүн жабынууга берет.

Таң атканда ал Аллахтын Элчиси ﷺ менен багымдат намазын окуйт. Намаздан кийин Аллахтын Элчиси ﷺ адаттагыдай эле адамдарды карап, ким келгенин байкап турганда аны көрүп:

— Сен кимсиң? - деп сурайт.

Ал:

— Мен Абдул-Уззамын, - дейт.

Ошондо Пайгамбарыбыз ﷺ:

«أَنتَ عَبْد اللَّهِ ذو البِجادين، فالزم بابي»

— Сен Абдуллах Зул-Бижадайнсың. Менин эшигимден ажырабай жүр, - дейт.

Ошентип ал Аллахтын Элчисинин ﷺ жанында болуп калат. Ал тасбихти, такбирди жана тахлилди көп айтчу. Ошондо Умар (разияллаху анху):

— Оо, Аллахтын Элчиси, бул рия кылып жаткан жокпу? - деп сурайт.

Пайгамбарыбыз ﷺ:

«دعه عنك، فإنه أحد الأواهين»

— Аны жайына кой. Ал чынында көп жалбаруучулардын бири, - деп жооп берет.

Ал Аллахтын Элчиси ﷺ менен бирге болуп, анын жанында жашады. Ал өтө жалбарып ибадат кылуучу, фазилеттүү адам эле жана Куранды көп окучу. Ал (разияллаху анху) Аллахтын Элчиси ﷺ тирүү кезинде эле дүйнөдөн кайткан.

Аъмаш Абу Ваилден, ал болсо Абдуллах ибн Масъуддан (разияллаху анху) риваят кылат. Ал мындай деген:

«Табук согушунда Аллахтын Элчисин ﷺ Абдуллах Зул-Бижадайндын кабырында тургандай көрүндү. Абу Бакр менен Умар (разияллаху анху) аны кабырга түшүрүп жатышкан эле. Аллахтын Элчиси ﷺ:

«أَدنِيا مني أخاكما»

— Бир тууганыңарды мага жакындаткыла, - деди.

Аны кыбыла тарабынан алып келип, лахадга (көрдүн оозу) таяп коюшту. Андан кийин Аллахтын Элчиси ﷺ сыртка чыкты, ал эми экөө ишти улантышты. Аны көмүп бүтүшкөндөн кийин Аллахтын Элчиси ﷺ кыбылага жүзүн буруп, колдорун көтөрүп:

«اللهم إني أمسيت عنه راضياً فارض عنه»

**«Оо, Аллах! Мен андан ыраазы болуп кеч киргиздим, Сен да андан ыраазы бол»**, - деп дуба кылды.

Ошондо Ибн Масъуд (разияллаху анху) мындай деген:

(فوالله لوددت أني مكانه، ولقد أسلمت قبله بخمس عشرة سنة)

«Аллахка ант болсун, мен анын ордунда болгум келди. Мен Исламды андан он беш жыл мурун кабыл алган элем».

Башка бир риваятта мындай деп келген:

Абу Бакр (разияллаху анху):

ودِدت أني، واللهِ، صاحبُ القبر

«Аллахка ант болсун, ошол кабырдын ээси мен болгондо кана», - деген.

Мухаммад ибн Исхак анын Табук согушунда дүйнөдөн кайтканын айткан. Ошондой эле ал Мухаммад ибн Ибрахим ибн ал-Харистен, ал болсо Ибн Масъуддан (разияллаху анху) анын өлүмү тууралуу риваят кылган. Анда Пайгамбарыбыз ﷺ ага жогорудагыдай дуа кылгандыгы айтылат.

Абдуллах ибн Масъуд (разияллаху анху):

(ليتني كنت صاحب الحفرة)

«Ошол кабырдын ээси мен болгондо кана», - деген.

Бул риваятты үч имам келтирген.

Оо, Аллах! Ырайымың менен бизден ыраазы бол жана бизди алгачкылардын да, акыркылардын да мырзасы болгон Мухаммад ﷺ жана анын жүздөрү нурлуу, берекелүү сахабалары (разияллаху анхум ажмаиин) менен бирге кайра тирилткин. ❑

# ЗУЛ-ХИЖЖАНЫН ОН КҮНҮ ЖАНА АКАБА БАЙЪАТЫ

## Убакыттын урматы менен нусраттын урматы бириккенде Ислам тарыхындагы эң улуу мамлекет тикеленет

**Абдуссалам Бадрий**

Бүткүл ааламдардын Роббиси болгон Аллахка хамд-мактоолор болсун. Пайгамбарлар менен элчилердин акыркысы болгон мырзабыз Мухаммадга ﷺ, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана Кыямат күнүнө чейин анын жолу менен жүргөндөргө салават жана салам болсун.

Мусулмандарга жыл сайын келип туруучу ыймандын эң улуу мезгилдеринин бири – Зул-Хижжанын он күнү. Бул күндөрдү Аллах Өз Китебинде улуктаган, алар менен касам ичкен жана алардын даражасын дүйнөнүн башка бардык күндөрүнөн жогору көтөргөн. А түгүл Аллахтын Элчиси ﷺ бул күндөрдү жакшы амалдар үчүн эң артыкчылыктуу күндөр деп баса белгилеген.

Бул берекелүү күндөр жеке ибадаттардын гана мезгили болбостон, Ислам тарыхынын агымын өзгөрткөн улуу окуялар менен да байланышкан. Алардын эң улууларынын бири – Биринчи жана Экинчи Акаба байъаттары. Дал ушул эки байъат Мадинада Ислам мамлекетинин курулушунун чыныгы негизи болгон.

Зул-Хижжанын он күнү менен Акаба байъатынын ортосундагы байланыш тууралуу ой жүгүртүү мусулмандар үчүн нусраттын, Ислам үчүн аракет кылуунун, Үммөттү куруунун маанисин жана Расулуллахтын ﷺ исламий коомду жана мамлекетти тикелөө үчүн басып өткөн жолун түшүнүүгө чоң эшик ачат.

**Зул-Хижжанын он күнүнүн Ыйык Курандагы артыкчылыгы**

Аллах Таала бул күндөр менен касам ичип мындай деген:

﴿وَالْفَجْرِ * وَلَيَالٍ عَشْرٍ﴾

***«Таңга ант. Он түнгө ант»***. (Фажр: 1-2).

Муфассирлердин көпчүлүгү «он түн» деп Зул-Хижжанын он күнү айтылган деген пикирде болушкан. Алардын катарында Абдуллах ибн Аббас, Ибн Касир, Табарий жана Куртубий бар.

Ибн Касир мындай деген: «Мында Зул-Хижжанын он күнү назарда тутулган... Аллах Таала бир нерсеге касам ичсе, бул анын улуулугуна жана даражасынын бийиктигине далалат кылат. Анда дүйнөдөгү эң улуу күндөр болгон күндөрүнө касам кылынса кандай болот?!»

Дагы Аллах Таала мындай деген:

﴿وَيَذْكُرُوا اسْمَ اللَّهِ فِي أَيَّامٍ مَعْلُومَاتٍ﴾

***«...Аллахтын наамын зикир кылып-эстөө үчүн** (келишет)».* (Хаж: 28).

Абдуллах ибн Аббас мындай деген: «Белгилүү күндөр – бул он күн».

Табарийдин тафсиринде да ушундай келген.

Зул-Хижжанын он күнүнүн сүннөттөгү артыкчылыгына келсек, Пайгамбар ﷺ мындай дегендиги сахих түрдө риваят кылынган:

**«Аллахка ушул күндөрдөгү жакшы амалдардан сүйүктүүрөөк болгон башка күндөр жок».** (Имам Бухарий риваят кылган.)

Башка бир риваятта мындай келген:

**«Аллахтын алдында бул он күндөн улуураак жана анда кылынган амалдардан Аллахка сүйүктүүрөөк болгон күндөр жок». (**Имам Ахмад риваят кылган).

Бул күндөрдө ажылык, такбир айтуу, зикир кылуу, орозо кармоо жана курмандык чалуу сыяктуу ибадаттар жам болот. Ошондуктан Ибн Хажар ал-Аскаланий мындай деген: «Зул-Хижжанын он күнүнүн өзгөчөлүгү – анда ибадаттардын негизги түрлөрүнүн баарынын жамдалышында».

**Акаба байъаты... тарыхты өзгөрткөн көз ирмем**

Ажылык мезгилинде, Зул-Хижжанын түндөрүндө исламий даават тарыхындагы эң улуу бурулуш учур жүз берди.

**Биринчи Акаба байъаты**

Пайгамбарлык келгенден кийинки он экинчи жылы Авс жана Хазраж урууларынан он эки киши келип, Расулуллахка ﷺ Исламга кирүү, моюн сунуу жана күнөөлөрдү таштоого байъат беришти.

Бул байъат – ыйман байъаты жана Исламдын Ясрибде жайылышынын башталышы болду. Расулуллах ﷺ алар менен бирге адамдарга Исламды үйрөтүү үчүн Мусъаб ибн Умайрды жөнөттү. Натыйжада Ислам Мадинанын үйлөрүнө кирди.

**Экинчи Акаба байъаты**

Андан кийинки жылы да ажылык мезгилинде улуу байъат болду. Анда жетимиш үч эркек жана эки аял келип, Расулуллахка ﷺ ушуларга байъат беришти: нусрат берүү, коргоо, угуу жана моюн сунуу, ошондой эле аны өз үй-бүлөлөрүн коргогондой коргоо. Мына ушул учурда Ислам алсыздык баскычынан мамлекет куруу баскычына өттү.

Расулуллах ﷺ аларга мындай деген:

**«Силерден аялдарыңарды жана балдарыңарды коргогондой мени да коргошуңар үчүн байъат аламын»**.

Бул байъат жөн гана өтүп кеткен жолугушуу эмес эле. Тескерисинче, ал негиздөө келишими, нусраттын убадасы жана саясий Үммөттүн жаралганын жарыялаган келишим болду. Мына ушундан кийин хижрат башталды, андан соң Мадинада Ислам мамлекети тикеленди.

**Эмне үчүн ансарлар улуу болушкан?**

Анткени алар жүрөктөгү ыйман менен гана чектелип калышкан жок. Тескерисинче, динге нусрат беришти, жоопкерчиликти моюндарына алышты, бардык арабдарга каршы турушту жана дааватка коргоо менен бийлик беришти. Ошондуктан Аллах Таала аларды минтип мактаган:

﴿وَالَّذِينَ تَبَوَّؤُوا الدَّارَ وَالْإِيمَانَ مِنْ قَبْلِهِمْ يُحِبُّونَ مَنْ هَاجَرَ إِلَيْهِمْ﴾

***«Алардан** (мухажирлерден) **илгери** (Мадина) **жергесинде орношкон жана ыйман-ишенимди** (бекем кармаган) **заттар** (ансарлар) **болсо өздөрү**(нүн жаны)**на хижрат кылып келген кишилерди жакшы көрүшөт»***. (Хашр: 9).

Ансарлар Ислам жөн гана жеке ибадаттар эмес экенин түшүнүшкөн. Ал – рисалат, башкаруу, коом жана мамлекет экенин аңдашкан.

**Убакыттын урматы менен амалдын урматынын биригиши**

Акаба байъаты Аллах улуктаган мезгилде жана дүйнөдөгү эң артыкчылыктуу күндөрдө болгондугу мусулманды терең ойго салган эң улуу маанилердин бири болуп саналат. Ошентип, убакыттын урматы, нусраттын урматы, сахаба болуу урматы жана динди тикелөөнүн урматы бирикти. Натыйжада тарых билген эң улуу мамлекет тикеленди. Ошондуктан Зул-Хижжанын он күнү жөн гана зикир жана орозо күндөрү эмес. Ошондой эле ал курмандыкка даяр болуунун, нусрат берүүнүн, даабатты көтөрүүнүн, жамаий иштин жана Исламды турмуштун вакыйлыгында тикелөөнүн маанилерин эске салган амалий сабак болуп саналат.

Бүгүн мусулмандар бул маанилерди кайрадан эстөөгө өтө муктаж. Анткени исламий Үммөт бүгүн бөлүнүп-жарылууну, зулумдукту, саясий жана экономикалык басымды, Батышка көз карандылыкты, ыйык нерселердин жоголушун жана мусулмандардын биримдигинин талкаланышын башынан өткөрүп жатат. Бүгүнкү мусулмандардын абалы хижратка чейинки Маккадагы мусулмандардын абалына абдан окшойт: алсыздык, куугунтук, куфр күчтөрүнүн үстөмдүгү жана мусулмандарды бириктирген исламий бийликтин жоктугу. Бирок Набавий сийрат мусулмандарга өзгөрүү башаламандык же сезимге берилген реакциялар аркылуу эмес, аң-сезим, даават, сабыр жана Үммөттү фикрий жана саясий жактан куруу аркылуу ишке ашарын үйрөтөт. Андан соң күч-кубат ээлеринен нусрат талап кылуу аркылуу болот. Расулуллах ﷺ да дал ушундай кылган жана акырында Аллах ага ансарларды насип кылган.

**Күч-кубат ээлеринин милдети**

Ансарлар нусрат ээлеринин үлгүсү болушкан. Ошондуктан бүгүн Үммөт ак ниеттүү адамдарга, чынчыл аалымдарга, таасирдүү

инсандарга жана күч-кубат ээлерине муктаж. Алар акыйкатты жана адилеттүүлүктү тикелөөгө, ошондой эле Үммөт тартып жаткан зулумдукту жок кылууга жардамчы болушу керек.

Аллах Таала мындай деген:

﴿وَلَيَنصُرَنَّ اللَّهُ مَن يَنصُرُهُ ۗ إِنَّ اللَّهَ لَقَوِيٌّ عَزِيزٌ﴾

***«Албетте, Аллах Өзүнүн** (динине) **жардам бергендерди үстөм кылып койот. Шексиз, Аллах Күчтүү, Кудуреттүү».*** (Хаж: 40).

Демек, нусрат жөн гана сөз эмес, ал бекем позиция, курмандыкка даяр болуу жана жоопкерчиликти көтөрүү.

**Пайгамбардын ﷺ мусулмандарга берген сүйүнчүсү**

Пайгамбардан ﷺ сахих түрдө мындай хадис риваят кылынган:

**«ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ».**

**«Андан соң пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот». (**Имам Ахмад өзүнүн «Муснадында» риваят кылган).

Бул сүйүнчү Үммөткө үмүт берет. Анткени канчалык сыноолор күчөп, залим күчтөр канчалык кубаттанбасын, келечек ушул диндики экенин билдирет. Бирок бул убаданын ишке ашышы туура жолдо туруктуу болууга, амал кылууга жана өзгөртүүдө Пайгамбардын ﷺ туура минхажына ылайык жүрүүгө байланыштуу.

**Жыйынтык**

Зул-Хижжанын он күнү мусулмандардын эс-тутумундагы жөн гана өтүп кетүүчү күндөр эмес. Тескерисинче, ал ыйманий жана тарыхый улуу мектеп болуп, Үммөткө моюн сунуунун артыкчылыгын, нусраттын улуулугун, курмандыкка даяр болуунун маанисин жана биринчи Ислам мамлекети кандай курулганын эскертип турат. Анткени ушул берекелүү күндөрдө ансарлар байъат беришкен, дааватка нусрат берилген, мамлекетти тикелөө сапары башталган жана тарыхтын өңүтү өзгөргөн.

Бүгүн мусулмандар Акабанын рухун эстөөгө болуп көрбөгөндөй муктаж. Ал нусрат руху, Ислам үчүн аракет кылуу руху, биримдик руху жана жоопкерчиликти көтөрүү руху. Ошондо гана Үммөт өзүнүн иззатына кайра жетет жана Ислам Аллах Субханаху ва Таала каалагандай жашоонун жетекчиси болуп кайтып келет.

Үммөт жана жалпы адамзат жабыр тартып жаткан социалдык, саясий, экономикалык жана акыйдага байланыштуу көйгөйлөрдүн эң улуу шаръий чечими – мусулмандар Аллахтын шарияты менен толук өкүм жүргүзүүгө кайтуусу о.э. динди тикелеп, Ислам рисалатын дүйнөгө адилеттик, ырайым жана хидаят менен жеткирип,

мусулмандарды бириктирген түзүмдү тикелөө үчүн аракет кылуу болуп саналат.

﴿هَٰذَا بَلَاغٌ لِّلنَّاسِ وَلِيُنذَرُوا بِهِ وَلِيَعْلَمُوا أَنَّمَا هُوَ إِلَٰهٌ وَاحِدٌ وَلِيَذَّكَّرَ أُولُو الْأَلْبَابِ﴾

***«Бул** (Куран) **адамдар эскертилүүлөрү жана** (Аллах) **Жалгыз Кудай экендигин билүүлөрү, ошондой эле акыл ээлери үлгү-эскертме алуулары үчүн** (Аллах тарабынан түшүрүлгөн) **бир аят-кабар».*** (Ибрахим: 52). ❑

# ДҮЙНӨНҮН АЧКЫЧТАРЫНА ЭЭ БОЛГОН ҮММӨТ… ЖАНА КӨЗ КАРАНДЫЛЫКТЫ ӨЖӨРЛҮК МЕНЕН УЛАНТКАН БАШКАРУУЧУЛАР

**Устаз Саир Салама, Абу Малик**

Бүгүн дүйнөлүк система дайыма эле ызы-чуу менен эмес, көп учурда топтолгон жаракалардын көрүнүшүндө, Америка үстөмдүгү акырындап алсыздап бара жаткандыгынын ашкерелениши түрүндө жана кайрадан калыптандырылып жаткан дүйнөдө өзүнө орун издеп жаткан мамлекеттер менен күчтөрдүн катуу атаандаштыгы түрүндө кыйрап бара жатат. Мындай учурларда үммөттөр ээ болгон тилектери менен эмес, саясий эрки менен, ошондой эле тарыхый мүмкүнчүлүктөр жабылып кала электе аларды пайдалана билүү жөндөмү менен өлчөнөт. Бирок Ислам дүйнөсүндөгү трагедия күч-кубат элементтеринин жоктугунда эмес, ошол күчтү көрбөгөн башкаруучуларда. Эгер көрүшсө да, аны пайдаланууга батынышпайт. Мисалы, Пакистан калкынын көптүгү, аскерий салмагы жана стратегиялык жайгашуусу менен Америка кызыкчылыктарына баш ийген ортомчунун ролун аткарууга түртүлүп келүүдө, бирок ал үммөткө жана анын кызыкчылыктарына таянган лидерлик ролду өз мойнуна алышы керек эле. Мисир болсо тарыхый, саясий жана географиялык салмагына карабастан, чечүүчү учурларда Америка таасиринин бузулган жерлерин оңдоого аракет кылып келет. Тескерисинче, ал өзгөрүү учурун туура идирек кылып, көз каранды тарап келечекти кура албасын, болгону өз кожоюнунун кулашын кечеңдетерин түшүнүшү керек эле.

Ислам дүйнөсүнүн негизги өлкөлөрүнө география да, байлыктар да, элдер да, армиялар да жетиштүү. Аларга өзүнө туура баа бере алган жана бул үммөттүн тарых жаратуучу күч болууга акылуу экенине ишенген жетекчилик жетишпей турат. Ал эми бул башкаруучулар болсо көз карандылыктын айынан бузулуп, рухтары ушунчалык алсыз болуп кеткендиктен, өздөрүн болгону өкүл катары, өлкөлөрүн кызмат көрсөтүүчү аянтча катары, үммөттү болсо бошотулушу керек болгон күч эмес, көзөмөлдө кармалышы керек болгон масса катары гана көрүп калышты. Ошого карабастан, мүмкүнчүлүк колдон чыгып кеткен жок. Балким, үммөт бүгүн өзүнүн жакынкы тарыхындагы эң улуу бошонуу учурларынын биринин алдында турат. Дүйнө кайрадан калыптанууда, Америка үстөмдүгү акырындап алсыроодо, саясий боштук кеңейүүдө. Мындай шартта Ислам үммөтү үчүн кулап бара жаткан арабага сүйрөп бараткан башкаруучулардын эркине байланып кала бериши уят иш. Оору башкаруучуларда болсо, анын дабасы үммөттүн аң-сезиминде. Тактап айтканда, кыянаттын ордун ашкерелей алган, күчтүн ордун көрө алган жана өнүгүүнүн себептерине ээ болгон элдин көз каранды тарап болууга ыраазы болууга акысы жок экенин түшүнгөн аң-сезимде. ❑

# (ИЗРАИЛДИН) ӨЗӨКТҮК КУРАЛЫН АЧЫККА ЧЫГАРУУ БОЮНЧА АМЕРИКАНЫН ТАЛАБЫ… ТУУРА ЭМЕС БААЛООДОН КООПТОНУУ

(Израилдин) өзөктүк программасына байланыштуу тынчсыздануу күч алууда. Анткени ал массалык кыргын салуучу куралдар менен кол салууга дуушар болбостон өзөктүк курал колдонууга барышы мүмкүн деген кооптонуу бар. Алгачкы жолу Өкүлдөр палатасындагы бир катар демократтар АКШ президенти Дональд Трамптын администрациясын (Израилдин) расмий жарыяланбаган өзөктүк программасын ачык таанууга чакырышты. Бул кадам АКШнын ондогон жылдардан берки саясатын өзгөртүп, Демократиялык партия менен яхудий түзүмүнүн ортосундагы мамилеге кошумча чыңалуу алып келиши мүмкүн.

Марко Рубиого жолдонгон катта, “The Washington Post” алган документтин көчүрмөсүнө ылайык, Хоакин Кастро баштаган жыйырмадан ашуун мыйзам чыгаруучу Вашингтондун бул программа боюнча унчукпай келиши Тегерандагы согуш жана аскерий чыңалуунун күчөшү коркунучу шартында «актоого болбой турган көрүнүш» экенин билдиришкен.

Мыйзам чыгаруучулар мындай деп жазышкан:

«Мындай кырдаалда туура эмес баалоо, чыңалуунун күчөшү жана өзөктүк курал колдонулушу сыяктуу коркунучтар жөн гана теориялык маселе эмес. Конгресстин Жакынкы Чыгыштагы өзөктүк тең салмактуулукту, бул жаңжалдагы кайсы тарап болбосун чыңалууну күчөтүү коркунучтарын, ошондой эле администрациянын мындай сценарийлерге карата пландарын жана алдын алуу чараларын толук билүү боюнча конституциялык жоопкерчилиги бар».

Яхудий түзүмү өзүнүн өзөктүк программасын (1950-жылдардын аягынан тартып жашыруун түрдө курулганына карабастан) расмий түрдө таанылбайт жана бул куралдарды кандай шарттарда колдонору тууралуу жарыяланган эч кандай доктринасы жок.

Бул кат Демократиялык партиянын яхудий түзүмүнө карата мамилесинде өзгөрүү болуп жатканын көрсөткөн акыркы белги болуп эсептелет. Анткени Газада, Батыш Жээкте жана Ливанда яхудий түзүмүнүн карапайым жарандарды өлтүрүүсүнө болгон наразылык күчөп, ошондой эле Вашингтондо Иранга каршы согушка колдоо топтоо боюнча анын тынымсыз аракеттерине каршы сындар көбөйүүдө.

Жереми Шапиро демократтардын ачык-айкындуулукка умтулуусу партиянын яхудий түзүмүнө карата позициясын тереңирээк кайра карап чыгуусун чагылдырарын айтты.

Чалгындоо маселелерин талкуулоо үчүн аты-жөнүн жашыруун калтыруу шарты менен сүйлөгөн Трамп администрациясынын айрым кызматкерлери да өзөктүк чыңалуунун күчөшү мүмкүн экенине

тынчсызданыуусун билдиришип, яхудий түзүмүнүн «кызыл сызыктары» жетиштүү деңгээлде түшүнүлбөй жатканын белгилешти.

АКШ администрациясынын бир өкүлү мындай деди:

«Яхудий түзүмүнүн өзөктүк программасына жана аны массалык кыргын салуучу куралдар менен чабуулга кабылганга чейин эле өзөктүк курал колдонууга баруусу мүмкүн экенине байланыштуу тынчсыздануу өсүүдө». Ал ошондой эле яхудий түзүмү жарандык жоготуулар өтө көп болгон кырдаалда өзөктүк жооп кайтарууга барабы деген маселе «үзгүлтүксүз талкууланып жатканын» кошумчалады.

**Ал-Ваъй:**

Аллах Таала айтат:

﴿بَلْ مَتَّعْنَا هَؤُلَاءِ وَآبَاءَهُمْ حَتَّى طَالَ عَلَيْهِمُ الْعُمُرُ ۗ أَفَلَا يَرَوْنَ أَنَّا نَأْتِي الْأَرْضَ نَنقُصُهَا مِنْ أَطْرَافِهَا ۚ أَفَهُمُ الْغَالِبُونَ﴾

***“Жок, Биз аларды*** *(каапырларды)* ***жана ата-бабаларын*** *(дүнүйө байлыктарына ушунчалык)* ***карк кылгандыктан ал тургай аларга өмүр-жашоо түбөлүк (көрүнүп, бир күн келип бул жашоо түгөнөрүнө ишенбей да коюшту жана Алланын азабын да танып жиберишти). Акыры алар Биз Жерди ар тарабынан кысымга алып келе жатканыбызды*** *(бара-бара көбүрөөк кишилер Исламга кирип, каапырлык дүйнөсү тарып бара жатканын)* ***көрүшпөйбү?! Дал ошо жеңишке ээ болушабы?!*** *(Жок, алар женилгендер. Алланын динине ыйман келтирген заттар гана үстөмдүк кылуучулар)”***.** (Анбия: 44). ❑